# МУНИЦИПАЛИТЕТ

ИЛИМИЙ-ПОПУЛЯРДУУ ЖУРНАЛ | ОКТЯБРЬ 2017 | № 10 (71) чыгарылышы

Муниципалитет – бул аймактын, ал жерде жашаган калктын жана ЖӨБ органдарынын үчилтиги

БУЛ САНДА:


**Көңүл чордонунда**

Жергиликтүү демилге башкаруу саясатынын натыйжалуулугун өлчөйт. Социалдык чөйрөгө болгон кызыгуунун өсүшү уланууда ........ 2

Жеңүүчүлөр ........ 6

**Жаштар өзгөрүүлөрдүн максаты жана күчү катары**

Жаштар ишке киришкенде, айылда спорт зал ачылат ........ 8

Жаштар активисттерди бириктирип, коомдук башкаруу системасын түзүштү ........ 9

Балдарды коргоо күнүн формалдуу майрамдоонун ордуна инновациялык жармаңке ........ 11

"Ынтымак" балдардын маданий өнүгүүсү үчүн шарттарды түзүүдө ........ 13

Айылдагы коомдук транспорт үчүн аялдамалар – адамдар үчүн камкордук ........ 14

Эски клубдун ордуна жаңы спорт комплекси ........ 16

Жаштар айылды жарыктандырууда ........ 17

Чөптүн жардамы менен каада-салттарды аткарууну жеңилдетип, дарыянын жээгин бекемдесе болот ........ 19

**Мектепке чейин жана мектепте билим берүү үчүн шарттар**

Жылуу мектеп жана бала бакча жаштар борборун өнүктүрүүгө шыктандырат ........ 21

Беш аялдын күчү бала бакча ачууга жетет ........ 23

Ашкана – бала бакчадагы өтө маанилүү объект ........ 24

Бала бакчаны ачып, жабдууларды алып берип, тегерегин тосуп чыгышты ........ 25

Биздин балдар ыңгайлуу бала бакчага татыктуу ........ 26

Мектеп ремонттолду, алдыда жаңы тапшырмалар турат ........ 28

Токсон наристе бала бакчага барышты ........ 29

Мыкты бала бакча – бул максатка жетүүгө болот ........ 31

"Нур-Бакча" МЧМ балдарга камкордукту өзүнө алды ........ 32

Жаңы бала бакча менен жашоонун көркү чыга түштү ........ 33

Айшанын өз бала бакчасы бар ........ 35

**Жарандардын ЖӨБго катышуусу**

Айылдагы мыкты көчөлөр ЖӨБдөн сыйлык алышат ........ 37

Жамааттар кантип жолдордун ремонту, электр менен жабдуу жана атүгүл .... жердин жоктугу өңдүү маселелерди чечип жатат ........ 38

Жергиликтүү бюджеттеги чектөөлөрдү жалпы аракеттер менен жеңебиз ........ 40

**Жергиликтүү кеңештер – айылды өнүктүрүү лидерлери**

Жергиликтүү кеңеш браконьерлик жана аракечтик менен кантип күрөшө алат ........ 41

**Айылдын экологиясы**

Жашыл айыл – бул жөн эле коoздук эмес, ошону менен бирге ден соолук дагы ........ 42

**Сугат суу**

Айдоочулар менен дыйкандар ортосундагы жаңжалды кантип жөнгө салууга болот ........ 44



Негиздөөчү жана басып чыгаруучу
***Өнүктүрүү саясат институту (ӨСИ)***

Башкы редактор, ӨСИ башкаруучу төрайымы
***Надежда Добрецова***

Аткаруучу редактор
***Лариса Ли***

Кыргыз тилиндеги котормонун редактору
***Нургүл Жаманкулова***
Дизайн жана жасалгалоо
***Адиль Абдраимов***
Кыргыз тилине которгон
***Зейнеп Алтымышова***
Журнал автордук макалаларды кабыл алат жана муниципалитеттерге даректелген акысыз жарнактарды жайгаштырат.
**Журнал акысыз таркатылат,** бирок ӨСИ акы төлөп жазылууну уюштуруу укугуна ээ.
Журналдагы макалалар басып чыгаруучу тараптын жана анын өнөктөштөрүнүн көз карашын сөзсүз эле чагылдырбайт.
Макаланын мазмуну үчүн жоопкерчилик авторлорго жүктөлөт.
**Бардык суроолор боюнча төмөнкү даректер аркылуу кайрылыңыздар:**
**почта** – Кыргыз Республикасы, 720001, Бишкек ш., Үмөталиев көч., 108, Өнүктүрүү саясат институту, «Муниципалитет» журналынын редакциясы;
**электрондук** – office@dpi.kg nadya.dobretsova@gmail.com

**Телефондор:** (0312) 97-65-30 (31,32,33,34)
**Факс:** (0312) 97-65-29

Журналда Өнүктүрүү саясат институтунун кызматкерлери тарткан жана Интернеттен алынган сүрөттөр пайдаланылды.

Массалык маалымат каражаттарын каттоо жөнүндө күбөлүктүн каттоо номери 1785.

**ISBN 1694-7053**




# Жергиликтүү демилге башкаруу саясатынын натыйжалуулугун өлчөйт. Социалдык чөйрөгө болгон кызыгуунун өсүшү уланууда

**Сабина ГРАДВАЛЬ,**
ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун жетекчисинин орун басары

Өнүктүрүү саясат институту ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун алкагында жергиликтүү жамааттарда турмуш шартын жакшыртуу жана социалдык өнүгүү боюнча жергиликтүү, элдик демилгелердин белгилери тууралуу маалыматтарды чогултуп, жалпылаштыруу боюнча көп жылдык практикасын улантып келатат. Швейцария Өкмөтүнүн колдоосу менен ЭҮЖӨБОЖ Долбоору мындай демилгенин үлгү болчу мисалдарына дем берүүгө мүмкүнчүлүгү бар. Бирок дагы бир маанилүү жагы – долбоордун ресурстары Кыргыз Республикасынын коомунда жана башкаруу системасында болуп жаткан өзгөрүүлөрдү чагылдырган тенденцияларды көз жаздымда калтырбастан маалыматтарды чогултуп, талдоого жол берет.

Эмне үчүн биз жергиликтүү демилге бийликтин жана коомдун өнүгүүсүн, ошондой эле бийлик менен коомдун өз ара мамилелеринин өнүгүүсүн чагылдырат деп ишенимдүү түрдө ырастап жатабыз? Себеби дал ушул жергиликтүү демилге жарандардын жараткыч энергиясы кайсы багытта баратканын көрсөтүп турат – ал жарандар артыкчылыктуу деп эсептеген жана бийлик ийнине жеткире жасай албай жаткан багытка умтулат. Анан башкача кандай болмок эле? Жарандарды кайсы бир маселелер тынчсыздандырып жатса жана аны өздөрү көрүп турса, бирок аларды бийлик чечпей жатса, анда жарандар мындай маселелерди өз күчү менен чечүүгө аракет жасашат. Мына ушул нерсе жергиликтүү демилге болот. Ошондуктан жергиликтүү демилгенин тематикалык багытындагы өзгөрүү динамикасын изилдөө менен, кайсы жерде жалпысынан бийлик жана аны менен катар




жергиликтүү өз алдынча башкаруу толук иш алып бара албай жатканын, жарандарды биринчи кезекте кайсы көйгөйлөр тынчсыздандыраарын аныктоого болот.

Анализди жөнөкөйлөштүрүп жана тенденцияларды дагы да жакшыраак түшүнүү үчүн 2016-жылы ӨСИ жана ЭҮЖӨБОЖ Долбоору жергиликтүү демилгенин мисалдарынын төрт категориясын киргизген.

“Базалык инфраструктура” категориясы жамааттардын физикалык жашоосун камсыздаган инфраструктуранын курулушуна, калыбына келтирүүгө же анын элементтеринин ремонтуна байланыштуу демилгелерди камтыйт. Буга ичүүчү суу, жолдор жана көпүрөлөр, көчөлөрдү жарыктандыруу, муниципалдык транспорт, катуу тиричилик калдыктарын (таштандыларды) жыйноо жана чыгаруу боюнча долбоорлор кошулган. Мындай демилгелерди көтөрүп чыккан жамааттар жашоо, коопсуздук үчүн жок дегенде минималдуу шарттарды түзүү менен алек болушат. 1990-жылдардын этегинде жана 2000-жылдардын башында Кыргызстандын айылдарындагы коомдук турмушта ушундай демилгелер басымдуулук кылганын белгилей кетүү зарыл. Себеби СССРден мураска калган базалык инфраструктура мамлекеттик каржылоонун жоктугунан улам эскирип, жок боло баштаган. Мамлекет жамааттарды унутта калтырып, алар өз арабасын өздөрү тартып, желкесин тырмап, маселелерди өз күчү менен чечүүдөн башка аргасы калган эмес. Албетте маселелер жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана эл аралык өнүгүү боюнча донордук долбоорлордун катышуусу менен чечилген. 2017-жылы базалык инфраструктураны жакшыртууга багытталган жергиликтүү демилгелердин мисалдарынын үлүшү азайды. Бул категориядагы демилгелердин жалпы саны төрт жылда 12 пайызга төмөндөдү.

“Жергиликтүү экономикалык өнүгүү (мындан ары – ЖЭӨ) жана айыл чарбасы” категориясы өзүнө жумушчу орундарды түзүүгө жана негизинен агрардык бизнести өнүктүрүүгө багытталган демилгелердин мисалдарын камтыйт. Мындай демилгелер агрардык тармак экономиканын негизги реалдуу тармагы болгон элеттик жамааттар үчүн мүнөздүү болуп саналат. Анткен менен алардын аз санда болгону жалпысынан бизнес мамлекеттин колдоосу менен өнүгүү үчүн шарттарды түзүү ишин колго алганынан, дал ошондуктан жамааттарда элеттик турмуштун башка өңүттөрүнө көңүл буруууга мүмкүнчүлүгү бар болгонунан кабар берет. 2016-жылга салыштырмалуу мындай демилгелердин үлүшү эки эсе өстү, бирок жалпы көлөмү менен алганда анчалык көп эмес – болгону 8 пайыз болду.

“Көрктөндүрүү” категориясы өзүнө сейил бактарды, аллеяларды, эстеликтерди, коомдук транспорт үчүн аялдамаларды, айрым административдик имараттарды көрктөндүрүү мисалдарын камтыйт. Бул объекттер да инфраструктуранын элементтери болуп саналат, бирок алар жашоо үчүн сөзсүз керек деген мүнөздө эмес. Чындыгында ичүүчү сууга жеткиликтүүлүк маселеси көңүл чордонунда турган чакта аллеясыз жана эстеликтерсиз деле жашаса болот. Мындай категориядагы мисалдардын санынын өсүшү жергиликтүү жамааттар инфраструктуранын базалык кызмат көрсөтүүлөрүнө жеткиликтүүлүккө гана эмес, муниципалитеттин тышкы көрүнүшү, маданий жана социалдык абалы тууралуу да кам көрүп жатканынан кабар берет. 2016-жылга салыштырмалуу мындай мисалдар аз болду, бирок алар бар.

“Социалдык чөйрө” категориясы өзүнө физикалык жашоо үчүн зарыл болбой калган социалдык же материалдык эмес көйгөйлөрдү чечүүгө багытталган демилгелердин мисалдарын камтыйт. Бирок алар жергиликтүү жамааттардын социалдык өнүгүүсү бар болгонун тастыктап турат. Бул категорияга жергиликтүү жамааттар маданиятты жана спортту өнүктүрүү үчүн шарттарды түзүү; мектепке чейин жана мектепте билим берүү үчүн шарттарды жакшыртуу боюнча демилгелерди көтөрүп чыккан окуялар кирди. Жалпысынан бул категориядагы демилгелердин саны төрт жылда 23 пайызга өсүп, 2017-жылы басымдуулук кылды – 64 пайыз болду. Эгерде элестүү айта турган болсок, “социалдык тема” инфраструктураны биротоло жеңип алды.

2017-жылы жасалган анализдин жыйынтыктары 1-диаграммада жана 1-таблицада берилди. Мындан



улам бир тыянакты жасоого болот – акыркы төрт жылдан бери (2013-2017-ж.ж.) жарандардын социалдык чөйрөнү өнүктүрүүгө кызыгуусу арткан туруктуу тенденция сактала берүүдө. 2016-жылдагы маалыматтардын негизинде жасалган тыянак 2017-жыл үчүн да актуалдуулугун сактап кала берди: Кыргыз Республикасындагы элеттик жамааттар физикалык жашоо баскычынан өнүгүүгө өтүштү жана бул биринчи кезекте жарандардын өздөрүнүн аракетинин эсебинен болду. Муну базалык инфраструктураны өнүктүрүү боюнча долбоорлордун ордуна социалдык чөйрөнү өнүктүрүүгө багытталган демилгелердин саны туруктуу өсүп жатканын далилдеп турат. Себеби базалык инфраструктурага байланышкан демилгелердин саны пропорционалдуу түрдө азаюуда. Бул позитивдүү факт. Анткен менен эгерде медалдын экинчи бетин карай турган болсок, “майды ириткен кумалакты” же жергиликтүү демилге мамлекеттик бийлик менен жергиликтүү өз алдынча башкаруунун короосуна ыргыткан ташты да көрүүгө болот. Жергиликтүү жамааттардын социалдык чөйрөнү өнүктүргөн тенденциясы бул багытта бийлик көргөн аракеттер бир кыйла эле жетишсиз болгонунан кабар берип турат. Биринчи кезекте социалдык өнүгүүнү колго алалбай жаткан жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына доомат арткың келет. Бирок мисалдарга дагы да кунт коюп карай келсек, ЖӨБ органдары жарандардын социалдык керектөөлөрүн каржылоого алы жетпей турганын, себеби ресурстар чектелүү болгондуктан алар базалык инфраструктураны колдоону жана өнүктүрүүнү – ичүүчү суу жана таштанды чыгаруу өңдүү жергиликтүү маанидеги маанилүү маселелерди араң эптеп жатканын түшүнсө болот. Ошентип “социалдык темага” акча да, убакыт да жетпей калууда. Бул болсо көбүрөөк ЖӨБ органдарына эмес, мамлекетке берилген белги. Себеби мамлекеттик жана жергиликтүү бюджеттер ортосундагы кирешелерди бөлүштүрүү мамлекеттен көз каранды. Демек азыркы кырдаалда, 2017-жылы жергиликтүү бюджеттерге бөлүштүрүлгөн улуттук кирешелер жергиликтүү жамааттардын толук кандуу социалдык өнүгүүсү үчүн жетишсиз болуп жатат. Ал эми алардын социалдык өнүгүүсүнүн деңгээлинен өтө көп нерсе көз каранды – балдардын ден соолугунан жана билим деңгээлинен баштап, социалдык биримдик жана элдин экстремизмге туруктуулугу, биз жашап жаткан мезгилдеги башка чакырыктарга чейин.

Ошон үчүн бир караганда кичинекейдей көрүнгөн жергиликтүү демилгенин маселесинин артында мамлекеттик саясаттын натыйжалуулугунун өлчөнүүсү жатат.

***1-таблица. Жергиликтүү демилгелердин мисалдарынын тематикалык багыттуулугу, жыл ичинде түшкөн өтүнмөлөрдүн саны***

| | 2012-ж. | 2013-ж. | 2014-ж. | 2016-ж. | 2017-ж. |
|---|---|---|---|---|---|
| **Базалык инфраструктура, анын ичинде:** | **10** | **17** | **26** | **24** | **16** |
| ичүүчү суу | 2 | 5 | 4 | 9 | 2 |
| жолдор жана көпүрөлөр | 3 | 7 | 19 | 7 | 6 |
| көчөлөрдү жарыктандыруу | 3 | 4 | 1 | 3 | 3 |
| катуу тиричилик калдыктарын (таштанды) жыйноо жана чыгаруу | 2 | | 2 | 5 | 5 |
| муниципалдык транспорт | | 1 | | | |
| **Жергиликтүү экономикалык өнүгүү жана айыл чарбасы, анын ичинде:** | **7** | **10** | **5** | **3** | **5** |
| жайыттар | 1 | | | | |
| сугат суу | | 3 | 3 | 3 | 2 |
| ЖЭӨ | 6 | 7 | 2 | | 3 |
| **Көрктөндүрүү, анын ичинде:** | **0** | **0** | **3** | **11** | **2** |
| сейил бактарды, аллеяларды, эстеликтерди, коомдук транспорт үчүн аялдамаларды, административдик имараттарды көрктөндүрүү | | | 3 | 11 | 2 |
| **Социалдык чөйрө, анын ичинде:** | **14** | **19** | **40** | **45** | **41** |
| майыптуулугу бар адамдар жана кары жарандар үчүн социалдык кызмат көрсөтүүлөр | 3 | 3 | 7 | 6 | 2 |
| маданият | | 1 | 2 | | 2 |
| спорт | 1 | 2 | 4 | 10 | 2 |
| мектепке чейин билим берүү үчүн шарттар | 3 | 7 | 13 | 9 | 17 |
| мектепте билим берүү үчүн шарттар | | | 6 | 8 | 6 |
| укук тартиби | | | | 2 | |
| жаштардын бош убактысын өткөрүүсү | | 1 | | 2 | 5 |
| китепканалар | 1 | 1 | | | 1 |
| ден соолукту чыңдоо үчүн шарттар | 1 | 2 | 4 | | 2 |
| жарандык катышуу жана маалымат менен алмашуу | 5 | 2 | 4 | 8 | 4 |
| **Жылдар боюнча жалпы өтүнмөлөр:** | **31** | **46** | **74** | **83** | **64** |
| **Беш жыл ичинде жалпы өтүнмөлөр:** | | | | | **298** |

Дагы бир нерсе бар. “Муниципалитет” журналынын “Жергиликтүү демилге – 2017” конкурсунун жеңүүчүлөрүнүн жана байге ээлеринин окуялары жарыяланган ушул атайын чыгарылышында салттуу болуп калгандай мисалдарды демилгелердин предметине жараша түрмөктөргө бөлүүдөн жарым-жартылай баш тартуу тууралуу чечим кабыл алынды. Албетте “Мектепте жана мектепке чейин билим берүү үчүн шарттар” жана “Жарандардын ЖӨБго катышуусу” өңдүү предметтик түрмөктөр өзгөрүүсүз калды. Бирок айрым түрмөктөр башкы таасир этүүчү жактын, жергиликтүү демилгелердин генераторунун белгилери боюнча түзүлдү. Мунун эки себеби бар.

Биринчиси – улам барган сайын элеттик жамаатта өзгөрүүлөрдүн генераторуна айланган жаштар. Алар жаш курактык өнүгүүгө байланышкан типтүү суроолор үчүн гана эмес, ошону менен бирге дарыялардын жээктерин бекемдөө же көчөлөрдү жарыктандыруу өңдүү “чоңдордун” иши үчүн да өзүнө жоопкерчилик алышууда. Төмөндө жамаат үчүн маанилүү болгон түрдүү маселелер боюнча жаштар көтөрүп чыккан жергиликтүү демилгелердин сегиз мисалы келтирилди. Бул маселелердин ичинде салттуу түрдө спорт жана балдар бар. Бирок жаштар башкарууга инновацияларды киргизе алууга, технологияларды жигердүү колдонууга жөндөмдүү болгонун тастыктаган таптакыр жаңы окуялар да пайда болду. Мисалы, Александровка айылдык аймагында жаштар Вотсап аркылуу коомдук башкаруу түйүнүн түзүү демилгесин көтөрүшкөн; Ивановка айылдык аймагында жаштар зериктирме, бир түрдүү өтүп келген Балдарды коргоо күнүн инновациялык жармаңкеге айландырууну чечишти; Учкун айылдык аймагында жаштар кадимки чөптүн таңгагын социалдык коммуникация жана жамааттарды бириктирүү каражатына айландыра алышты. Жаштардын мындай активдүүлүгү жана инновацияга жакындыгы бул мисалдарды өзүнчө түрмөккө алып чыгууну талап кылды.

Өзүнчө түрмөктү пайда кылган экинчи себеп – Байзак айылдык аймагында байкалган жергиликтүү кеңештин активдүүлүгү. Байзак айылдык кеңеши жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органы тарабынан жергиликтүү өнүгүү маселелерин башкарууга комплекстүү жана жигердүү мамилени көрсөтө алды жана муну жарандар колдоп кетишти. Негизи айрым депутаттардын активдүүлүгүн көрсөткөн мисалдар көп эле кездешет, ал эми жалпы кеңештин активдүүлүгү өңдүү маселе – сейрек көрүнүш. Ошондуктан журналда “Жергиликтүү кеңештер – айылды өнүктүрүүдө лидерлер” деген түрмөк пайда болду. Бул түрмөктө бир гана окуя болгону менен, түрмөктүн аталышында кеңештер деп көптүк санда берилгени кокусунан болгон жок. Бул – билдирүү, калган кеңештерге кулак кагыш, өз айылыңыздын жана жамаатыңыздын өнүгүүсүндө лидер болгула деген чакырык.



Мына ошондо жергиликтүү демилге башка чөйрөгө көчөт, балким маданиятка же биз азырынча атүгүл элестете албай жаткан башка нерсеге да көңүл бурат. Бул демек башка артыкчылыктар ордуна келгендиктен бийлик жамааттардын социалдык өнүгүүгө болгон керектөөлөрүн дагы да жакшыраак канааттандыра баштады дегенди билдирет.

Башкаруу органдары бир нерсени эстей жүргөнү маанилүү: жергиликтүү демилге – бул мамлекеттик саясаттын натыйжалуулугун өлчөө гана эмес, бул ошондой эле саясатты ишке ашыруунун жана аларды апробациялоонун аспаптарын аныктоодо жүйө болуп берет. Дээрлик ар бир мисал, өзгөчө социалдык чөйрөдөгү демилгелердин мисалдары көрсөткөндөй, жергиликтүү активисттер, жарандык коом уюмдары адатта жамааттардын реалдуу керектөөлөрүн жакшыраак билишет жана мындай керектөөлөрдү канааттандыруу боюнча идеяларды сунуштай алышат. Конкурстун тарыхы көрсөткөндөй, алар жергиликтүү бюджет тарабынан финансылык колдоо чакан болсо да, долбоорлорду мыкты ишке ашыра алышат. Конкурстун уюштуруучуларынын баамында, бул ЖӨБ деңгээлинде социалдык заказ системасын өнүктүрүү зарылчылыгынын тикелей далили болуп эсептелет. **М**

***1-диаграмма. Жергиликтүү демилгелердин тематикалык түзүмүндөгү өзгөрүүлөр динамикасы, жыл ичинде түшкөн өтүнмөлөрдүн жалпы санына карата пайыздар менен***



# Швейцариянын өнүктүрүү жана кызматташтык агенттиги каржылаган жана Өнүктүрүү саясат институту аткарган ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун алкагында "Жергиликтүү демилге" конкурсунун жеңүүчүлөрүн тандап алуу боюнча конкурстук комиссиянын ЧЕЧИМИ

**Бишкек ш., 2017-жылдын 20-октябры**

## Конкурстук комиссиянын курамы:

- ИСАЛИЕВА В. А.КР Өкмөтүнө караштуу ЖӨБЭММАнын уюштуруу иштери, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына методикалык жана маалыматтык колдоо көрсөтүү башкармалыгынын жетекчиси,
- ГАЙБУЛИНА Р. М., "Ачык-айкын бюджет үчүн" Альянсынын директору,
- САБЫР кызы Гүлзада, Өнүгүү демилгелер агенттигинин координатору,
- МУСАЕВА А., Долбоордун өкүлү,
- ИСМАИЛОВ А. К. Өнүктүрүү саясат институтунун өкүлү,

пилоттук аймактардын укуктуу катышуучуларынан түшкөн 64 өтүнмөнүн ар бирин карап чыгып жана баалап, төмөнкүлөрдү

## ЧЕЧТИ:

***"Жергиликтүү демилге" конкурсунун жеңүүчүлөрү деп төмөнкү өтүнмөлөр таанылсын:***

- 1-орун – "Балдар – биздин келечегибиз", өтүнмөнүн ээси Телегей БОСТОНБАЕВА, "Султанмурат" бала бакчасынын башчысы, Кара-Суу айылдык аймагы, Ош облусунун Кара-Суу району, 150 000 сом суммасында байгеге ээ болду.
- 2-орун – "Ички сугат суу үчүн дамбанын курулушу", өтүнмөнүн ээси Мирбек КАРАБАЛАЕВ – айылдык кеңештин депутаты, Учкун айылдык аймагы, Нарын облусунун Нарын району, 100 000 сом суммасында байгеге ээ болду.
- 3-орун – "Жаштардын биримдиги – Александровка айылынын өнүгүүсү жана келечеги", өтүнмөнүн ээси –Абдулла ШАРИПОВ, Александровка айылдык аймагы, Чүй облусунун Москва району, 70 000 сом суммасында байгеге ээ болду.

**Төмөнкү 15 өтүнмөгө 25 000 сом көлөмүндө шыктандыруучу байге берилсин:**

- "Спорт – ден соолуктун булагы", Кызыл-Туу АА, Чүй облусунун Сокулук району;
- "Билим берүү чөйрөсүндөгү шарттарды жакшыртуу", Ак-Чий АА, Нарын облусунун Ак-Талаа району;
- "Жийде-Булак" бала бакчасы", Көк-Жар АА, Ош облусунун Ноокат району;
- "Дени сак жаштар – дени сак улут!", Ак-Башат АА, Чүй облусунун Жайыл району;
- "Үй-бүлө – коом менен бириктирген көпүрө", Шарк АА, Ош облусунун Кара-Суу району;
- "Жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүдө калкка жардам берүү", Кара-Суу АА, Нарын облусунун Кочкор району;
- "Большевик айылында бала бакча ачуу демилгеси", Ак-Жар АА, Ош облусунун Өзгөн району;
- "Балдарды коргоо күнүнө карата жарманке өткөрүү", Ивановка АА, Чүй облусунун Ысык-Ата району;
- "Балдар биздин келечегибиз", Узун-Кыр АА, Чүй облусунун Ысык-Ата району;
- "Бардыгы балдар үчүн", Кочкорбаев АА, Чүй облусунун Ысык-Ата району,
- "Маданият өнүккөн жерде өсүш болот", Ак-Муз АА, Нарын облусунун Ат-Башы району;
- "Семиз-Бел АА жаштарынын демилгеси", Семиз-Бел АА, Нарын облусунун Кочкор району;
- "Айылдагы аялдамалар – калктын коопсуздугу", Күн-Туу АА, Чүй облусунун Сокулук району;
- "Асбест трубаларынан көпүрөлөр", Фрунзе АА, Чүй облусунун Панфилов району;
- ««Телегей плюс» бала бакчасы», Юрьевка АА, Чүй облусунун Ысык-Ата району.



**Төмөнкү 7 өтүнмөнү белгилеп, 10 000 сом көлөмүндө шыктандыруучу байге ыйгарылсын:**

- ««Абад дала» жамаатынын иш тажрыйбасы», Гүлистан АА, Ош облусунун Ноокат району;
- "Балдардын коопсуздугун камсыздоо – бул биздин милдет", Бурана АА, Чүй облусунун Чүй району;
- «Ак-Тал айылындагы «Ак-Тал» бала бакчасынын ашканасынын ремонту», Ак-Тал АА, Нарын облусунун Ак-Талаа району;
- "Биз баарыбыз – келечекпиз", Мирмахмудов АА, Ош облусунун Ноокат району;
- "Жашыл айыл – бул дени сак муун", Гроздь АА, Чүй облусунун Аламүдүн району;
- "Маданиятты өнүктүрүү үчүн шарттарды түзүү", Кочкор АА, Нарын облусунун Кочкор району;
- "Элеттин өнүгүүсү үчүн айылдык кеңештин таасирин арттыруу", Байзак АА, Нарын облусунун Жумгал району.

Ушул Протоколго бардык тараптар кол койгондон кийин үч күндүн ичинде Долбоордун сайтындагы "Жаңылыктар" бөлүмүндө жана "Муниципалитет" журналында конкурстун жыйынтыктарын жарыялоо Швейцариянын өнүктүрүү жана кызматташтык агенттиги каржылаган "Элдин үнү жана ЖӨБ органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс" Долбооруна тапшырылсын.

Жеңүүчүлөргө жазуу түрүндө маалымдоо жана байге фондун колдонуу боюнча сүйлөшүүлөрдү жүргүзүү Швейцариянын өнүктүрүү жана кызматташтык агенттиги каржылаган "Элдин үнү жана ЖӨБ органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс" Долбооруна тапшырылсын.

Конкурстун шарттарына ылайык байгелердин суммасына материалдык-техникалык каражаттарды сатып алуу Швейцариянын өнүктүрүү жана кызматташтык агенттиги каржылаган "Элдин үнү жана ЖӨБ органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс" Долбооруна тапшырылсын.

## Комиссия мүчөлөрүнүн кол тамгалары:

Комиссиянын төрайымы:
**А. Мусаева**

Комиссиянын мүчөлөрү:
**В. А. Исалиева,**
**Р. М. Гайбулина,**
**Сабыр кызы Гүлзада,**
**А.К. Исмаилов**

М

# Жаштар ишке киришкенде айылда спорт зал ачылат

**Ак-Башат АА, Чүй облусу**




Ак-Башат айылдык аймагында жакынкы убакытка чейин жаштардын спорт менен алектенүүсү үчүн шарттар болгон эмес. Окуучуларда дене тарбия сабактарында спорт менен алектенүүгө, окуу жайга караштуу спорттук секцияларга катышууга мүмкүнчүлүгү бар. Алар машыгууларга барып турушат, таймаштарга катышат. Бирок мектепти бүткөндөн кийин мындай мүмкүнчүлүк жоголот, себеби айылда бир дагы спорт зал жок, мектепти аяктагандан кийин дене тарбия жана спорт менен алектенчү жай жок. Жакын деген машыктыруучу зал 15 километр аралыкта – Кара-Балта шаарында гана бар. Мындай аралыкка машине менен жетүү мүмкүнчүлүгү болбогондор короолорунда спорт менен алектенү үчүн колго жасалган материалдардан аянтчаларды жасамыш болушат.

Ак-Башат аймагынын Ново-Николаевка айылында жалпысынан сегиз миң киши жашайт жана айылдык чогулуштарда талкуу маалында бул маселе бир нече жолу артыкчылыктуу катары табылган. Бирок жаштар билек түрө киришкенге чейин бул көйгөй ордунан козголгон да эмес.

Биринчи кезекте комитет уюштурушуп, ага Жайыл Баатырдын ысымын ыйгарышты. Комитеттин ишинин биринчи пункту спорт залды уюштуруу болуп калды. Көлөмү жагынан туура келген – 6х20 метр болгон имарат табылды. Ошол маалда имараттын абалы өтө начар эле – дубалдар гана турган, шып да, чатыры да жок болчу. Бирок башка варианттар табылбагандыктан балдар үч жылдын ичинде өз каражаттарынын эсебинен чатырды жаап, шыпты штукатуркалап, полду жаап, жуунучу бөлмөгө тосмо орнотуп, суу түтүгү үчүн скважина өткөрүп, колонка орнотушту.

Мамлекеттик органдар менен талаш-тартыш болбосун деп, имаратты турак жайдан турак эмес жайга өзгөртүштү. Андан соң калган жумуштарга каражат чогултуу максатында марафон уюштуруп, аны жергиликтүү калк арасында өткөрүштү. Бул иш-чарага айылдын дээрлик бардык тургундары, Ак-Башат айыл өкмөтүнүн башчысы, Жайыл районунун акиминин орун басары, жергиликтүү кеңештин депутаттары катышты.

Натыйжада 24 000 сом чогултушуп, бул акчага эшикке жана терезелерге темир тор орнотуп, имараттын ичинде жеңил ремонт жасашты – дубалдарды актап, бардык жыгачтын беттерин сырдап чыгышты.

Зарыл болгон спорттук жабдууларды сатып алуу үчүн жаштар комитетинин мүчөлөрү Ак-Башат айылдык кеңешинин депутаттарына кайрылышты. Депутаттар жергиликтүү бюджеттен 540 миң сом бөлүп беришти. Ошентип өткөн жылы спорт залында көп функционалдуу машыктыргычтар, штангалар, гантелдер, мушкерлер үчүн соккучтар жана мээлейлер, күрөшүү үчүн килемдер, веломашыктыргычтар пайда болду.

Бүгүнкү күндө элеттик жаштар бокс, күрөш, оор атлетика, бодибилдинг менен алектенет. Мындан тышкары чакан спорт зал курдаштар үчүн да, улуу муундун өкүлдөрү үчүн да баарлашуучу жайга айланды. Айыл көп улуттуу болуп саналат, бул жерде түрдүү элдердин жана маданияттардын өкүлдөрү ынтымактуу жашап келишет. Жалпы спорттук кызыкчылыктар элеттиктер ортосундагы жакшы мамилелерди бекемдейт деген ишеним бар.

Ошентсе да жаштар демилгесинин негизги жыйынтыгы – бул жаштардын бош убактысын пайдалуу өткөрүүнү уюштуруу, сергек жашоо образына үйрөтүү болду. Көптөгөн балдар тамекини таштап, спирт ичимдиктерине жолобой калышты. Дени сак болуу модага айланды. Дени сак жаштар – бул дени сак муун жана алардын балдарынын ден соолугу да бекем болот, бул демек коом да сергек болот дегенди билдирет. Анткени машыктыруучу залда үзгүлтүксүз машыгуулар адамды оор жүккө чыдамдуу кылат, муну менен калктын эмгекке жарамдуулугу артат, бул болсо кайсы бир деңгээлде биздин аймактын экономикалык өсүшүнө да көмөктөшөт.

Учурда спорт залга 16 жаштан 35 жашка чейин жаштар (100гө жакын адам), алардын үй-бүлө мүчөлөрү – аялдары, ата-энелери, балдары үзгүлтүксүз келип турушат. Башкача айтканда, дээрлик миңге жакын элеттик дене тарбиясы жана

спорт менен алектенүүгө мүмкүнчүлүк алышты. Тартип коргоо органдарынын өкүлдөрү белгилегендей, айылда укук бузуулар да дээрлик токтоп калды. Себеби жаштар бош убактысын пайдалуу өткөргөндү үйрөнүп алышты, ал эми спорт жарандык жоопкерчилик сезимин күчөттү.

Ново-Николаевканын жаштары көтөрүлгөн демилге жана спорт залын уюштуруу боюнча жасалган иштер үчүн жаштар комитетинин активисттерине бир нече жолу ыраазычылыгын билдиришти. Активисттер муну менен кайсы бир көйгөйдү чечүү үчүн кимдир бирөөдөн жардам күтпөстөн, жоопкерчиликти өз мойнуна алса, ар бир маселени чечсе болоорун далилдей алышты.

Бирок бардык көйгөйлөр чечилген жери жок. Азыр жылуулук системасын орнотууга каражатты багыттоо зарыл. Себеби залда жылуулук болбогондуктан кыш маалында бул жерде машыгуулар токтойт. Мындан тышкары жуунучу жай да жок, ал эми бул болсо гигиенанын талаптарына каршы келет, себеби машыккандан кийин ар бир адам чайканып алышы керек.

Узак мөөнөттүү пландарда – тегерек четтеги аймакты көрктөндүрүү, таманташ төшөп, имараттын алдында бастырма орнотуу.

**Атыркуль ДЖУМАБАЕВА,**
Ак-Башат айыл өкмөтүнүн
башчысынын орун басары

# Жаштар активисттерди бириктирип, коомдук башкаруу системасын түзүштү

**Александровка АА, Чүй облусу**



Өткөн жылдын этегинде Александровка айылдык аймагынын территориясында түрдүү жаш курактагы топтордун (18-35 жаш; 26-55 жаш; 56 жаштагылар жана андан улуулар) жана өзүнчө аялдар тобунун катышуусу менен төрт ЖМБА-сессиясы өткөрүлдү. Адамдар аймактын үч айылындагы жашоону талкуулашып, эң курч көйгөйлөрдү аныктап чыгышты. Бул жолугушуулардын жыйынтыгы боюнча Александровка айылдык кеңешинин токтому чыгып, ага ылайык “2017-жылга жергиликтүү жамааттын жана ЖӨБ органдарынын Биргелешкен аракеттер планы” бекитилди. Мындан тышкары ушул эле токтом менен көчөлөргө гравий төгүп, түнкүсүн жарыктандыруу, сугат тарамдарын оңдоо, мектепте жана мектепке чейин билим берүү ж.б. маселелерди чечүүгө каражат бөлүү каралды.

ЖМБА-иш-чараларына айылдын жаштары өтө жигердүү катышканын белгилей кетүү керек. Алар өз айылдарындагы бардык иштерде демилгечилердин функциясын өздөрүнө алууну чечишти. Бирок алардын баарын жергиликтүү лидер, жакынкы убакытка чейин жергиликтүү кеңештин депутаты болгон Абдулла ШАРИПОВ бириктирди. Ал аймактын ичиндеги бардык иш-чараларга катышып, жамааттын көйгөйлөрүнөн кабардар болчу. Анткени ошол көйгөйлөрдү чечүү үчүн бир нече жолу демилге көтөрүп чыккан.

Үстүбүздөгү жылдын 23-июлунда Александровка айылындагы стадиондо ал жаштар чогулушун өткөрүп, ага 250гө жакын адам катышкан. Алардын ичинде жергиликтүү кеңештин беш депутаты жана аймактагы жаштар комитетинин төрагасы Керим ИСМАЕВ да болду. Чогулушта кайрадан айылдын көйгөйлөрү көтөрүлүп, анын ичинде улууларга урмат, коомдо этикалык нормаларды сактоо, айылдын санитардык абалы жана аны сырткы көрүнүшү тууралуу сөз болду. Көптөр аймактагы улуттар аралык мамилелер, кошуна жашаган башка улуттардын жана элдин маданиятына, турмуш тиричилигине, салттары менен адаттарына сый мамиле жасоо, укук тартиби тууралуу көп сөз болду.

Чогулушта Александровка айылындагы 38 көчөнүн ар бирине жооптуу жаштар лидерлерин даярдоо тууралуу чечим кабыл алынды. Бул лидерлердин милдетине аймакта жашаган калган жаштар менен өз ара аракеттенүү кирди. Бул чечимди катышуучулар бир добуштан колдоп беришти.

Андан соң ар бир элеттик көчөдө өздөрүнүн чакан чогулуштары өтүп, анда жашоочулар эки жооп-



туу адамдан тандап алышты. Ошентип 76 кишиден турган лидерлер түзүлүп, айылдын күчтүү “чынжырына” айланышты. Бул өтө олуттуу, жоопту адамдар, алар жердештери менен иш алып барганды, өз айылынын көйгөйлөрүн беш колундай билишет, көйгөйлөрдү чечүүгө жана жалпысынан аймактын өнүгүүсүнө карата өз көз караштары бар.

Александровка айылынын старостасы Абдулла ШАРИПОВ WhatsApp аркылуу ушул 76 лидер үчүн коммуникациялык топту түздү. Алар болсо өз кезегинде ушундай эле коммуникацияны өз көчөлөрүнүн жашоочулары үчүн түзүштү. Бул болсо ар бир адамды өзүнчө жана зарыл болгондо баарын ыкчам кабарландырууга жол ачты. Мындан тышкары мобилдик коммуникациянын мындай түрү айылдын жашоосу жана ЖӨБ органдары кабыл алган чечимдер тууралуу маалыматты жайылтуунун өтө популярдуу ыкмасына айланды. Бул болсо айылдын старостасынын ишин да жеңилдетти – бардык маалыматтар өзүнө да келип турду, ошону менен бирге карамагындагы аймакта болуп жаткан окуялардын чордонунда да болууга жардам берди.

Жаш лидерлердин арасында түрдүү кесип ээлери болду – айдоочулар, курулушчулар, мирабдар, грейдерчилер, трактор айдоочулары, педагогдор, юристтер, милиция кызматкерлери, депутаттар, электрчилер, маданият кызматкерлери, спортчулар... Бул болсо ар кандай көйгөйлөрдү ыкчам жана кесипкөйлүк менен чечүүгө жол берди. Алардын ар бири өз участогун өтө дыкат изилдеп чыгышты: эми алар өз көчөлөрүндө канча үй-бүлө жашай турганын, алардын ичинде канча кары адам, аялдар жана балдар болгонун; алардын ар биринин материалдык абалын; эмгекке жарамдуу жашоочулар кайсы жерде иштей турганын билип калышты. Ошентип алар бардык аз камсыздалган жана майыптар бар болгон үй-бүлөлөрдү каттоого алышты. Жаштар аксакалдарды эмнелер тынчсыздандырарын, окуучулар келечекке кандай пландарды куруп жатышканын билишет.

Албетте активисттер айылдын көйгөйлөрүн ийне-жибине чейин өтө жакшы изилдеп чыгышты. Мындан улам ошол көйгөйлөрдү чечүүдө демилгечи болуп чыгышты. Бүгүнкү күндө Александровкадагы 25 көчөгө гравий төгүү иштери жасалды. Бардык жерде жарык берилип, таштанды жыйноо жана чыгаруу иши жөнгө салынып, сугат тарамы тазаланды. Курман айтта аз камсыздалган үй-бүлөлөр азык-түлүк, кийим-кече, бут кийимдер менен камсыздалды.

Мындан тышкары балдар материалдык эмес мүнөздөгү жардам көрсөтүүгө аракет жасашууда: 14 үй-бүлөгө юридикалык консультациялар берилди, жесир аял жана анын эки баласы ортосундагы чатакка кийлигишип, натыйжада алар элдешти. Өспүрүмдөр менен көп иштер жасалууда, аларды камкордукка алышып, бейбаштыктан корткалап, жолунан адашкандарды колго алышты.

Лидерлердин демилгеси боюнча мектептин алдындагы жолду кесип өтчү жерге жана Бишкек – Ош борбордук трассасынын бөлүгүнө коюлган белгилер жаңыланды: жергиликтүү ДЭУнун кызматкерлери лидерлердин өтүнүчүнө ыкчам реакция жасап, бул иштерди бир күндө бүтүрүштү.

Кечкисин бардык көчөлөрдү ыктыярчылар көзөмөлгө алып, укук бузуу аракеттерин болтурушпайт. Натыйжада, элеттиктердин баамында, аймак тынч жана коопсуз болуп калды. Жашоочулар күн тартибине коюлган ар бир маселени чечүүгө жигердүү катышат. Алардын ынтымагы күн сайын күчөп баратат.

Финансы жагын ала турган болсок, бул да лидерлердин көзөмөлүндө турган маселе. Баса, айылды санитардык тазалоо жана көрктөндүрүү боюнча иштерге бир жарым миллион сом сарпталды. Элеттиктердин бул иштерге эмгек салымы да ушундай эле суммага бааланды. Колу жукаларга азык-түлүк жардам 87 000 сомду, кийим-кече жана бут кийим 10 000 сомду түздү.

БМжБ тобунун мүчөлөрү бардык жумуштарды сүрөткө жана видеого тартып алышат, аларды интернетке жана Александровка айылдык аймагынын бардык үч айылындагы маалымат такталарына жайгаштырышат. Жаштар топторунун тажрыйбасы анын кошуналарын абдан кызыктырып, Крупское, Беш-Корук айылынын активисттери да бул тажрыйбаны өздөштүрүп, өздөрүндө колдонууга даярданып жатышат.

Мындан ары александровкалык жаштардын планында айылды көрктөндүрүү жана санитардык тазалоо иштерин жүргүзүү, анын ичинде таштанды контейнерлерин сатып алуу турат.

**ШАРИПОВ Абдулла,**
Александровка айылынын старостасы



# Балдарды коргоо күнүн формалдуу майрамдоонун ордуна инновациялык жармаңке

**Ивановка АА, Чүй облусу**

Ысык-Ата районунун Ивановка айылында 10 миңден ашуун адам жашайт, алардын ичинен үч миңи – балдар. Айыл Бишкек шаарынан 40 км аралыкта жайгашкан. Дээрлик ар бир үй-бүлөдө мектепке чейинки жана мектеп курагындагы балдар бар. Бул балдардын бош убактысын пайдалуу өткөрүүнү эч ким уюштурган эмес. Атүгүл Балдарды коргоо күнүндө салттуу иш-чаралар формалдуу түрдө өткөрүлөт, мында балдардын кызыкчылыктары жана кандайдыр бир реалдуу пайда эске алынбайт. Бул күнү ЖӨБ дайыма жасаган жалгыз иши – балдарга балмуздак алып берүү үчүн каражат бөлүп, мектептердин жамааттарын майрамды уюштуруп, өткөрүүгө милдеттендирген. Бул иш-чарага жасалган формалдуу мамиле балдарда да, улууларда да эч кандай энтузиазмды пайда кылчу эмес, бул күн зериктирме жана кызыксыз өтчү. Акыр аягында бул көрүнүштөн баары жадап бүтүп, Балдар күнү кайрымдуулук жармаңкесин өткөрүүнү чечкен активисттер тобу пайда болду.

Мында бир нече максатты көздөштү. Биринчи кезекте балдар жана алардын ата-энелери үчүн адаттан тышкары, кызыктуу, маданий, өнүктүрүүчү иш-чараларды уюштуруу керек болчу. Ошондой эле балдар бош убактысын пайдалуу өткөрүүнү уюштуруу үчүн акча чогултуу мүмкүнчүлүгү пайда болду. Алгачкы жармаңке 2015-жылдын 1-июнунда өттү. Ошондон бери ал салтка айланды. Эми бул иш-чараны айылдын активисттери Ивановка айыл өкмөтүнүн кызматкерлери жана ФЛЭКС эл аралык алмашуу программасынын бүтүрүүчүлөрү менен тыгыз кызматташтыкта өткөрүп келишет.

Албетте бул иш-чаранын алдында өтө кылдат жана бир кыйла узакка созулган даярдык көрүлдү. Биринчи кезекте мындай жармаңке тууралуу элеттиктердин пикирин билиш керек болду. Бул үчүн ар бир короону кыдырып чыгышып, сурамжылоо жүргүзүп, анкета толтурушту. Элеттиктер мындай демилгеге көз караштары түз болгону аныкталгандан кийин аларга чарбасында болгон керексиз, бирок жаңы буюмдар менен товарларды берүү, жармаңкени өткөрүү үчүн таттуу тамак-аш жана башка кондитердик азыктарды жасап берүү өтүнүчү келтирилди. Маданий программа түзүлүп, оюндар жана көңүл ачуу үчүн кече уюштурулду. Жалгыз жана өтө жөнөкөй шарт коюлду: оюнга катышуу үчүн, жагып калган товарды сатып алуу же кызмат көрсөтүүнү колдонуу үчүн баасы он сомдук билет сатып алыш керек эле. "Сайрон" жана "Фрэндазия" бейөкмөт уюмдарынын өкүлдөрү, ФЛЭКС эл аралык алмашуу программасынын бүтүрүүчүлөрү, ошондой эле Ивановка айылынын жогорку классынын окуучуларынан жана айылдын кайдыгер эмес жашоочуларынан турган 80ге жакын ыктыярчы бир күн бою балдардын көңүл ачып турушту.

Кайрымдуулук жармаңкеси элеттиктерге жана






алардын балдарына бул майрамды кызыктуу өткөрүү мүмкүнчүлүгүн берди. Билим берүүчү көргөзмөлөрү жана жармаңкелери, конкурстар жана викториналар, мастер-класстар жана концерттер менен жети интерактивдүү аянтчага бөлүнгөн бул иш-чарага катышуу менен ар бир адам өзү үчүн кызыктуу жана пайдалуу нерселерди таба алды.

Жармаңкеде жогорку билим берүү чөйрөсүндөгү акысыз да, акынын негизинде да көрсөтүлгөн кызматтардын кеңири өңүтү менен таанышуу мүмкүн болду. Элеттиктер өздөрү жана балдары үчүн жаңы көңүл ача турган иш-чараларды таба алышты, жагып калган буюмду сатып алышты, уюштуруучулар жана катышуучулар берген бир топ пайдалуу маалыматты алып, ошондой эле атайын аянтчаларда көңүл ачуучу программалардын жардамы менен жөн эле эс алып кетишти. Иш-чаранын соңунда баалуу байгелер менен лотерея ойнотулду. 20 бактылуу адам кеңсе буюмдарынын топтомун алса, калгандары таттуу жана оюнчуктар түрүндө сооротуучу байгелерди алышты.

2015-жылдагы кайрымдуулук жармаңкеге 500гө жакын адам катышып, 27 000 сом чогулган. Бул акча балдар үчүн волейбол аянтчасын жабдууга багытталды. 2016-жылы катышуучулардын саны дээрлик эки эсе өсүп, 35 000 сом акча түштү. Бул каражат балдар борборуна караштуу аянтчаны көрктөндүрүүгө жумшалды. Иш-чаранын жыйынтыгын баалоо менен, бул жылы жармаңкени даярдоого жана катышууга ЖӨБ органдары жигердүү кошулушту, бардык мүмкүн болгон ресурстарды активдештиришти. Натыйжада жармаңке буга чейин болуп көрбөгөндөй масштабдуу өттү. Ага 2000ге жакын киши катышып, бул жолу 40 000 сомдон ашык акча чогултуу мүмкүн болду, бул акча сейил бакты көрктөндүрүүгө жумшалды.

Балдарды коргоо күнүндө жармаңкени өткөрүү боюнча үч жылдан бери топтолгон тажрыйба көрсөткөндөй, айыл жашоочулары менен жергиликтүү башкаруу органдарынын кызматкерлери биригишти, алардын ортосунда ишенимдүү, дээрлик достук мамиле түзүлдү. Мындан тышкары жамааттын ички көйгөйлөрүн чечүү үчүн – кандайдыр бир деңгээлде балдардын бош убактысын уюштурууга жана айылды көрктөндүрүүгө байланышкан маселелерге каражат табуу мүмкүнчүлүгү пайда болду. Дагы бир маанилүү жагы – адамдар айылдын алкагында мындай ири масштабдагы иш-чараларды өткөрүү үчүн демөөрчүлөрдү издегенди үйрөнүштү. Мында “Элдин үнү жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс” Долбоорунун алкагында өткөрүлгөн тренингдерге катышуу да ролду ойноду. Көйгөйлөрдү биргелешип чечүү үчүн ЖӨБ органдары менен кызматташуу зарыл экени белгилүү болду. Ошондуктан 2017-жылдагы жармаңке ушундай масштабдуу болду.

Эгерде биз конкурста жеңүүчү деп табылсак, анда байге фондунун каражаттарын музыкалык аппаратураны, колонкаларды, үн күчөткүчтөрдү жана коомдук иш-чараларды өткөрүү үчүн башка түрдүү гаджеттерди сатып алууга багыттайбыз. Мындай техниканы сатып алуу менен, анын ичинде жылдык кайрымдуулук жармаңкени өткөрүү сапаты дагы бир кыйла жакшырмак. Аппаратураны “Бөбөк” бала бакчасынын балансына өткөрүү пландалууда. Бул бакчага 150гө жакын бала барат. Аппаратура жаңы ийримдерди ачуу үчүн пайдалуу болмок. Ошондо балдар бий, ыр, сүрөт тартуу менен алектене алышат.

**БИЯЛЫ кызы БЕРМЕТ,**
Ивановка ААнын активисти

# "Ынтымак" балдардын маданий өнүгүүсү үчүн шарттарды түзүүдө

**Кочкор АА, Нарын облусу**

Нарын облусунун Кочкор айылдык аймагындагы Исакеев айылында Айзада ЖАКШЫЛЫКОВАнын жетекчилиги алдында "Ынтымак" демилгелүү тобу узак убакыттан бери иш алып барууда. Ага калктын түрдүү катмарларынын өкүлдөрү – жаштар, орто курактагы адамдар, аялдар, эркектер – баары болуп 15 адам кирет. Бул адамдар өз айылынын жашоосуна кайдыгер эмес, алар туруктуу түрдө көчөлөрдү кыдырып, элеттеги өзгөчө курч көйгөйлөрдү аныктап, жамааттын тигил же бул тапшырмаларын чечүүгө көмөктөшүү үчүн калктын атынан айыл өкмөтүнө жана айылдык кеңешке кайрылып турушат.

Эрежеге ылайык, алардын аракеттери жыйынтык берүүдө. Айталы, "Ынтымактын" мүчөлөрүнүн жардамы менен көчөлөрдү түнкүсүн жарыктандырууга жана айылдагы ички жолдорго майда кум жана топурак төгүүгө жергиликтүү бюджеттен 300 миң сом бөлүнүп берилди.

Короолорду кыдырган маалда демилгелүү топтун мүчөлөрү айылда таланттуу балдар өтө көп экенин, бирок секциялар жана ийримдер болбогондуктан өзүн көрсөтүү мүмкүнчүлүгү да жок экенин байкашты. Бул көйгөйдү дыкат изилдеп чыгып, биринчи кезекте чечилиши керек болгон бөлүмгө киргизиш керектиги анык болду. Себеби бул маселени чечүүдөн көптөгөн таланттуу балдардын келечеги көз каранды. Анткени алар – биздин келечегибиз жана алар тарбиялуу, билимдүү, маданияттуу болушу керек. Эгерде биз бий ийриминин, комуз черткенди үйрөтүү боюнча секциянын ишин жөнгө салып, шахмат, шашка, тогуз коргоол класстарын ача алсак, балдардын бош убактысын пайдалуу өткөрүүнү уюштуруу тапшырмасын аткаргандан тышкары, таланты бар балдар Искусство институтунда же М.Күреңкеев атындагы музыкалык окуу жайында, борбор калаадагы башка жогорку окуу жайларда өз мүмкүнчүлүктөрүн өркүндөтүп, ишке ашырып, маданий деңгээлин жогорулата алышмак.

Биринчи кезекте элеттик клубду ирээтке келтириш керек болчу. Себеби бул клубда секциялык-ийрим иштерин уюштуруу мүмкүн эле. "Ынтымактын" активисттери Кочкор айыл өкмөтүнүн жетекчилигинен клубдун ремонтуна жана жылуулук системасын орнотууга 600 000 сом бөлдүртө алышты. Мындан тышкары 150 000 сом колонкаларды жана үн күчөткүчтөрдү сатып алууга бөлүндү. Жумуштар сапаттуу жана өз убагында аткарылды. Мына эми үч жылдан бери айылда Г. ШАХМСАТОВА жетектеген бий ийрими иштеп келатат. Жергиликтүү мектептин окуучу кыздарынын арасынан жөндөмдүү балдарды тандап алышат, алардын тизмеси да түзүлдү, сабактар ырааттама боюнча гана өткөрүлөт. Калган ийримдер жана секциялар азырынча ачыла элек, бирок биз бул жакын арада ишке ашат деп ишенебиз.

Өткөн жылы биз "АДК менен ЖӨБдүн өнөктөштүгү: жергиликтүү өнүгүүнү пландоо" конкурсуна катышып, бир проектор, алыстан башкарылуучу эки микрофон утуп алганбыз. Бул техниканы слайд-шоу аркылуу калк алдында ийримдин катышуучуларынын жетишкендиктерин көрсөткөн учурда колдонобуз. Айылда концерттер, шахмат, шашка, тогуз коргоол боюнча спорт таймаштары көбүрөөк өткөрүлүп калды. Баары ыраазы – улуулар да, балдар да.

Мындан тышкары "Ынтымак" демилгелүү тобунун мүчөлөрү калкты бюджеттик угууларга тартуу үчүн бир топ аракеттерди көрүштү. Эми адамдар жергиликтүү бюджеттин киреше жана чыгаша бөлүктөрүн мурдагыдан да жакшы түшүнүп калышты, беренелерди жигердүү талкуулашат, өз сунуштарын берип турушат, ал эми кеңеш бюджетти бекитээр алдында ошол сунуштарды эске алат.

Дагы бир тенденция пайда болду: айыл өкмөтүнүн кызматкерлери жылына эки жолу жергиликтүү калкка отчет берип турат, алардан даттануулардды-сунуштарды кабыл алат жана аларды аткаруу боюнча иштерди жүргүзүп келет. Жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүдө калктын активдүүлүгү жогорулады. Адамдар жергиликтүү көйгөйлөрдү биргелешип аныктоо боюнча кеңештин сессияларына жигердүү катышат. Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун жетекчилиги менен биргелешкен кеңешмелер өткөрүлүп турат, анда тигил же бул долбоорлорду ишке ашырууга көмөк көрсөтүү, демилгелерге талдоо жүргүзүү боюнча активисттердин кайрылууларын угушат.

Учурдагы пландары жана ишиндеги артыкчылыктуу багыттары тууралуу элеттиктерди маалымдоо жаатында да "Ынтымактын" активисттери чоң иштерди жасашууда. Эрежеге ылайык, бул жеке жолугушуулар жана короо-короону кыдырган учурдагы талкуулар формасында өтөт.

Топтун активисттери алардын бардык иштерин колдоп келген акимдин социалдык маселелер боюнча орун басары Э.САДЫКОВА, Кочкор айыл өкмөтүнүн башчысы М.ИСРАИЛОВ, айыл башчысы

М.ТАЛАСОВ менен дайыма байланышта болушат.

“Менин беш неберем бар. Алардын бири бийлегенди жакшы көрөт, экинчиси комузда жакшы ойнойт. Бизде жакын арада жаш комузчулар үчүн ийрим ачылып калат деп абдан үмтөтүп турабыз. Анткени балдарды Кочкор районунун борборундагы музыкалык мектепке алып барып туруу өтө эле оор”, - деп айтты пенсионер Болду ТОКТОСУНОВА.

“Биздин мектепте таланттуу балдар абдан көп, бирок алар үчүн ийримдерди уюштуруу үчүн мүмкүнчүлүк да, шарттар да жок. Менимче, эгерде биздин айылыбыз конкурстан жеңип алса, абдан эле жакшы болмок. Клубда ийрим ачып, балдар жакшы көргөн иши менен алектенүүгө мүмкүнчүлүк алышмак”, - деди мектептин жетекчиси Динара ОСМОНАЛИЕВА.

Эгерде “Элдин үнү жана ЖӨБ органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс” Долбоорунун конкурсунун жыйынтыгы боюнча биз жеңүүчү деп табыла турган болсок, бул бизге клубдун ишин жакшыртуу жана анда ийримдин ишин уюштуруу үчүн зарыл болгон жабдууларды сатып алууга жардам берет. Бизге булар керек болуп турат: Yamaha PSR-R 200 синтезатору (39000 сом); Panasonic HC-X920 видеокамерасы (30000 сом); төрт стол (12000 сом); он отургуч (10000 сом); кийим үчүн шкаф (8000 сом); күзгү (5000); алты комуз (21000 сом); кыздар үчүн 44-46-көлөмдөгү сегиз улуттук кийим (16000 сом); кыздар үчүн 36-38-көлөмдөгү тогуз улуттук кийим (9000 сом).

Эмеректи долбоордун алкагында сатып алып, айыл өкмөттүн балансына беребиз. Шахмат, шашка жана башка инвентарды жергиликтүү администрациянын каражатына сатып алабыз.

Биз бий секциясынан тышкары комуз черткенди үйрөткөн ийрим да ача алабыз деп үмтөтүп турабыз. Айылыбыздын тургундарынын бири ЖАНАРБЕК Кадырбек уулу Күренкеев атындагы музыкалык окуу жайдын комуз бөлүмүн бүтүргөн. Эгерде биз ага комуз сатып берсек, ал балдарыбызга сабак өткөнгө даяр болуп турат. Ошондуктан эгерде конкурстан жеңүүчү болсок, сөзсүз бул аспапты сатып беребиз. Биз комузчулардын ансамблин түзүүнү кыялданабыз. Бул ансамбль элеттиктердин бардык майрамдык иш-чараларына катышып, өз чыгармачылыгы менен элдин көңүлүн ачып турмак.

**Жумагүл КУРМАНБАЕВА,**
Исакеев айылдык ден соолук комитетинин төрайымы

# Айылдагы коомдук транспорт үчүн аялдамалар – адамдар үчүн камкордук

**Күн-Туу АА, Чүй облусу**

Күн-Туу айылдык аймагы Чүй облусунун Сокулук районунда орун алган. Муниципалитет жалпы аянты 7217 чарчы метр болгон беш айылдан турат, мында 1655 үй кожолугу бар. Аймак борбор калаадан 20 километр жана район борбору Сокулук айылынан 25 километр аралыкта жайгашкан. Муниципалдык менчикте 11 объект бар.

Айылдык аймактын чегинде 7 071 адам жашайт. Алардын арасында кыргыздар, өзбектер, орустар, татарлар, украиндер, уйгурлар жана башка улуттун өкүлдөрү бар. Булардын 60 пайызы Күн-Туу айылында жашашат.

2015-жылдан бери Күн-Туу АА Швейцария Өкмөтү каржылаган жана Өнүктүрүү саясат институту ишке ашырган “Элдин үнү жана ЖӨБ органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс” Долбоору менен кызматташып келатат. 2016-жылы аймак “Айылдар үчүн аялдамалар – адамдарга камкордук” конкурсуна катышкан. Мында элеттин 36 тургуну Күн-Туу жана Чоң-Жар айылдарындагы беш автобус аялдамасын орното алышты. Бирок көйгөйдү жалпысынан чечүүгө мүмкүн болгон жок. Себеби аймактын бири биринен бир топ эле алыс аралыкта жайгашкан калган үч айылында жүргүнчүлөрдүн коопсуздугун жана кадыресе ыңгайлуулугун камсыздоо үчүн транспорттун аялдамасы үчүн орундарды жабдуу талап кылынды. Анткени адамдар транспортту ар кандай аба ырайында узакка күтүп калышчу. Калк арасында кары адамдар, кош бойлуу аялдар, оорулуу балдар бар. Мындан тышкары туш келди токтогон транспорт авариялык кырдаалдарды да жаратып жатты.

Бул көйгөйдү жаштар ЖМБА-сессияларында жана айылдык чогулуштарда бир нече жолу көтөргөнү менен, башка курч жана актуалдуу маселелердин катарында көз жаздымда калып келди.

Бул тема канчалык маанилүү болгонун жана Күн-Туу АА дотацияда тургандыктан аны жергиликтүү администрациянын күчү менен чечүү канчалык оор болгонун түшүнүү менен, 27 жаштагы жаштардын лидери Адилет КАНЫМБЕКОВ демилгени өз колуна алды. Ал айылдагы жаштарды чогулушка чакырып, Малая Шалта айылында аялдаманы өз күчү менен курууну сунуштады. Мында Күн-Туу жана Чоң-Жар айылда-

рындагы жаштар демилгеси аларга дем берди. Бул сунуш бир добуштан колдоого ээ болду, бирок каржылоого байланыштуу маселе чыкты – бул ишке акчалай салым кошууга баарында эле мүмкүнчүлүк болгон эмес. Ошондуктан жергиликтүү кеңештин депутаттары Адилет КАНЫМБЕКОВ жана Нурдин ШАКУЛУЕВ өз каражаттарынын эсебинен долбоорго жардам берүүнү чечишти, ал эми калган элеттиктер ага эмгек салымын кошмой болушту. Ошентип курулуш материалдары сатып алынды, айрымдары тирөөч үчүн чуңкур казып, тегерек четин тегиздеп чыкса, дагы бирөө өзүнүн тракторун иштетти. Аялдар болсо курулуштун катышуучуларына кезектешип ысык тамак даярдап берип турушту. Ошентип айыл тургундары жапа тырмак болуп бир айдын ичинде бардык пландалган иштерди бүтүрүп, Малая Шалта айылында жети жаңы аялдама пайда болду. Бул аялдамаларды бүгүнкү күндө айылдын 828 тургуну жана кошуна Күн-Туу жана Чоң-Жар айылдарынын 986 жашоочусу, мындан тышкары бул жакка ар кайсы жерлерден келген миңден ашуун адам колдонууда.

Баса, эгерде былтыр аялдамаларды белгилөө үчүн металлдан конструкцияны орнотуу менен гана чектелишсе, азыр болсо чыгармачыл мамиле жасашты: ар бир аялдамага “Манас” эпосунан үзүндүлөр жазылган баннерлер орнотулду: “Калкым кыргыз сен үчүн курман болуп кетейин”, “Ак ийилет – бирок сынбайт”, “Ат мүдүрүлбөй жер таанybайт, эр мүдүрүлбөй эл таанybайт”. Мындай баннерлер жарандарга кайрылууну да камтыйт: “Урматтуу жашоочулар, коомдук транспорт аялдамаларга гана токтойт!”. Транспортту туш келди жерге токтотуп, муну менен жол кырсыктарына шарт түзбөш үчүн адамдарды бир жерге чогулууга көндүрүү максатында бул жазуу зарыл эле.

Бул демилге “Элдин үнү жана ЖӨБ органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс” Долбоорунун жардамы менен ишке ашты. Анткени дал ушул долбоордун келиши менен жергиликтүү жаштар аймактын түрдүү көйгөйлөрүн чечүүгө активдүү катыша баштады. Болгондо да бир айылдын жаштарынын ийгилиги башкаларды да шыктандырып турду: алар курдаштарынан артта калбай, жашоо шарттарын өз күчү менен жакшыртууга жан үрөп калышты. Эми бардык айылдык аймактын балдары баары өз колунда болгонун, кайдыгер эмес, жигердүү болуш керектигин, жоопкерчиликти алуудан коркпош керектигин, айылда акыркы он жылдан бери чечилбей келаткан көйгөйлөрдү жалпы аракеттер менен чечсе болоорун жакшы түшүнүп калышты.

Чыгашалардын жалпы суммасы 140 000 сомду түздү. Алардын ичинен 110 000 сомду айылдык кеңештин депутаты, долбоордун демилгечиси Адилет КАНЫМБЕКОВ, 10 000 сомду демилгенин өнөктөшү, айылдык кеңештин депутаты Нурдин ШАКУЛУЕВ берсе, жергиликтүү жаштардын арасынан 12 адамдын эмгек салымы 20 000 сомго бааланды.

“Айылда өнүгүү байкалып, инфраструктура оңолуп, көчөлөрдүн, үйлөрдүн, жолдордун тышкы



көрүнүшү жагымдуу боло баштаганын көрүп кубанабыз. Бирок эң негизгиси – бул аялдамалардын жардамы менен адамдар ыңгайлуулукту жана жайлуулукту сезишти. Мурда жаан-чачындан, күндөн жана кардан качып, бак-дарактын алдында баш калкалаган адамдарды көрүп боорум ооручу. Жаштар демилгечил, көйгөйлөрдү өз алдынча аныктап, аларды чечүүгө жөндөмдүү болгону абдан жакшы. Карылар да жыргап калышты – алар кечкисин аялдамаларга чогулуп алып, бири-бири менен баарлашат. Биздин айылда дагы көп нерсени жасаш керек. Мисалы, эстеликтин тегерегин жашылдандырып, эс алуу үчүн гүл бакча жасаш керек. Бул көйгөйдү чечип бергиле деп биз сөзсүз түрдө жаштарга кайрылабыз. Анткени алар – айылдагы негизги күч. Аймак боюнча сугат тарамын тазалап чыгууну пландап жатабыз – мында да биздин жигердүү жаштарыбызды тартабыз”, - деп айтты Чоң-Жардын айыл башчысы Акылбек КЕНЕНБАЕВ.

“Айылдын жаштары Вотсапта топ ачышты, ага бүгүнкү күндө 32 адам кирет. Бул балдарга тез-тез чогулуп, айылдын көйгөйлөрүн талкуулап, коомдук-иш-чараларга, мисалы, ишембиликтерге жигердүү катышууга жардам берет. Жакында эле тоолордо өрт чыккан, биз ыкчам реакция жасап, тоонун боорун жана көп жылдык чөп чабымдарын сактап калдык. Ошондой эле тогуз жерде жөн эле агып жаткан ичүүчү сууну токтото алышты: бул грант боюнча утуп алган заманбап байланыш каражаттары жана атайын техниканын арты менен мүмкүн болду”, – деп айтып берди айыл өкмөтүнүн жооптуу катчысы Эдита ТАЙГАРАЕВА.

Байге фондунун каражатына биз Чоң-Жар айылындагы Болоталы Темирбеков атындагы көчөнү түнкүсүн жарыктандырууну пландап жатабыз. Бул үчүн он бетон устундарын орнотуп, ток өткөрүп, 10 чыракты кошуш керек. Азыр бул көчөдө эски жыгачтан чириген устундар турат, электр линиялары үзүлгөн, көчөдө жарык болбогондуктан түнкүсүн уурулук да көп болот – жеке буюмдардан баштап короодогу малга чейин уурдап кетишүүдө. Бул көйгөй бүгүнкү күндө абдан актуалдуу жана чукул чечим кабыл алууну талап кылып жатат. Адамдар зарыл болгон учурда колдон келишинче акча чогултууга жана өз алдынча устундарды орнотууга даяр болуп турушат.

**КАНЫМБЕКОВ Адилет,**
айылдык кеңештин депутаты





# Эски клубдун ордуна жаңы спорт комплекси

**Кызыл-Туу АА, Чүй облусу**

2016-жылы Кызыл-Туу айылдык аймагынын Исмаил айылында жаңы спорт зал курулуп, колдонууга берилген. Бул айылдын жаштарын сергек жашоого тартуу, бош убактысын пайдалуу өткөрүүнү уюштуруу боюнча жергиликтүү демилгенин жыйынтыгы болуп калды. Бүгүнкү күндө спорт зал айылдын борборуна, жаштар чогулган жерге айланды. Балдар спорт менен алектенишет, аларга тажрыйбалуу машыктыруучу жана медайым көз салып турушат.

Спорт зал заманбап жабдуулар жана инвентарь менен жабдылган, бул болсо жаштарды спортко тартууда кошумча фактор болуп калды. Ата-энелер балдарын ээрчитип келип, секцияларга жазып кетишүүдө. Биздин жаш спортчулардын арасында келечекте Кыргызстандын намысын эл аралык таймаштарда коргой тургандар бар деген ишенимдебиз.

Айылдын жаштары өзү менен өзү болуп, бош убактысын өткөрүү үчүн жакшы шарттары болбогондуктан спирт ичимдиктерин колдонуп, айрымдары атүгүл маңзатка берилип кеткен учурлар да болгон. Мындай абалда алар көчө тээп, элеттиктердин үшүн алып, жаңжалдуу кырдаалдарды түзүшкөн.

Исмаил айылынын 100гө жакын жашоочусу катышкан жалпы чогулушта мындай көрүнүшкө чекит коюш керек деген чечим кабыл алынган: жаштардын бош убактысын уюштуруу жамааттагы эң көйгөйлүү маселе катары аныкталган. Кызуу талкуулардын жүрүшүндө мурдагы Маданият үйүнүн кароосуз калган имаратын оңдоп-түзөп, ал жерде спорт комплексин ачуу сунушталган. Бул демилге элеттиктердин көбүнүн колдоосуна ээ болгон. Бул демилгени ишке ашыруу үчүн ошол жерден демилгелүү топту түзүшкөн.

Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн жетекчилиги жашоочулардын демилгесин жигердүү колдоп берип, ошол замат айылдык кеңештин депутаттарынын, демилгелүү топтун мүчөлөрүнүн жана айыл аксакалдарынын катышуусу менен чогулуш уюштурушкан. Чогулушта кабыл алынган чечимдер тууралуу маалыматты ар бир айылда орнотулган маалымат такталарына жайгаштырып, калк арасында болгон жеткиликтүү ыкмалар менен түшүндүрүү иштерин жүргүзүштү. Демилгелүү топтун дээрлик ар бир кадамы видеого тартылып турду.

Долбоорду ишке ашырууда каражаттын жоктугу эң чоң көйгөй болду. Инвестор катары аймактагы бакубат жашаган адамдарды тартууну чечишти. Бул үчүн 2016-жылдын 15-сентябрында кайрымдуулук марафонун өткөрүшүп, натыйжада 260 000 сом чогулта алышты. Бирок бул акча баары бир жетпегендиктен элеттиктер колдон келишинче өз чөнтөктөрүнөн акча чыгарып, 160 000 сом чогултушту. Дагы 50 миң сом аймактын бюджетинен бөлүндү жана 50 миң сомду Сокулук районунун акими берди.

Чогулган акчага ремонт иштери үчүн зарыл болгон курулуш материалдарын сатып алышты. 15 адам объектте иштеди – алардын салымы 225 000 сомго бааланды. Мындан тышкары долбоордун демилгечиси ИСА уулу ГАПАР 200 000 сомго ринг сатып алып, аны орнотуп берди. Дагы үч демөөрчү беш “груша”, сегиз күрөш килемин, беш мээлей, төрт “таман”, эки күрөш үчүн кийимдин комплектисин белекке беришти.

Бүгүнкү күндө аймакта жаштардын бош убактысын өткөрүүгө байланышкан көйгөй жок – аны бардык жамааттын күчү менен чечишип, ЖӨБ жетекчилиги менен калктын биргелешип кызматташуусун улантуу үчүн жакшы мисал болуп калды. Бардык айылдарда аксакалдар, аялдар, жаштар кирген демилгелүү топтор түзүлдү. Алар өз жамааттарындагы кырдаалды изилдеп чыгышып, чогулуштарда жана жыйындарда аныкталган көйгөйлөрдү айтып беришет. Жамааттын мүмкүн болушунча көбүрөөк мүчөлөрүнүн муктаждыктарын эске алган жана заман талабына жооп берген демилгени жалпы талкууга алып чыгып, аны ишке ашыруунун үстүнөн иш алып барышат. Акыркы үч жылда ушундай жол менен бир катар ири долбоорлорду ишке ашыруу мүмкүн болду.

Бюджеттик саясатты так жана туура пландоонун, ошондой эле аткаруунун натыйжасында Кызыл-Туу айыл өкмөтүндө аймактын социалдык өнүгүүсү жолго коюлду, калктын жергиликтүү башкарууга карата мамилеси өзгөрдү, келечекке болгон оптимисттик маанай калыптанды. Бир айылда ФАП ачышса, экинчисинде клубду оңдоп жатышат, үчүнчү айылда суу түтүк линиялары жаңыланууда, футбол талаасын жасап жатышат. Мына ушунун баарын кубаныч жана сыймык менен айтып жатабыз.

Бул ийгиликтердин баарына элеттиктер Өнүктүрүү саясат институтунун колдоосу менен жете алды. Эң негизгиси – адамдар бир нерсени түшүнүштү: ЖӨБдүн жашоосуна катышуу мода эмес, бул жамааттын ар бир мүчөсүнүн жашоосун оңдоо үчүн баамдалган зарылчылык.

Бул этапта элеттиктер өзүнүн спорт комплексин түзүү долбоорун аткарышты. Кийинки кадам – ал жыл бою иштей турган абалга жеткирүү. Бул үчүн жылуулук системасын орнотуу зарыл. Бул тапшырма да бүгүнкү күндө артыкчылыктуу болуп саналат – айылдык чогулушта ушундай чечим кабыл алынды. Ошондуктан эгерде конкурста жеңүүчү болсок, каражатты ушул көйгөйдү чечүүгө багыттайбыз.

**ИСА уулу ГАПАР,**
Кызыл-Туу айылдык аймагынын жашоочусу



# Жаштар айылды жарыктандырууда

**Семиз-Бел АА, Нарын облусу**

Кара-Too Кочкор районундагы Семиз-Бел айылдык аймагынын курамына кирген төрт айылдын бири жана айыл өкмөтүнүн борбору болуп саналат. Айыл район борборунан үч километр аралыкта жайгашкан. Калкынын саны 2655 адам болсо, анын 1333ү – эркек, 1322си аял, 550сү бала, жаштардын саны – 1350. Учурда айылда ондогон көйгөйлөр бар, аларды жергиликтүү бийликтин гана күчү менен чечүү мүмкүн эмес. Ошондуктан жаштар демилге көтөрүп чыгышып, жаштар уюмун түзүүнү чечишти. Алар өздөрүнүн алгачкы курултайын өткөрүп, ага 15 уюмдун өкүлдөрү, айыл өкмөт башчы, ошондой эле элеттик жаштардын өкүлдөрү да катышты. Чогулушта айылдын өзгөчө артыкчылыктуу көйгөйлөрү аныкталды. Бул көйгөйлөрдү чечүү үчүн өзүнчө фонд түзмөй болушту. Жаштар уюму өз ишинде айыл өкмөтү менен тыгыз кызматташат. Натыйжада эски спорт залга капиталдык ремонт жасап, анда бокс секциясын ачышты. Элеттеги мечит үчүн боз үй жана анын ичине бардык зарыл болгон буюмдарды сатып алышты. Кара-Too айылынын кире беришине арка орнотуп, ар бир көчөгө анын аталышы жазылган белгилерди илип чыгышты. Муктаж болгон үй-бүлөлөргө туруктуу жардам берилип турат.

Ишке ашырылган долбоорлордун акыркыларынын бири – айылдагы көчөлөрдүн баарын түнкүсүн жарыктандыруу болуп калды. Мындай демилгеге айылда мал уурулук, өспүрүмдөрдүн бири-бири ме-



нен тирешүүсү, мектептеги рэкетчилик; айылдын көчөлөрүндө коопсуздуктун жоктугу; айылдын кунарсыз тышкы көрүнүшү себепчи болду.

"Көчөлөргө жарык берүү" жергиликтүү демилгесин ишке ашыргандан кийин Кара-Тоо айылынын сырткы көрүнүшү бир заматта өзгөрө түштү. Кошуна айылдардын жашоочулары биздин ишибиздин жыйынтыктарына суктанышып, өздөрүндө да ушундай долбоорду демилгелеп чыгышты. Кечкисин жана түнкүсүн жарандардын ыңгайлуулугу жана коопсуздугу камсыздалды, мал уурулук жана жалпысынан кылмыштуулук азайды.

Жаштар уюмунун мүчөлөрү долбоордун негизги демилгечилери жана ишке ашыруучулары болуп калышты. Мында Семиз-Бел айыл өкмөтү, "Сан-Хе" ЖЧК жана элеттик мечит чоң колдоо көрсөттү.

Долбоорду ишке ашыруу үчүн зарыл болгон документтердин баарын айыл өкмөтү даярдап берип, мүмкүн болгон жардамын көрсөттү.

Элдик демилгенин алкагында долбоорлорду ишке ашыруунун натыйжасында жергиликтүү көйгөйлөрдү талкуулоодо жана чечүүдө элеттиктердин активдүүлүгү 50% өстү, калк менен жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары ортосундагы кызматташтык оңолду. Адамдар жергиликтүү көйгөйлөрдү чечүүдө негизги ролду жамааттын салымы ойноп турганына ынанышты.

Ишке ашырылган демилгенин ийгилиги тууралуу райондук "Эмгек туусу" гезитинде макала жарыяланды. Бул маалымат социалдык тармактар жана "Турмуш", "Одноклассники" сайттары аркылуу интернетте тарады. Ушул тапта кошуна айылдагы жаштар биздин тажрыйбабызды өздөштүрүп жатышат, алар идеянын демилгечилери менен акылдашып, тажрыйба алмашууга катышып келатышат.

Семиз-Бел айыл өкмөтүнүн башка айылдарында жаштар фонд түзүп, көчөлөрдү түнкүсүн жарыктандыруу, көпүрөлөрдү оңдоо, таза суу менен камсыздоо өңдүү элеттиктердин көйгөйлөрүн акылдашып чечишүүдө.

Бул демилгенин түз бенефициарлары – Кара-Тоо айылынын 2655 жашоочусу. Ал эми кыйыр пайданы кошуна айылдардын жашоочулары, коноктор жана туристтер көрүшүүдө.

Жергиликтүү жашоочулар долбоордун жыйынтыктары тууралуу оң пикирлерин айтып, жогорку баасын беришүүдө, аксакалдар болсо жаштарга батасын берип отурушат. "Балдар – биздин келечегибиз", "акыл жаштан, асыл таштан", "бириккенде гана чоң ийгиликтерге жетсе болот", "биздин айыл өзгөрүп, шаарга окшошуп калды", "күч бирдикте, эгерде жаштар ынтымактуу болсо, бардык маселелерди донорлордун жардымысыз деле чечсе болот" – аксакалдардан мына ушундай сөздөрдү угууга болот.

Бул демилгени ишке ашыруу үчүн жалпысынан 477 024 сом талап кылынды – баары болуп 200 чырак орнотулду. Семиз-Бел айыл өкмөтү 86 000 сом, "Сен-Хе" ЖЧК 30 000 сом, элеттик мечит 3500 сом бөлүп беришти. Калган 357 524 сом жаштар фондунан бөлүндү.

Кара-Тоо айылынын жашоочуларынын көптөн берки кыялы – заманбап ресурстук борбор түзүү. Бүгүнкү күндө бул айылда 367 окуучу жашайт, ал эми жаштардын жалпы саны – 1350. Тилекке каршы, аларда заман талабына жооп берген көндүмдөрдү жана билимди алуу үчүн заманбап технологияларды колдонуу мүмкүнчүлүгү жок. Көпчүлүк элеттиктердин жашоо деңгээли, алардын социалдык-экономикалык абалы жана билими шаардыктарга салыштырмалуу төмөн. Борбордун негизги максаты – жаштарды түрдүү иш-чараларды уюштурууга жана өткөрүүгө жигердүү тартуу жолу менен сергек жана ийгиликтүү жашоо образы үчүн шарттарды түзүү. Эгерде конкурстан утуп алсак, байге фондунун каражаты дал ушундай максаттарга багытталат.

Ресурстук борбордо жаштардын, өзгөчө мектеп окуучуларынын ар тараптуу өнүгүүсү үчүн шарттар түзүлөт. Борбор китепкана, компьютерлер, мультимедиа каражаттары, интернет менен камсыздалат. Ошону менен бирге ал төмөнкү багыттар боюнча иш алып барат: ыктыярчылар кыймылын өнүктүрүү жана популяризациялоо; таланттуу жана демилгечил жаштарга колдоо көрсөтүү; өсүп келаткан муундун адеп-ахлактык тарбиясы; өспүрүмдөр арасында терс адаттарды алдын алуу; адамдык дараметин жана лидердик сапатттарын өнүктүрүү.

Жашоо шарттары адамдын дүйнө таанымына, балдардын ой жүгүртүүсүн өнүктүрүүгө, алардын айлана-чөйрөнү кабылдоосуна, ошондой эле акыл-эсине таасирин тийгизет. Биздин айыл өнүгүүдө, калктын саны да көбөйүүдө, жаңы төрөлгөн балдардын катары калыңдоодо. Көп иштер бош убакытты уюштуруу жана спорт менен алектенүү үчүн жасалып жатат. Айталы, чакан футбол талаасы түзүлдү, Маданият жана спорт борборунун курулушу жүрүп жатат, жаштардын демилгеси менен балдардын бош убактысын өткөрүүсүн уюштуруу максатында Семиз-Бел айыл өкмөтү бөлүп берген, аянты 1500 м2 болгон участокто заманбап оюн аянтчасын куруу пландалып жатат. Ошентип пландар көп, ошол эле маалда акылдашып иш кылсак, колдон баары келет деген ишеним да бар.

**Эльмира ТОКОЕВА,** Семиз-Бел айыл өкмөтүнүн инвестицияларды тартуу боюнча башкы адиси

# Чөптүн жардамы менен каада-салттарды аткарууну жеңилдетип, дарыянын жээгин бекемдесе болот

**Учкун АА, Нарын облусу**



Нарын облусунун Учкун айылында жашаган адамдардын демилгелерин ишке ашыруунун алгачкы мисалы каада-салттар маселесине тиешелүү болгон. Буга байланыштуу ар бир элеттиктин көйгөйү бир топ болчу: маркумду акыркы сапарга узатууда жана буга байланышкан жөрөлгөлөрдү аткарууда боз үй издеп эле жатып калышчу. Бул маселе адамдардын көкөйүнө тийип, акыры аны өз күчү менен чечиши керектигин түшүнүштү. 2013-жылдын сентябрь айында айыл өкмөт башчынын бөлмөсүндө жаштардын чогулушу өтүп, анда айыл тургуну Рысбек УСЕНОВ ар бир үй-бүлөдөн беш таңгак чөп чогултуп, аны сатып, жергиликтүү мечитке боз үй, титан, самоор сатып алууну сунуштады. “Эгерде биз ушунун баарын сатып алсак, анда айылдын ар бир жашоочусу зарыл болгон учурда ушуларды колдоно алмак. Ал эми анын баары мечиттин короосунда турмак”, - деди ал.

Айылдын имамы бул демилгени колдоп, мындай практика кошуна айылдарда да бар экенин айтты. Учкундун башчысы Касымакун МАМЫРБАЕВ калк арасында алдын ала түшүндүрүү иштерин жүргүзүү зарыл экенин, ошондо түшүнбөстүктөр же пикир келишпестиктер болбой турганын, адамдар чөп эмнеге чогултулуп жатканын жана түшкөн каражат эмнеге багытталарын билип калаарын айтты. Ошондой эле ал баарын кагазга жазып турууну, ар бир адам ошол тизменин алдына өзүнүн кол тамгасын коюп, андан соң тактага канча адам акча бергени, кандай суммадагы акча чогулганы жана эмнеге сарпталганы тууралуу маалыматтарды илүүнү сунуштады.

Айылдын жаштары чөптөрдү чогултуу жана тизме түзүү иштерин колго алууга макул болушту. Улуураак активисттер калк арасында түшүндүрүү иштерин өткөрүүгө киришти. Адамдар бул сунушка түшүнүү менен мамиле жасашты. Айрым элеттиктер жалпы ишке чөп менен эмес, акча менен салым кошууну сунушташты. Мындан тышкары чоң жүк ташуучу машиненин ээлери чөптү чогултуп, сатчу жерге жеткирүүгө жардам беришти. Машинелер короо-короону кыдырып жүргөндө жашоочулар өздөрү чөптү үйдөн чыгарып берип турушту.

Бул иштер ноябрда жыйынтыкталды, жалпысынан 202 үй-бүлө беш таңгак чөп тапшырды. Натыйжада 1010 таңгак чогулуп, Нарын шаарынын базарында ар бирин 80 сомдон сатышты. Жалпы сумма 80 800 сомду түздү. Бул каражатка Кытайда жасалган боз үй, бир титан-самоор, 50 литрлик “Аристон” жана алдын ала түзүлгөн тизмеге жараша керектүү буюмдарды сатып алышты. Мунун баарын жергиликтүү мечиттин имамына өткөрүп берээрдин алдында чакан азем уюштурушту: боз үйдү тигип, айыл аксакалдарын чогултуп, сатып алынган буюмдун баарын алдыларына жайып, чай беришти. Аксакалдар жана башка чакырылгандар батасын берип, демилгечилерге ыраазычылыгын билдирип, элеттиктер мындан ары да ушинтип акылдашып, айылдын көйгөйлүү маселелери чечилип турат деген ишенимин билдиришти.

Учкундун жаштары айылдын бардык иш-чараларына жигердүү катышып келишет. Мисалы, алар жазгы жана күзгү ишембиликтерди, башка акцияларды өткөрүүдө жергиликтүү бийлик органдарына олуттуу жардам көрсөтүшөт. Анткени айыл өкмөтүнүн ресурстары чектелүү. Бүгүнкү күндө жаштарсыз салтанаттуу иш-чараларды жана жолугушууларды уюштуруу мүмкүн болбой калды. Жыл сайын жаңы жылдык майрамдарда алар Маданият үйүнүн алдын ар кандай оюнчуктар менен кооздоп, жергиликтүү жашоочуларга майрамдык маанай тартуулашат. Ошондой эле Энелер күнүндө жана Карылар күнүндө айыл өкмөтү сый тамак уюштуруп, белек таратат, ал эми жаштар куттуктоо кечесин уюштуруу менен алектенишет.

Бирок айылда мындан дагы татаал маселелер бар жана аларды чечүүдө демилгечи болуп кайрадан жаштар чыкты. Эзелтеден бери учкундуктар



чарбагын жана айдоо жерлерин тоодон түшкөн суу менен сугарып келишкен. Жыл сайын жаз мезгилинде адамдар дарыянын жээгин кум толтурулган мүшөктөр менен бекемдеп турушчу. Бирок катуу жамгыр жааганда бул мүшөктөр агып кетип, суу талааны каптап кетчү.

Бул көйгөй Учкунда жашаган 603 үй-бүлөнүн 314үнө тиешелүү болчу. Дээрлик 150 гектар чарбак жана жер үлүштөрү, Айыл чарба жерлерин бөлүштүрүү фондунан ижарага алынган 15 гектар жер сугат сууга жетпей келген. Бул болсо айыл чарба өсүмдүктөрүн өстүрүүгө тоскоол болчу. Кээде айдоо жерлери өз убагында сугарылбай калып, дыйкандын эмгеги талаада кала берчү.

Бул маселени жергиликтүү тургундар айыл өкмөт башчынын алдына бир нече жолу коюшту. Анын чечилишине өзгөчө жаштар кызыкдар эле, себеби колго жасалган дамбаны суу алып кеткенде анын кесепеттерин жоюуга, кооптуу кырдаалды алдын алуу боюнча иштерге дал ушулар катышчу. Бул маселени кескин түрдө чечиш керектиги баарына белгилүү болду – кум толтурулган мүшөктөр убактылуу жана такыр ишенимсиз чара эле.

Баштапкы этабында айыл өкмөтүнүн башчысынын демилгеси боюнча чогулуштар өткөрүлүп, көңүл чордонунда турган теманы талкуулоо үчүн ага жергиликтүү тургундар, жаш активисттер жана айылдык кеңештин депутаттары чакырылчу. Кээде маселени чечүүнүн ыктымал жолдору тууралуу талаш-тартыштар катуу дискуссияга айланып кетчү. Эң негизги маселе – каржылоо булактарын табуу. Түрдүү варианттар каралып, натыйжада чөпкө байланышкан ийгиликтүү тажрыйбаны эстешип, дал ушул “каржылоо булагын” колдонуу керек, чөптү сатуудан түшкөн акчага зарыл болгон материалдарды сатып алып, эрте жазда дамба куруш керек деген бир чечимге келишти. Депутат Мирбек КАРАБАЛАЕВ чыгашалардын болжолдуу сметасын түзүп, долбоордук иштерди бүтүрүүгө сөз берди. Ошентип жаштар кайрадан көчөлөрдү кыдырып, чөптү чогултуунун себептерин түшүндүрө башташты.

Бул жолу иш бир кыйла жеңил болду жана чөптү чогултуу боюнча акция апта ичинде бүттү: ага айыл өкмөт башчысы, жаштар, жергиликтүү кеңештин депутаттары жана айылдын активисттери катышты. Чөптү чогултуу жана сатуу, ар бир үй-бүлөнүн салымы зарыл болгон документтерди толтуруу жолу менен белгиленип жатты. Чогулган чөптүн ар бир таңгагы 70 сомдон сатылды. Жалпысынан ар бир 114 үй-бүлөдөн 570 таңгакталган чөп чогулду. Айрым жашоочулар 500 сомдон накталай акча беришти. Чөптү сатуунун натыйжасында 45 миң сом чогулду, депутаттар болсо 10 миң сом беришти.

Жаздын келиши менен биз зарыл болгон курулуш материалдарын Бишкектен жеткирип бардык. Иш үзгүлтүккө учурабашы үчүн жергиликтүү жаштардын ичинен курулушка төрт адамды тарттык. Айыл өкмөт башчысы Жумакадыр ИСМАИЛОВ, депутат Мирбек КАРАБАЛАЕВ жана жергиликтүү уюмдун төрагасы Амантур ДООТАЛИЕВ дамбанын курулушун чукул арада жыйынтыктоого ар тараптуу колдоо көрсөтүштү. Айыл жашоочулары кварталдарга бөлүнүп алышып, нөөмөткө турушту. Өз демилгелери менен алар жумушчулар үчүн ысык тамак уюштурушту. Туруктуу негизде иштегендерге жергиликтүү кеңештин депутаттары маяна катары 1000 сомдон бөлүп беришти.

Жалпы жонунан курулуш иштеринин алгачкы этабында 70 000 сом сарпталды. Бирок бул пландалган иштин бир бөлүгү гана болчу жана жумуштарды улантууга дагы акча талап кылынды. Мунун да жолун таптык: биз Нарын райондук өнүктүрүү фондуна долбоор жазып, 105 миң сом алдык. Бул долбоордун алкагында айыл өкмөтүнүн өз салымы талап кылынгандыктан жергиликтүү администрация 30 миң сом бөлүп берди. Жумуштарды долбоор белгиленген убакта бүтүрө алдык.

Бул демилгени жүзөгө ашыруунун жыйынтыгы боюнча 2000 жергиликтүү тургун пайданын кыйыр, ал эми 1500 адам түз алуучусу болуп калды. Курулуш иштерин уюштурууга катыша албай калган жергиликтүү тургундар да колдоосун билдирип, моралдык жактан жардам берип турушту. Өтө көп элеттиктер өз демилгеси менен курулуш жүрүп жаткан жерге келишип, колдон келген жардамын берип турушту. Жыйынтыгын көргөндөн кийин жергиликтүү тургундар тамшануусун жашыра албай, демилгечилерге жана бул иштерге тиекелей катышкандарга ыраазычылыгын билдирип жатышты. Алар келечекте мындай демилегелерди сөзсүз колдой турганын баса белгилеп турушту.

Жогоруда аталган демилгелерди ишке ашыргандан тышкары, Учкун айылынын жаштары элеттиктердин турмуш шартын жакшыртуу боюнча башка дагы долбоорлорго жигердүү катышып, көптөгөн мактоо сөздөрдү угуп жүрүшөт.

Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө мыйзамынын негизги багыттарынын бири болуп “балдар жана жаштар менен иштөө боюнча иш-чараларды уюштуруу” эсептелинет эмеспи. Буга байланыштуу биз окуу-билим берүү борборун ачууну чечтик. Бул борбордо англис жана орус тилдер курсу, укуктук сабат-

туулукту жогорулатуу, комуз черткенди үйрөтүүчү, манас айтуу курстары, түрдүү тренингдер жана семинарлар өткөрүлүп турмак. Бул максатка жетүү менен айылда жаштардын жигердүү бөлүгүнүн өкүлдөрү айылдын күнүмдүк көйгөйлөрүн жана аларды чечүү жолдорун талкуулоо үчүн чогулуп турушат деп ишенебиз. Албетте жаштарда өзүнүн билим деңгээлин жогорулатуу, болочок кесипти тандоодо багыт алуу жана башкаларга үлгү болуу мүмкүнчүлүгү пайда болот. Ошондуктан конкурста утуп алсак байге фондунун каражатын окуу-билим берүү борборуна эмерек жана жабдуу сатып алууга багыттайбыз.

Борбор үчүн имарат табылган, ал айыл өкмөтүнүн жанында жайгашкан жана окуу-билим берүү борбору үчүн атайын курулган. Чынында ал узак убакыт бою ээн тургандыктан бир аз эскире түштү. Азыр жаштар уюмдарынын күчү менен ал жакта ремонттук-калыбына келтирүү иштери жүрүп жатат. Биз талаптагыдай шарттарды түзө алсак борбор өз ишин жандандырат деп күтүп жатабыз.

Курстарда жана ийримдерде сабак өтүү үчүн элеттик мектептен жаш мугалимдерди же жогорку билими бар, азырынча адистиги боюнча иш издеп жүргөн жергиликтүү жаштарды тартуунун эсебинен педагогикалык жамаат түзүлөт. Курстар акынын негизинде болот, педагогдордун эмгек акысы ошол каражаттын эсебинен төлөнөт.

**Мирбек КАРАБАЛАЕВ,**
айылдык кеңештин депутаты

МЕКТЕПКЕ ЧЕЙИН ЖАНА МЕКТЕПТЕ
БИЛИМ БЕРҮҮ ҮЧҮН ШАРТТАР



# Жылуу мектеп жана бала бакча жаштар борборун өнүктүрүүгө шыктандырат

**Ак-Чий АА, Нарын облусу**

М.Балбаков атындагы орто мектеп Ак-Чий айылында 1991-жылдан бери иштейт. Имарат эки кабаттан турат: биринчисинде мектеп болсо, экинчи кабатында адамдар жашайт. Ушул эле жерде ФАП орун алган. Ал эми 2010-жылдан бери “Нур-Эл” бала бакчасы да иштеп келатат. Имарат узак убакыт бою начар абалда турду – чатырында бир нече жеринде шифер талкаланып, имараттын каалгалары жана терезелери такыр эле эскирип калган. Ал эми бала бакчага бөлмөлөр такыр жетпей жаткан болчу. 2015-2016-жылдары республикалык бюджеттен дем берүүчү гранттан алынган каражатка чатыр оңдолду, каалга-терезелери алмаштырылды. 2016-жылы “Элдик марафон” өткөрүлүп, 80 000 сом чогулта алышты. Бул акчага имараттын фасады жана экинчи кабаттагы зал оңдолду. Ар бир бөлмөдө, мугалимдер менен макулдашуу боюнча, өз күчтөрү менен ремонт жасап чыгышты. АРИСтин жардамы менен мектеп үчүн музыкалык аппаратура, эмерек, кеңсе техникасын сатып алышты. Ошентип, эки жыл ичинде чатыры жана экинчи кабаты оңдолду, ал эми бала бакчанын аянтын



көбөйтүүнүн эсебинен балдар үчүн дагы кошумча он орун ачылды.

Имаратта жылытуу системасы анда жайгашкан бардык үч мекеме үчүн бирдей эле. Бирок жыл өткөн сайын ал катуу эскирип, акыркы учурда авариялык абалга көп кептеле баштады, мунун айынан трубаларды оңдоп, алмаштыруу иштери көп болчу. Имараттагы болгон жылытуу системасын алмаштыруу тууралуу маселени айылдык аймактын стратегиялык планына киргизишти. Андан соң БИРГЕ Долбоорунун конкурсуна катышуунун алкагында көйгөйлөрдү аныктоонун жүрүшүндө аймактагы эки негизги көйгөй аныкталды: М.Балбаков атындагы мектепте жылытуучу системаны алмаштыруу жана Жаңы-Тилек айылындагы клубдун чатырын алмаштыруу. Бул эки объекттин абалы менен кенен таанышып чыккандан кийин атайын түзүлгөн комиссия мектептеги жылытуучу системаны алмаштырууну артыкчылыктуу маселе деп тапты. Натыйжада БИРГЕ Долбоорунан 21 000 АКШ доллары алынды. Смета боюнча жумуштарды жасоого 1 240 149 сом талап кылынгандыктан кызматкерлер ремонтко өз акчасын кошууну чечишип, кошумча 65 миң сом чогултушту. Бардык жумуштарга 111 057 сом сарпталды. Азыр эки кабаттуу имарат жакшы жылытылып жатат: көчөдө 28 градус суук болуп турган чакта мектептин, бала бакчанын жана ФАПтын ичинде температура 18 градустан ашпайт.



403 143 сом көлөмүндөгү калган акча Жаңы-Тилек айылындагы клубдун чатырын оңдоого багытталды. Бул объектке кеткен чыгымдын жалпы суммасы 722 147 сомду түздү. Алардын ичинен жергиликтүү жамаат тарабынан 280 618 сомго жумуштар жасалды, элеттиктердин жеке салымы 38 386 сом болду. Азыр клубдун имаратында бала бакча, ФАП жана китепкана жайгашкан.

Учурдагы көйгөйлөрдү комплекстүү чечүүдө максатка ылайыктуулугун белгилегибиз келет. Биринчи кезекте турган эки долбоорду бир эле маалда ишке ашыруу биздин аймактын калкы арасында социалдык биримдикти бекемдөөгө жардам берди. Адамдар ушул күнгө чейин жасалган иштер тууралуу сыймыктануу менен айтып жүрүшөт жана жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүгө мындан ары да жигердүү катышуу ниеттери бар. Жергиликтүү демилгени ишке ашырууда биринчи кезекте айрым адамдардын эмес, жалпы жамааттын кызыкчылыктарын эске алуу маанилүү болгону анык.



Жылытуучу системаны реконструкциялоо жергиликтүү жашоочуларга дем берип, алар жамааттын көйгөйлөрүн чечүүгө күчү жете тургандын түшүнүштү. Калктын активдүүлүгү да бир кыйла жогорулады. Элеттиктер донордук уюмдардын колдоосу алдында жергиликтүү демилгелерди илгерилетүү мүмкүнчүлүктөрүнө кызыга башташты. Бул багыттагы иштерди улантуу менен айылдын динамикалуу өнүгүүсүнө көмөктөшсө болоору анык.

Эми Ак-Чий айылында жаштар борбору үчүн бөлүнүп берилген имараттын ремонттук иштерине ресурстарды биргелешип издөө зарыл. Имарат көп жылдардан бери кароосуз калганына карабастан, анын техникалык абалы бир кыйла жакшы. Ушул тапта терезелер жана эшиктер орнотулуп, электр жарыгы өткөрүлдү. Имарат тышкы жана ички косметикалык ремонтко муктаж.

Имараттын реконструкциясы анда бош убакытты өткөрүү үчүн секцияларды ачып, айылдын көйгөйлөрүнө болгон кызыгууну жаратып, жергиликтүү деңгээлде чечимдерди табуу үчүн зарыл. Анткени азырынча жаштарда бир жерде чогулуп, көйгөйлөрдү талкуулап, чечим издей турган жери жок. Бул маселе жылдын кыш мезгилинде өзгөчө актуалдуу боло баштайт. Бул жерде жаштардын малыматтык борборун ачуу максатка ылайыктуу болмок.

**Аскар ЖУНУСОВ,** айылдык кеңештин төрагасы

# Беш аялдын күчү бала бакча ачууга жетет

**Ак-Жар АА, Ош облусу**




Ош облусунун Өзгөн районундагы Ак-Жар айылдык аймагында көп жылдан бери бала бакчанын жоктугу өтө курч көйгөй болуп келатат. Мектепке чейинки курактагы балдар бул жерде көп, алардын көбү – чет өлкөдө иштеп жүргөн мигранттардын балдары. Алар балдарын ата-энесинин жана жакын туугандарынын кароосуна калтырып кетүүгө мажбур. Жашоо көрсөткөндөй, бул балдарга дайыма эле жетиштүү көңүл бурула бербейт, өз убагында тамактанышпайт, күндүз укташпайт, акыл-эсин өнүктүрчү көнүгүүлөрдү жасашпайт. Балдар мээримге жана камкордукка бөлөнгөн бала бакча ачуу анык болуп турду.

Бул маселени чечүү үчүн айылдык кеңештин депутаты Арууке АБДУКАРИМОВА ата-энелер тобун түзүү демилгесин көтөрүп, ага беш эне кирди. Алар чогуу жергиликтүү тургун Урмат ТЕМИРОВ менен сүйлөшүү жүргүзүп, ал өзүнүн көптөн бери ээн жаткан үйүн мектепке чейинки мекемеге берүүгө макул болду. Жергиликтүү тургундар жана демилгелүү топ четте карап турган жок жана чакан бала бакчаны уюштурууга колдон келген жардамын беришти: накталай акча менен 6000 сом чогултуп беришип, килем, палас, идиш аякты белекке беришти. Айрымдар үйүнөн төшөк-жууркандары менен керебеттерди да алып келип беришти.

Өз күчү жана каражаты менен заман талабына жооп берген капиталдык ремонт жасашып, жалпы суммасы 200 000 сомго идиш жана эмерек сатып алышты. Натыйжада биздин "Айзирек нуру" бала бакчабыз каттоодон өтүп, 2011-жылдын апрель айынан тартып иштей баштады.

Бул биринчи тажрыйба болду. Андан кийин ушундай эле иштер башка айылдарда да өткөрүлүп, Арууке өз тажрыйбасы менен бөлүшүп, долбоорлорду уюштурууга жардам берди.

Биринчи кезекте депутат жергиликтүү тургундарды чогултуп, айылдын ар бир аксакалы менен бетме-бет жолугушууларды өткөрдү. Депутат аларга бул демилге канчалык маанилүү болгонун түшүндүрүп, биздин балдардын келечеги тууралуу азыртадан ойлонушубуз керектигин айтып берди. Ал өз иш-аракеттерин айыл өкмөтү, район жетекчилери жана жергиликтүү кеңештин депутаттары менен макулдашып алды.

Тажрыйба башка айылдардагы активисттерди да мобилдштирди. Ак-Жар ААнын жашоочуларындай эле, алар да өздөрүнүн демилгелүү топторун түзүп, кошуналардын тажрыйбасын өздөштүрүп, жергиликтүү жашоочулар балдар үчүн түзүп берген шарттар, иш өндүрүшү менен таанышып чыгышты. Айрымдар бул тажрыйбаны өз айылында ийгиликтүү түрдө кайталай алышты.

Белгилей кетүүчү жагдай, 2011-жылы долбоорду ишке ашыруунун баштапкы баскычында айыл өкмөт башчысы М.ТАГАЙБЕКОВ жана райондук билим берүү бөлүмүнүн башчысы бала бакча ачуу тууралуу идеяга караманча каршы болушкан. Бирок мектепке чейинки билим берүү мекемесинин жоктугу элеттиктер үчүн курч турган көйгөй бойдон кала берген. Буга байланыштуу демилгелүү топ айыл тургундарынын атынан өлкөнүн ошол кездеги өкмөт башчысы Ө.БАБАНОВго жана финансы министри А.ЖАПАРОВго, ошондой эле тийиштүү ведомстволордун жетекчилерине кайрылышкан. Алар менен жолугушууларды өткөрүп, ошолордун кийлигишүүсүнөн кийин гана райондук администрациянын башчысы А.ТАЖИБАЕВ долбоорду жеке көзөмөлүнө алган. Натыйжада бала бакчаны ачууга уруксат берилген.

Алгачкы жылдары "Билим берүү мекемелеринде тамактанууну уюштуруу" аттуу үч жылдык программанын алкагында МЕРСИКО уюму бала бакчаны азык-түлүк менен камсыздап турду.

Бала бакчаны жергиликтүү тургундар да унутта калтырышкан жок: Беки КОЧОЕВ баасы 26 000 сомдук күүлөнчөк куруп берди, Төлөш ЭЛБАЕВ 14 000 сом чыгарып, короо ичинде чатырча даярдап берди. Ал эми Ак-Жар айыл өкмөтүнүн жетекчили ар кандай инвентарды сатып алууга 100 000 сом бөлүп берди.

Алгачкы маалда бала бакча 25 баланы гана кабыл алган, бир гана группа болгон. 2013-жылы мектепке чейинки мекеменин мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтип, дагы эки топту ачууга мүмкүн болду. Учурда биздин бала бакчада 75 бала тарбияланат. Бул олуттуу баскычында элеттиктердин, өзгөчө башка



жерде, чет өлкөдө иштөөгө мажбур болгондордун жашоосун жеңилдетти. Балдарды карап калгандарга да бир кыйла жеңил болду. Бала бакчада эртең мененки саат 8ден кечки саат бешке чейин жүргөн балдар дайыма көзөмөл алдында болушат, өз убагында тамактанышат, сыртта ойношот, ошондой эле акыл-эсти өнүктүрүүчү оюндар жана мектепке даярдануу үчүн мүмкүнчүлүктөрү бар. Ал эми алардын чоң ата, чоң энелери үй тиричилиги менен алектене беришет.

Бул демилгени ишке ашыруудан пайданы Большевик айылындагы 500 үй-бүлө алды. Ошондой эле анын пайдасын жакын жерде жашаган айылдын тургундары да – 500гө жакын киши сезе алышты. Алар биздин практикага кызыгып, аны өздөрүндө колдонуп көрүүнү чечишти.

Демилгени ишке ашыруу процессинде административдик чыгымдар 150 000 сомду түздү. Бул акча түрдүү жолугушууларды өткөрүүгө, зарыл документтерди жол-жоболоштурууга кеткен төрт жыл ичинде сарпталды. Бала бакчанын туруктуу иштешин камсыздоо үчүн тийиштүү ведомстволордо сүйлөшүүлөрдү өткөрүү үчүн Бишкекке барып-келүүгө туура келди. Бала бакчанын муктаждыктарына көмүр, отун жана зарыл инвентарларды сатып алууга байланыштуу документтерди макулдашууга көп убакыт жана каражат сарпталды.

Элеттиктердин активдүүлүгүн жана демилгечилдигин жогорулатууда “Элдин үнү жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс” Долбоору менен кызматташтык чоң мааниге ээ. Мурда бул тема жашоочулардын көңүл сыртында кала берчү, биз бюджет эмнеден тураарын, акчабыз кайда сарпталып жатканын, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун максаттары жамааттын чыныгы керектөөлөрүнө шайкеш келеби же жокпу – буларды баарын билчү эмеспиз.

Азыр болсо баары башкача. Айталы, 2018-жылдын бюджети боюнча коомдук угуулар өткөрүлдү. Анын жүрүшүндө айыл жашоочулары муниципалдык финансыны жакшыртуу боюнча өз сунуштарын беришти. Эми элеттик активисттер жергиликтүү бюджеттин аткарылышына көңүл кош мамиле жасабайт деген ишеним пайда болду.

Демилгелүү топ бала бакчада шарттарды жакшыртуу боюнча ишти уланта бермекчи. Отургучтарды, балдар үчүн оюнчуктарды, компьютер жана ал үчүн атайын үстөлдү, түстүү принтерди сатып алып, оюн аянтчасын түзүш керек. Максаты – балдарды тарбиялоонун жана окутуунун заманбап усулдарын колдонуу үчүн зарыл болгон шарттарды түзүү. Бул болсо балдардын ар тараптуу өнүгүүсүндө биздин мүмкүнчүлүктөрдү жогорулатат.

**Арууке АБДУКАРИМОВА,** Ак-Жар айылдык аймагынын Большевик айылынын тургуну

# Ашкана – бала бакчадагы өтө маанилүү объект

**Ак-Тал АА, Нарын облусу**

Бала бакчадагы ашкананын абалы жакынкы мезгилге чейин Ак-Тал айылынын жамааты үчүн башкы көйгөй болуп келген. Бул жерде ашкананы талапка ылайык оңдоп-түзөп, жабдуу киргизүү демилгесин балдардын ата-энелери көтөрүп чыгышты.

Ашканага деп бөлүнгөн жайдын узундугу 8,5 метр, кеңдиги 4,5 метр болчу. Аны үч бөлмөгө бөлүү тууралуу чечим кабыл алынды. Бири – тамак-аш даярдоо үчүн, экинчиси кампанын ролун аткарат, үчүнчүсү медпунктка айланмак. Албетте аянт чакан эле, бирок демилгечилер үчүн бул долбоорду жүзөгө ашыра алганы маанилүү болду.

Балдардын ата-энелери – АЙДАКЕЕВ Улан, ИМАНКУЛОВ Абай, МАРКАТАЕВ Акжолтой, ТОКТОРОВ Улан, ОМОРОВ Жакшылык, МААКЕЕВ Адыл, НАРМАТОВ Мирлан жана АШЫРБЕКОВ Алтынбек үч машине ылай жүктөп келишип, дубалды штукатуркалоого жардам беришти. МААКЕЕВ Адыл өзүнүн “Газ-53” машинесинде ылайды ташуу үчүн үч жолу рейс жасады. Заливкалоо жумуштарын Исакова Перизат, Асанова Гүлмира, Дүйшөмбиева Кенже жана Нарматов Мирлан жасашты. Улуу муундун өкүлдөрү болсо курулушчулар үчүн ысык тамак ташып турушту. Ашкананын курулушу үчүн зарыл материалдарды Ак-Талаа районунун ар кайсы жерлеринен ташып келип турушту. Кээде биздин айылдан 40 километр

аралыкта жайгашкан жерлерге чейин бардык. Мында жергиликтүү тургун АКЖОЛТОЙ уулу Элдиярдын “Мерседес-Бенц” үлгүсүндөгү машинесин колдонуп жаттык. Чатырды жабуу иштерин НАРМАТОВ Мирлан жана АБЫЛОВ Жамалдин аткарды. Жамгыр жааганда бала бакчанын кызматкерлери үчүн имаратка кирип-чыгуу ыңгайлуу болсун деп, чакан чатырды да куруп коюшту.

1-сентябрга карата ашкана толугу менен даяр болду. Анын курулушуна эки машине шагыл, он мүшөк цемент, 12 стропил, он бет шифер, 40 метр рейка, он даана арматура, эки мүшөк акиташ, үч банка көк түстөгү сыр, бир банка битум лак, он метр айнке вата, беш бет ДВП, үч каалга, эки терезе рама кетти. Линолеум жетпей калган жерлерди ашпозчулар өз эсебинен тегиздеп чыгышты.

Идиштердин жетишсиздиги негизги көйгөйлөрдүн бири бойдон кала берүүдө. Коомдук тамактанууга карата санитардык-гигиеналык талаптар боюнча ар бир тамак өзүнчө табакка салыныш керек. Жуула турган идиш өзүнчө бөлүнүп турушу зарыл. Тилекке каршы мындай шарттарды түзүү мүмкүн болгон жок. Ашканада муздаткыч, нан бышыруу үчүн меш, электрондук тараза, эки чака, эки чоң табак, каскан, эмалдан жасалган казан, ошондой эле компот, шорпо, буламык үчүн 46 даана идиш, жер-жемиш жана нан тууроо үчүн тактай турат. Бул идиштин кайсы бир бөлүгүн ата-энелер өз эсебинен сатып беришкен.

Демилгени ишке ашыруу үчүн 50 000 сом талап кылынды. Бул сумманы кызматкерлер жана балдардын ата-энелери чогултуп беришти. Ушуга эле 30 000 сомду кошуш керек – элеттиктердин эмгек салымы мына ушул суммага бааланды. Жергиликтүү бюджеттен болбогон акча бөлүндү. Азырынча донордук каржылоо да жок.




Азык-түлүктү сактоо үчүн кампа тууралуу айта турган болсок, ал талапка жооп бербейт. Себеби азык-түлүктү сактоо үчүн орун жетишсиз. Мисалы, ун сактоо үчүн идиш эскирип бүткөн. Гречка, макарон, күрүч, камыр, кумшекер дүкөндөн же базардан кандай алып келинсе, ошол бойдон целлофан баштыктарда сакталат.

Бирок бүгүнкү күндө баары бир нерсени түшүнүп турушат – ашканадагы жумуш шарттарын бир топ жакшырта алдык. Демек балдардын тамактануусу да оңолду. Демилгечилер болсо баштаган ишин улантып жатышат.

**Кенже ДҮЙШӨМБИЕВА,**
Ак-Тал айылындагы
бала бакчанын чарба башчысы

# Бала бакчаны ачып, жабдууларды алып берип, тегерегин тосуп чыгышты

**Бурана АА, Чүй облусу**

Бурана айылдык аймагынын курамына төрт айыл кирет. Алар: Дөң-Арык, Бурана, Алга жана Мээнеткеч. Аймактын аянты – 6 969 га, калкы – 6 030 адам, алардын ичинде 3 110 аял. 2005-жылдын ноябрына чейин көпчүлүк үй-бүлөлөр алардын экономикалык абалына таасирин тийгизген көйгөйдү чече албай келишти – балдарды үйдө калтыра албагандыктан энелер ишин таштап, үйдө бала багып отурушчу.

Дөң-Арык айылында мындай көрүнүшкө моюн сунуп отуруп калууну каалашкан жок. Жамааттын чогулушунда мектепке чейин билим берүү мекемесинин жоктугу элеттиктердин эң олуттуу көйгөйү катары аныкталып, аны сөзсүз түрдө чечиш керек деген чечим кабыл алынды. Бала бакча ачуу үчүн өзүнчө имарат табылбагандыктан ал Калча орто мектебинин имаратында, биринчи кабатта ачылды. Мектептин сол канатында төрт бөлмө бөлүп беришип, аны мугалимдердин, коомчулуктун жана ЖӨБдүн күчү менен бала бакчага айландырышты. Ачылган күндөн баштап бала бакчага 80 наристе баруууда: 4-5 жаштагы 43 бала жана 5-6 жаштагы 37 бала.

“Келечек Дөң-Арык” деп аталган бала бакчанын ачылышында ата-энелер өз акчасына керебет, матрас жана жууркан сатып алышты. Айыл өкмөттүн бюджетинен ремонтко деп акча бөлүндү. Мындан тышкары жергиликтүү бийлик балдардын тамакта-

нуусун да өзүнө алды. Бул маселени чечүүнүн натыйжасында жогорку педагогикалык билим бар жаш энелер жумушка чыгып, бул болсо үй-бүлөлөрдүн бюджетине оң таасирин тийгизди.

2016-жылы мектептин бардык жайларында – биринчи кабаттан үчүнчү кабатка чейин даараткаларды толугу менен оңдоп чыгуу боюнча долбоорду иштеп чыктык. Долбоор конкурста жеңүүчү деп табылып, Швейцария Өкмөтү тарабынан Өнүктүрүү саясат институту аркылуу 1 000 000 сом көлөмүндө каржылоо алды. Окуу жайдын жана ушул эле жерде жайгашкан бала бакчанын бул маанилүү маселеси ийгиликтүү чечилди.

Бирок жаңы көйгөй пайда болду: бала бакча имараттын сол канатында орун алып, мектептеги калган жайлардан обочолонуп калгандыктан, 2005-жылы эле балдар аянтчасы уюштурулуп, тосмо орнотулган. Анын узундугу 30 метр жана бийиктиги бир метр болгон. Бирок убакыт өтүп, тосмо эскирди, кээ бир жерлерде тешик пайда болуп, имаратка чоочун адамдар кирип келип, өздөрүнөн кийин балдар аянтчасында бош бөтөлкөлөрдү калтырып кетишчү. Мындан тышкары бул балдардын коопсуздугуна да коркунуч жаратып турду. Бул көйгөй 2015-жылы эле артыкчылыктуу деп табылган жана дээрлик эки жылдан кийин аны чечүү үчүн мүмкүнчүлүк пайда болду.

Бул үчүн 2017-жылдын жаз мезгилинде айыл өкмөтүнүн өкүлдөрү менен балдардын ата-энелеринин жолугушуусу болуп, ал “Биздин жашоо – бала бакчада” деген ураан менен өткөн. Чогулуштун жыйынтыгы боюнча тосмонун ремонтунун сметасы 64 083 сом деп түзүлгөн. Жергиликтүү бюджеттен 30 000 сом бөлүнсө, калган 34 083 сомду ата-энелер чогултуп беришти. Бул акчага ошондой эле узундукта, бирок бул жолу бийиктиги 1,5 метр болгон жаңы металл тосмо орнотулду. Мындан тышкары бул акча эшикти орнотууга да жетти. Анын бийиктиги эки, кеңдиги үч метр болду.

Бл демилгени биргелешип ишке ашыруу жергиликтүү бийлик органдары менен элеттиктердин өз ара кызматташуусунун жакшы тажрыйбасы болуп калды. Эки тарап тең бири-бирине ишеним артып, олуттуу маселелерди биргелешип чечүү көбүрөөк пайда алып келээрин, демилгени “төмөндөн жогору карай” активдештирүүгө көмөктөшөөрүн түшүнүштү. Аткарылган жумуштар тууралуу маалымат атайын такталарга, муниципалдык сайтка жайгаштырылды. Ушул эле жерлерге ата-энелерден долбоордун бардык катышуучуларына ыраазычылык каттары жайгаштырылды.



Анткен менен ушул күнгө чейин бала бакчадагы наристелердин күндүзгү уйкусу маанилүү маселе бойдон кала берүүдө. Жогоруда көпчүлүк керебеттерди ата-энелер бала бакчанын ачылышында белек кылганын айтпадыкпы. Бирок бөлмөлөр кичинекей болгондуктан алардын баары эле батып кеткен жок жана бир нече керебетти бири-бири менен бириктирүүгө туура келди. Мында орто жана жогорку топтогу балдар үчүн эки кабат керебетти сатып алуу жакшы чечим болмок, ошондо балдардын ар бирине орун табылып, түштө жакшы укташмак.

Бул көйгөйдү жамаат бир нече жолу талкуулап, акыры АӨ башчысы Канатбек АШЫМОВ жергиликтүү кеңештин депутаттарынын макулдугу менен 30 000 сом бөлүп берди. Демилгелүү топ ишти соңуна чыгаруу үчүн каражат издеп жаткан кези.

**КАНЖАЕВА Замира,**
демилгелүү топтун мүчөсү

# Биздин балдар ыңгайлуу бала бакчага татыктуу

**Көк-Жар АА, Ош облусу**

Көк-Жар айылдык аймагы үчүн мектепке чейинки мекемелердин жетишсиздиги актуалдуу көйгөй болуп турат. Иштеп жаткан бала бакчаларда жакшы шарттар жок. Айыл өкмөтүнүн бюджетинен жыл сайын имараттын ремонту үчүн акча бөлүнүп келген. Ата-энелер мүмкүнчүлүгүнө жараша мекемени зарыл эмерек жана окуу куралдары менен жабдууга жардам берип келишти. Оюн жана спорт аянтчаларынын жоктугу – дагы бир көйгөй.

Мына ушул көйгөйлөрдүн баарын чечүүгө биринчилерден болуп Жийде айылындагы “Жийде-Булак” бала бакчасына балдарын берген ата-энелер киришти. Учурда бул мектепке чейинки мекемеде 65 бала тарбияланат, анда 16 кызматкер иштейт. Бул

жерде чечилбей келаткан маселелер бир топ болгонун ата-энелер аныктап чыгышты. Чатырчалар жок болгондуктан балдар катуу ысыкта да, жамгыр жааган күнү да ачык асман алдында ойношчу. Мунун баары алардын ден соолугуна терс таасирин тийгизип келди. Ата-энелер демилгелүү топ түзүп, бул маселени жалпы чогулушта көтөрүп чыгышты жана бала бакчанын башчысы катары мага маселени чечүү жолдорун табууну тапшырышты. Мында мага демилгелүү топтун лидери Нуржамал АКИМОВА жардам берди, аны болсо ата-энелер өздөрү дайындашты. Бул маселени айыл өкмөтүнүн деңгээлинде чечүү үчүн биз арыз жаздык. Анткен менен айыл өкмөтү бюджеттик каражат чектелүү болгонун айтып, бирок ошол эле маалда эл аралык донорлорду тарта алсак, каражат жагынан жардам берүүгө даяр экенин белгилешти.

Бизге оңой болгон жок – көптөгөн инстанцияларды айланып чыкты. 2015-жылы эл аралык "Балдарды коргойлу" фонду "Кыргызстандын балдары үчүн мыкты билим берүү жана мыкты бала бакча" Долбоорун ишке ашыра баштады. Биз ошого катышууну чечип, өтүнмө жаздык. Бизге долбоорду ишке ашыра баштоо үчүн демилгелүү топ түзүшүбүз керектигин айтышты. Бул маселенин жарасы жеңил эле. Себеби бала бакчада курамына 25 киши кирген ата-энелер тобу иштеп жаткан. Аталган долбоордун алкагында жайкы чатырча куруу тууралуу чечим кабыл алынды. Бул демилгени ишке ашырууга айылдын тургундары жигердүү катышып, демөөрчүлүк жардам түрүндө 50 000 сом чогултуп беришти. Долбоор болсо 118 000 сом бөлүп берди. Мындан тышкары Көк-Жар айыл өкмөтү ремонт иштерине деп жергиликтүү бюджеттен 50 000 сом бөлүп берди.

Жумуштарды аткарууга үч ай убакыт кетти. Натыйжада бала бакчанын короосунда узундугу 9 метр, кеңдиги 5,5 метр болгон, бардык заманбап талаптарга жооп берген чатырча пайда болду.

Жумуштардын ийгиликтүү жана өз убагында жыйынтыкталганын, калктын мобилдешүүсүн, ошондой эле айыл өкмөтүнүн кызматташтыкка умтулуусун эсепке алуу менен, долбоор бала бакчага кошумча 25 отургуч жана 9 үстөлдү белек катары бөлүп берүү тууралуу чечим кабыл алды. Ошентип, бир көйгөйдү чечебиз деп отуруп, эки маселени чечип салдык. Отургучтар жана үстөлдөр абдан керекке жарады – балдар үстөлдө түз отурганды, тамак ичип жатканда өздөрүн туура алып жүргөндү үйрөнүштү. Ошондой эле бул эмеректер балдарга окуганды жана жазганды үйрөтүүдө бизге жардам берип жатат.

Мындан тышкары 1384000 сом көлөмүндө мамлекеттик дем берүүчү гранттын эсебинен "Жийде-Булак" бала бакчасынын капиталдык ремонт иштерин жасай алдык. Аны менен катар полду, жылытуу системаны жана канализацияны жаңылап чыкты.

Элеттиктердин тажрыйбасы аймактагы башка айылдардагы мектепке чейинки мекемелеринин



кызматкерлеринин көңүлүн бурду. Бул тажрыйбаны өткөрүп берүү үчүн семинар уюштурулду. Айыл өкмөтүнүн жетекчилиги биздин тажрыйбаны үйрөнүү маселесин өзүнүн 2016-жылдагы иш-чаралар планына киргизип, бала бакчалардын башчыларына донордук уюмдарды издөө боюнча ишти баштоону тапшырды. Анткен менен донорлорду табуу мүмкүн болбой, баары кагаз бетинде кала берди.

Калктын өтүнүчү боюнча айыл өкмөтүнүн жетекчилиги ар бир бала бакчада жайкы чатырчаларды куруу тууралуу маселени артыкчылыктуу тапшырма катары 2017-жылга өзүнүн иш планына киргизди. Бул жылы администрация Каранай айылындагы "Таң нуру" бала бакчасында чатырча курууга жергиликтүү бюджеттен 250 000 сом бөлүп берди. Мындан тышкары ата-энелер демилгелүү топ түзүп, 42 000 сом көлөмүндө акча чогултушту.

Бул демилгени ишке ашыруу айыл өкмөтүнүн кызматкерлерин жергиликтүү маанидеги маселелерди жергиликтүү тургундар менен биргелешип чечүүгө үйрөттү. Бул болсо элеттиктердин жергиликтүү өз алдынча башкаруу органына болгон ишенимин арттырат. Ушундай эле демилгелер башка чөйрөлөрдө да ишке ашырылып келатат. Айыл өкмөтү өз ишин жергиликтүү жашоочулардын кызыкчылыктарын жана керектөөлөрүн эсепке алуу менен аткарууга умтулуп келүүдө.

Аткарылган бир топ иштерге карабастан "Жийде-Булак" бала бакчасында бүгүнкү күндө балдардын күндүзгү эс алуусу үчүн керебеттер жетишпей жатат. Ошондуктан эгерде конкурстан жеңип алсак, байге фондунун каражаты эки кабаттуу керебеттерди сатып алууга багытталмакчы. Бул болсо бул жердеги балдардын ыңгайлуулугун арттырат, башкача айтканда балдарга карата камкордукту жакшыртат.

Мындан тышкары конкурста жеңиш жаңы демилгелерди ишке ашыруу үчүн жакшы дем болуп бермекчи. Ата-энелер, демөөрчүлөр, ошондой эле жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары өз жардамын аяшпайт. Анын үстүнө ушул тапта бала бакчада жергиликтүү бюджеттеги каражаттын эсебинен балдар дааратканасынын курулушу башталды.

**Чолпонай ЖУСУПОВА,**
Көк-Жар айылдык аймагынын Жийде айылындагы "Жийде-Булак" бала бакчасынын директору

# Мектеп ремонттолду, алдыда жаңы тапшырмалар турат

**Кочкорбаев АА, Чүй облусу**



Биздин Кочкорбаев айыл өкмөтү Чүй облусунда жайгашкан. Буденовка айылы бул аймактын курамына кирет жана бул жердеги орто мектеп акыркы жылдары өтө начар абалда турат. Мектеп 1975-жылы курулган жана ошондон бери бир дагы жолу капиталдык ремонт иштери жүргөн эмес, терезе-каалгалары алмаштырылбагандыктан өтө эскирип кетти. Бүгүнкү күндө бул окуу жайында түрдүү улуттагы 720 бала билим алат, 36 мугалим, сегиз техникалык кызматкер иштейт.

Жыл сайын имараттын ремонтуна айыл өкмөтүнүн бюджетинен каражат бөлүнүп келет, бирок бул акча майда иштерди жасоого гана эптеп жетет. Имараттын тышына ремонт такыр жасалган эмес. Кыш мезгилинде класстар суук, себеби терезелерди ар бир сезон сайын канчалык жылуулатууга аракет жасашпасын, баары бир жел уруп турат. Мунун айынан балдар көп ооруйт.

Коомдук угууларда, элдик чогулуштарда жана ЖМБА-сессиялары маалында адамдар имараттын начар абалы тууралуу көп эле айтышкан. Ошондуктан элеттиктер муну жамааттын эң артыкчылыктуу көйгөйүнүн бири катары бөлүп алган. 2016-жылы Кеңеш айылынын тургуну, жергиликтүү депутат Атамша ДУРСУНОВдун демилгеси боюнча мектептин фасадын жана терезелерин оңдоп-түзөө долбоорун каржылап берүү өтүнүчү менен ТИКАга (Эл аралык кызматташтык жана өнүгүү боюнча түрк агенттиги) кайрылуу жолдонгон. Аны агенттиктин өкүлчүлүгүнө элеттик аксакалдардын делегациясы жеткирип берип, долбоордун максаттары тууралуу кеңири айтып беришкен. Демилге колдоого алынып, бизге дээрлик эки миллион сом көлөмүндө каражат бөлүп берүү тууралуу маселе чечилген. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары долбоордук-сметалык документтерди даярдоого жардам беришти. Бюджеттен 3500 сом бөлүндү. Идеянын демилгечиси Атамша ДУРСУНОВ өз чөнтөгүнөн 3000 сом бөлүп берип, бул акча жол кирeге жумшалды. Ал эми жергиликтүү демилге айылдык кеңештин депутаттарынын жардамы менен ишке ашырылды. Натыйжада кыска мөөнөттүн ичинде үч кабаттуу имараттын эки кабатындагы терезелер алмаштырылып, фасад оңдоп-түзөлдү.

Ремонт иштеринин жүрүшүнө жана сапатына, зарыл болгон курулуш материалдарын сатып алууга мониторинг жана баалоо боюнча атайын түзүлгөн топтун мүчөлөрү көз салып турушту. Балдардын ден соолугу жана педагогдордун ийгиликтүү иши жасалган жумуштардын сапатына көз каранды болгондуктан мындай көзөмөл өтө зарыл эле. Жумуштар бүткөндөн кийин мугалимдер мектептин айлана тегерегин жыйнап чыгышты – болгон таштандыларды чыгарышып, жууп тазалашты.

Демилгени ийгиликтүү ишке ашыруу окуу үчүн жакшы шарттарды түзүп берди – класстык бөлмөлөр жана кабинеттер жылуу болуп калды, мунун натыйжасында сабакка келбей калгандардын саны кыскарды, бул болсо окуу жетишкендиктерине да оң таасирин тийгизди. Ата-энелер болсо балдарына кубанып, ийгиликке чогуу жетишкенине сүйүнүп турушту.

Жергиликтүү бийлик органдары ремонт жүрүп жаткан маалда финансы каражаттарын колдонууда толук ачыктыкты жана отчеттуулукту камсыздап беришти. Жергиликтүү кеңештин депутаттары жумуштардын жүрүшү, материалдык каражаттардын колдонулушу жана бул процессте өздөрүнүн катышуусу тууралуу элеттиктерге кеңири маалыматтарды берип турушту. Жасалган иштер, жергиликтүү кеңештин бул долбоорду аткарууга сарпталган каражаттары тууралуу бардык маалыматтар тактага илинип жатты.

Мектепте ремонт иштери башталаары менен жергиликтүү тургундар жумушчуларга жигердүү колдоосун көрсөтүп, кезек-кезеги менен ысык тамак жасап, колдон келген жардамын берип турушту. Эгерде мурда элеттиктер жергиликтүү бийликке талаптарды гана коюп келсе, бул демилгени ишке ашыргандан кийин аны өнөктөш катары кабыл алышып, алакан жайып отура бербестен, мүмкүнчүлүктөрүнө жараша жардам берүүгө киришти. Адамдар бардык маселелерди чогуу, биргелешкен аракеттер менен чечүүгө боло турганын түшүнүштү.

Ошентип, айыл тургундары, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, айылдык кеңеш жана мектеп ортосунда өз ара мамилелер жөнгө салынды. Бул чынжырчадагы субъекттер ортосунда ишенимге негизделген мамилелер түзүлдү. Адамдар

инвестицияларды жана гранттарды тартуу боюнча иш алып барганды үйрөнүштү.

Бул демилгенин ишке ашырылышы тууралуу маалымат Кочкорбаев айыл өкмөтүнүн бюллетенинин төртүнчү санында жарыяланды. 2017-жылдын 17-июнунда чыккан (№24) "Жеңиш туусу" райондук гезитинде айыл өкмөт башчы Э.КЕРИМКУЛОВдун бул долбоорду ишке ашыруу тууралуу отчету басылды.

Балдары ыңгайлуу шарттарда билим алуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болгон ата-энелер ремонттун катышуучуларынын жана жергиликтүү бийликтин дарегине жылуу сөздөрдү аяшкан жок.

"Башында Эркинбек Казбекович турган айыл өкмөтүнүн урматтуу кызматкерлери! Бул жылы биздин айылда абдан жакшы иштер жасалды. Келечек муунга кам көрүү менен биз балдарыбыз үчүн шарттарды түзүп бердик. Көп жылдардан бери көңүл оорутуп келген мектептин имараты жаркырай түштү. Партага отуруп, мектеп жылдарын кайтаргың да келип кетет экен. Атамша байкеге, Бекзат байкеге жана айыл өкмөтүнүн аппаратына ыраазычылыгыбызды билдиребиз. Эми биз алакан жайып, жардам күтүп отура бербеш керектигин билип калдык. Жергиликтүү бийликке ишеним пайда болду, биз биргелешкен аракеттер менен көптөгөн ийгиликтерге жетсе болорун түшүндүк. Баарыңарга ырахмат", - деп айтты Буденовка айылынын тургуну Р. БАШАТОВ.

"Биздин мектептин азыркы абалын көрүп абдан кубанып турам. Мектепке келген балдар да абдан кубанычта. Коноктор келсе да уялбай калдык. Эми балдар мурдагыга караганда жакшы окуйт деп ишенем. Долбоордун демилгечилерине – биздин депутаттарыбыз Атамша байкеге, Бекзат байкеге, айыл өкмөтүнүн аппаратынын кызматкерлерине, башчы Эркинбек Казбековичке терең ыраазычылыгыбызды билдиребиз", - деди Буденовка айылынын тургуну Я. МЕРАЛИЕВА.

Жогоруда сөз болгон демилгенин ийгиликтүү ишке ашырылышына "Элдин үнү жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс" Долбоору менен жемиштүү кызматташтык да оң таасирин тийгизди. Бул долбоордун жардамы менен биздин муниципалитет айылдын көйгөйлөрүн биргелешип аныктоо жана чечүү боюнча жакшы тажрыйба топтой алды.

Айыл өкмөтү элеттиктердин көйгөйүн чечкен орган болуп эсептелет. Бирок бүгүнкү күндө бюджеттеги каражаттардын тартыштыгынан улам жергиликтүү бийлик эски имаратта иштөөгө, эски эмеректерди колдонууга мажбур. Эгерде биз конкурстан жеңип алсак, байге фондунун каражатын айыл өкмөтүнүн кызматкерлеринин иши үчүн татыктуу шарттарды түзүп берүүгө, зарыл болгон кеңсе эмеректерин сатып алууга, элеттиктер менен ар кандай жолугушуулар өткөрүлгөн бөлмөлөрдү жабдуу максатында колдонобуз.

Бүгүнкү күндө жогоруда баяндалган жергиликтүү демилгени ишке ашыруу соңуна чыгып калды. Белгиленген план дээрлик аткарылды. Алдыда жаңы демилге турат: мектептин имаратынын алдына таманташ төшөө үчүн каражат табуу зарыл. Ошону менен бирге айылдын социалдык-экономикалык өнүгүүсүнө жетүү үчүн биргелешкен аракеттер планын ишке ашыруу боюнча иштер улантылат.

**Лира СҮЙҮНТБЕКОВА,**
Кочкорбаев айыл өкмөтүнүн жооптуу катчысы

# Токсон наристе бала бакчага барышты

**Кызыл-Суу АА, Ош облусу**



Кызыл-Суу айылдык аймагынын Талаа айылында өткөн элдик чогулушта жергиликтүү тургундар мектепке чейинки билим берүү, ошондой эле аларды бекем ден соолугу үчүн талаптагыдай шарттардын жоктугу көйгөйүн көп эле жолу көтөрүп келишкен. Бул көйгөйлөр 2012-2017-жылдар мезгилине карата аймактын социалдык-экономикалык өнүгүү Стратегиясына киргизилген. Бул маселени жергиликтүү тургундары жылдык отчет боюнча чогулуш маалында да көтөрүшкөн. Акыр соңунда бул маселе жамаат үчүн көйгөйлүү жана артыкчылыктуу деп таанылган. Себеби ал жалпысынан 1,5 миң үй-бүлөгө таасирин тийгизип жатты.

ЖӨБ жетекчилиги жана жергиликтүү депутаттар менен биргелешип, жергиликтүү тургундар жо-



лугушууларды өткөрүп, бейөкмөт жана эл аралык уюмдарга кайрылууларды жазып келди. Натыйжада ЮНИСЕФ менен АГАХАН фондунун колдоосуна ээ болушуп, 2013-жылы алардын жардамы менен бала бакча ачышты. Ал С.Нышанбаев атындагы орто мектептин эки бөлмөсүндө орун алды.

Эл аралык ЮНИСЕФ жана АГАХАН уюмдары 60 балага 600 000 сом бөлүп беришти. Бул каражат зарыл болгон инвентарды (китептер, парталар, отургучтар, шкафтар, оюнчуктар, өрткө каршы щит, дааратканa үчүн жабдуулар) сатып алууга багытталды.

Жергиликтүү депутаттардын жана айыл өкмөтүнүн колдоосу менен марафон уюштурулуп, анын жыйынтыгы боюнча 35 000 сом чогулду. Бул акчага буга чейин бош турган дагы төрт бөлмө ондолуп-түзөлүп, колдонууга берилди. Демөөрчүлөр палас сатып алууга жардам беришти. Алардын акчасына бөлмөлөр штукатуркаланып, терезелер жаңыланып, боёлуп, акталды. Уктоочу бөлмөлөргө буга чейин жергиликтүү мектепте турган 40 керебетти киргизишти. Жетпей калган керебеттерди ата-энелер өз акчасына сатып беришти.

Оюн аянтчасын көрктөндүрүү үчүн үч жыл ичинде демөөрчүлөр 100 000 сомдон ашык акча бөлүп беришти. Бул акчага участокту тосмолоп, селкинчектерди орнотуп, жылгаяк жасап, кум төгүшүп, ар бир топ үчүн бөлүнүп берилген участокту жашылдандырып, аны балдардын сүйүктүү жомокторундагы каармандардын сүрөттөрүн тартып чыгышты. Балдардын жайкы эс алуусу үчүн үч боз үй тигилди. Ошентип, жергиликтүү жамааттын, бейөкмөт, эл аралык уюмдардын жана демөөрчүлөрдүн биргелешкен аракеттери менен айылда бала бакча иштеп калды.

Биздин айылда жол коопсуздугу маселеси курч турат, ал эми айылдар ортосундагы аралык өтө эле чоң. Мындан улам балдарды үч саатка гана кабыл алган бала бакча беш ай иштегенден кийин ага барган ымыркайлардын саны кескин азайып кетти. Ал арада ата-энелер бала бакчаны толук кандуу иштетип берүү өтүнүчү менен тийиштүү органдарга тынбай кайрылып турушту. Ошентип, 2014-жылдын март айында ата-энелердин жана айыл өкмөтүнүн биргелешкен аракетинин арты менен токсон балага эсептелинген бала бакча тогуз сааттык режимде иштей баштады. Бул демилгени ишке ашырууга активисттер, жергиликтүү кеңештин депутаттары, айыл өкмөт башчы түздөн-түз жардам беришти.

2015-жылдын август айынан тартып бала бакчанын жетекчилиги айылдык кеңештин, айыл өкмөт башчынын жана башка тийиштүү түзүмдөрдүн дарегине кайрылуу жолдоп, анда мекемени каржылоону бюджетке кошуу өтүнүчүн келтиришти. Текшерүү жүргүзүлүп, тийиштүү документтер даярдалгандан кийин 2015-жылдын 5-октябрынан тартып мектепке чейинки билим берүү мамлекеттин эсебинен каржылана баштап, 21 кызматкер штаттык ырааттамага ылайык айлык акы ала баштаашты. Ошентип, айылда жаңы жумуш орундары түзүлдү. Бирок андан да маанилүүсү – буга чейин мектепке чейинки билим берүүгө камтылбай калган 90 наристе бала бакчага бара баштashты, ал жерден тарбия алышып, окуп жатышат. Башка өлкөлөрдө иштеп жүргөн 180 мигрант ата-эненин кубанычын да өзгөчө белгилей кетким келет. Алар балдарын кары ата-энесине же жөн эле туугандарына калтырып кетүүгө мажбур болушкан. Эми болсо балдары үчүн көп тынчсызданбай калышты десек болот.

Айыл өкмөтүнүн жылдык планынын олуттуу бөлүгү ишке ашырылды. Идеянын демилгечилери долбоордун ишке ашырылышына көз салышууда, алар жылуу сөздөрү жана жаңы идеялары менен колдоо көрсөтүп келатышат.

Бул демилгени ишке ашыруу менен элеттиктердин активдүүлүгүнө дем берилгендей болду: эми жаңы, заманбап, бардык шарттары бар бала бакчанын курулушу тууралуу сунуштар айтыла баштады. Идея айылдык кеңештин чогулушунда каралып, депутаттар 120 орундуу жаңы бала бакчанын курулушуна жер участок бөлүп берүү тууралуу чечим кабыл алышты. Демилге облустук “тегерек столдо” талкууланып, аны Ош ТВнын кабарчылары чагылдырышты. Ага эл аралык ЮНИСЕФ уюму тарабынан да мониторинг жүргүзүлүп жатат. Учурда жаңы бала бакчанын курулушу башталуу алдында турат.

Ал арада жергиликтүү жамааттын демилгелерине колдоо көрсөтүү максатында айыл өкмөтү жергиликтүү мектептин ремонт иштерине деп 70 000 сом бөлүп берди. Бул каражатка курулуш материалдары сатып алынды, ашар жолу менен дубалдар штукатуркаланып, электрмонтаж иштери жасалып, класстар акталып, сырдалды.

Эгерде бизде “Элдин үнү жана ЖӨБ органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс” Долбоору менен кызматташуу мүмкүнчүлүгү пайда болсо, бала бакчанын дагы бир көйгөйү чечилмек. Жогоруда белгиленгендей, жумуш процессинде жаңы тапшырмалар жана керектөөлөр пайда болуп жатат. Биз уктоочу бөлмөгө эки кабаттуу керебеттерди, кийим үчүн шкаф, ошондой эле окуу процессин уюштуруу үчүн зарыл болгон материалдарды сатып алмакпыз. Эгерде байгени утуп алсак, бала бакчанын иш процессинде пайда болгон маселелерди чече алабыз.

**Телегей БОСТОНБАЕВА,**
“Султанмурат” бала бакчасынын башчысы

# Мыкты бала бакча – бул максатка жетүүгө болот

**Мирмахмудовский АА, Ош облусу**



Чапаев айылындагы Беш-Тал участогу 120 үй-бүлө жашаган жаңы конуш болуп эсептелет. Бул жерде адамдар Зулпуев жана Кара-Таш айыл өкмөтүнүн тургундары менен ынтымакта жана биримдикте жашашат. Жергиликтүү тургундар чарбактарын жана жер участокторун Холвой дарыясынан келген суу менен сугарып турушат. Жыл бою бул жерде суу мол болуп турат, ал эми суу кирген маалда дарыя олуттуу коркунуч жаратат. 2014-жылдын жаз мезгилинде бул жерде эки нариste каза тапкан – аларды суу агызып кеткен эле. Ушул кырсыктан кийин жергиликтүү тургундарда, өзгөчө энелерде балдарынын өмүрү жана коопсуздугу үчүн тынчсыздануу пайда болгон. Мындай кырсыкты келечекте болтурбоо үчүн чукул арада чара көрүш керек болду.

Биринчи кезекте айылдык чогулуш өткөрүлүп, анда көйгөйдү талкуулоо процессинде көпчүлүк ата-энелер жаз келгенде талаага эртелей чыгып кетишээри, айылда бала бакча жана мектеп болбогондуктан балдары адатта дээрлик кароосуз калып жатканы маалым болду. Бала бакча аймактан бир топ эле алыста жайгашкандыктан көптөр балдарын ал жакка бере алышпайт, ал эми окуучулар мектепке баруу үчүн күн сайын беш километр жолду басып өтүүгө мажбур.

Кырдаалды эсепке алуу менен энелердин демилгелүү тобу айылдагы жалгыз муниципалдык имаратты ирээтке келтирип, ондоп-түзөп, аны бала бакчага айландырууну сунуштады. Бул имарат мурда канаттуулардын фабрикасы болчу, ал көп жылдардан бери кароосуз жаткан.

Жергиликтүү жамаат чогулуш өткөрүп, лидерин тандап, маселени чечүү жолдорун издөөгө киришти. Өз ара жардамдашуу топтору түзүлүп, өз салымды түзүү максатында каражат чогултуу боюнча иштер жүргүзүлдү. Айыл өкмөтүнө кайрылып, идеяны ишке ашырууга жардам сурадык. Өз кезегинде айыл өкмөт башчысы бала бакчаны ачуу зарыл экенин белгиледи. Ал колдоосун билдирип, администрациянын инвестициялар боюнча адиси Абдихалим ДАДАБАЕВге тийиштүү тапшырмаларды берди. Жамааттын мүчөлөрү Хамида АБДИРАЗАКОВА, Мухтасар АБДИСАЛИМОВА, Самида АБДИКАХАРОВА, Саврихандар БАКИЕВА идеяны иш жүзүнө ашыруу үчүн күчүн да, убактысын да аяшкан жок. Долбоор ишке ашып кетээрине ишенбегендер да болгонун белгилей кетүү керек. Бирок алар жергиликтүү аксакалдардын батасын алгандан кийин ремонт иштерине катышып, шагыл жеткирүүгө жардам беришти. Демилгелүү топ жардам сурап райондук бейөкмөт уюмдарга кайрылып, маалымат чогулта баштады. Натыйжада башында Абдихалим ДАДАБАЕВ турган “Триумфатор” фондунун атынан жазылган долбоор жеңүүчү деп табылды. Ошентип, 2015-жылы айылда бала бакча ачылды.

Бул демилгени ишке ашыруунун натыйжасында Беш-Тал айылынын жашоочулары менен жергиликтүү бийлиги ортосунда өз ара мамилелер оңолуп, айыл өкмөтүнө карата ишеним деңгээли жогорулады. Бирок эң негизгиси – балдар эми дайыма көзөмөл алдында, алардын коопсуздугу үчүн шарттар түзүлдү. Мындан тышкары балдардын мектепке чейинки билим алуусу, алардын саламаттыгын сактоо үчүн шарттар оңолду.

Бул демилгени ишке ашыруунун жүрүшүндө Чапаев айылында да дал ушундай көйгөй аныкталды. Чапаев айылдык аймактан өтө узак аралыкта жайгашкан. Жергиликтүү тургундардын маанайлары көтөрүлө түштү, алар биргелешкен аракеттер менен көптөгөн ийгиликтерге жетүүгө болооруна ишеништи.

Алгачкы этабында ЖӨБ органдары тарабынан кайдыгер мамиле байкалып турганын белгилей кетүү зарыл. Бул көйгөйдү өз алдынча чечүүгө умтулган энелердин активдүү ишин жана аракетин көргөндөн кийин алар бул демилгеге карата мамилесин өзгөртүштү.

Биздин демилгебиз тууралуу ММКда маалыматтар чыккан жок, бирок калк арасында чоң резонанс жаратты. Бала бакчанын ачылышына көп коноктор катышты: Жогорку Кеңештин депутаты Төрөбай ЗУЛПУКАРОВ, Ноокат райондук администрациясынын башчысы Бекболот АЙТИЕВ, жергиликтүү кеңештин депутаттары, А.Мирмахмудов атындагы айыл өкмөттүн башчысы Шухрат ГАФАРОВ катышып, энелердин аракетине таң беришип, бала бакчанын ачылышы менен куттукташты.

Бул окуя айыл тургундарын да абдан кубандыр-



ды. Мисалы, М. АБДУСАЛИМОВА “биз бириксек чоң күчпүз!” деп айтты. “Элдик демилге мыкты жыйынтыктарды берүүдө”, - деп эсептейт айыл өкмөт башчысы Ш. ГАФАРОВ.

Бул демилгени ийгиликтүү ишке ашырууга “Элдин үнү жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс” Долбоору менен кызматташтык көмөкчү болду. Долбоордун семинарларында биз өз укуктарыбыз тууралуу көп пайдалуу маалыматтарды билдик, жергиликтүү маанидеги көйгөйлөр тууралуу терең билим алдык, жергиликтүү бюджеттин ачык-айкындуулугун камсыздоо боюнча процесске катыштык, бул демилгени көтөрүп чыгууга күч таптык. Кызуу талкуулардан кийин айылдагы көйгөйлөргө ЖӨБдүн көңүлүн бура алдык.

Жергиликтүү жамаат 2015-жылы түзгөн демилгелүү топ бүгүн да өз ишин улантууда. Жергиликтүү демилгени ишке ашыруу топко өз күчүнө болгон ишенимди берди, баштаган ишти улантууга жана жаңы долбоорлорду ишке ашырууга катышууга мүмкүнчүлүк түзүлдү. Айыл өкмөтүнүн жана донорлордун колдоосу алдында демилгелүү топтун аракеттери менен курулган бала бакчада бүгүнкү күндө элүүдөн ашуун бала тарбияланып жатат. Бул мектепке чейинки мекеменин ишин жакшыртуу үчүн дагы бир топ иштерди жасаш керек.

Бүгүнкү күндө бала бакчада наристелердин толук кандуу окуусу жана тарбиясы үчүн шарттар жетишсиз болуп турат. Мекеменин аймагы тосулган эмес, ашкана жана дааратканa үчүн өзүнчө жайлар жок. Ашкана болбогондуктан балдар үчүн тамакты корооо жасап келишет. Ал эми дааратканa үчүн балдар кошуна короолорго барышат. Ажааткanaга жетпей, ошол эле жерде даарат ушаткан учурлар болбой койбойт, ал эми бул болсо санитардык-гигиеналык эрежелерди бузуу болуп саналат жана кандайдыр бир оорунун башталышына себепчи болушу ыктымал. Жакында эле жергиликтүү жамааттын аракеттери менен дааратканaнын курулушуна деп жергиликтүү бюджеттен каражат бөлүү тууралуу айылдык кеңеш чечим кабыл алган. Долбоор Ноокат райондук билим берүү башкармалыгында бекитилип, тендер жарыяланды.

Ал эми ашкананын курулушу маселесин жергиликтүү бюджет азырынча чече албай келатат. Ошондуктан ушул тапта каржылоо булактары изделүүдө. Эгерде биз конкурсту утуп алсак, айыл өкмөтү бул маселени чечүүгө колдон келишинче жардам берүүгө даяр турат.

Келечекте биз бала бакчабызды райондогу мыкты мектепке чейинки билим берүү мекемелердин катарына киргизүүгө умтулабыз. Бул куру кыял эмес, бул – балдарыбызга мыкты шарттарды түзүп берүү аракети. Демилгелүү топто иш-чаралар планы бар. Бул пландар “Мыкты бала бакча” наамын алууга жол ачат. Бул үчүн оюн аянтчасын, чатырчаны куруп, бакчанын тегерегин тосмолоп чыгышыбыз керек. Ошондуктан биз дайыма изденип келебиз. Бирок бул маселени биргелешип чечсе болоруна терең ишенебиз.

**Муяссархон УЛМАСОВА,**
“Келечек үмүттөрү” МЧМ жетекчиси

# “Нур-Бакча” МЧМ балдарга камкордукту өзүнө алды

**Узун-Кыр АА, Чүй облусу**

Жыл сайын Узун-Кыр айыл өкмөтүндө мектепке чейинки курактагы балдардын саны өсүп жатат. “Нур-Бакча” мектепке чейинки билим берүү мекемеси 2016-жылдын соңунда көптөгөн энелерге баласы үчүн кам санабай, жумушка чыгууга жол ачты. Аймактагы айылдарда мындай аялдар көп эле болуп чыкты – бул жерде көп балалуу үй-бүлөлөрдүн саны 250гө чамалайт. Мындан тышкары наристелердин бала бакчада болгону өтө пайдалуу. Себеби алар кесипкөй тарбиячылардын көзөмөлүндө болуп, мектепке даярданып, окуу үчүн зарыл билим алышат. Ал эми баары жеңил эле башталган эмес. “Нур-Бакча” 2000-жылы ачылып, 2006-жылдын ноябрына чейин иштеген. Калкынын саны 4040 адамдан турган, бир нече айылды бириктирген аймак үчүн мектепке чнйинки мекеменин жабылышы чындап эле жаман иш болду. Көпчүлүк үй-бүлөлөр финансы жагынан да кыйналышты, себеби энелер жумушун таштап, үйдө бала багып отуруп калышты. Бактыга жараша көп өтпөй адамдар бала бакчасыз болбой турганын түшүнүштү. “Нур-Бакча” бала бакчасынын ишин жандандыруу тууралуу демилге-

ни жергиликтүү лидер Э.Ш. МУСИНА көтөрүп чыгып, аны айыл өкмөтүнүн кызматкерлери колдоого алышты. Биринчи кезекте Жер-Казар, Дружба жана Н.Норус айылдарындагы үй кожолуктарын кыдырып чыгышып, анын жүрүшүндө мектепке чейинки билим берүү мекемесинин ачылышы – жамааттын артыкчылыктуу маселеси болгону аныкталды. Ошондой эле бала бакчанын кызмат көрсөтүүлөрүнө өзгөчө муктаж болгон үй-бүлөлөрдүн тизмеси түзүлдү. Андан соң КР Юстиция министрлигинде МЧМдин Уставы, ал эми райондук финансы бөлүмүндө штаттык ырааттама бекитилди. “Нур-Бакча” иштеген алгачкы жылы ар бир баланын тамактануусуна 18 сомдон каражат жергиликтүү бюджеттен бөлүнүп турду, ата-энелер болсо 32 сомдон кошумча берип турушту. Кийинки жылы ата-энелер чыгашалардын бул беренесин толугу менен өздөрү каржылай башташты. Жаңы түзүлгөн ата-энелер комитети “Нур-Бакчанын” бардык муктаждыктарын чечүүгө жигердүү түрдө жардам берип келет. Жергиликтүү администрация жыл сайын мектепке чейинки билим берүү мекемесинин ремонтун жасап турат.

Кайрадан иштей баштаган “Нур-Бакча” алгачкы күнүнөн баштап жергиликтүү администрацияга, ата-энелер комитетине жана райондук билим берүү бөлүмүнө отчет берип турат.

2014-жылы КР Финансы министрлиги 2 500 000 сом көлөмүндө дем берүүчү үлүштүк грант бөлүп берген. Бул каражат экинчи корпустун ремонтуна колдонулган. Мунун натыйжасында кошумча төрт группа ачылган. 2015-жылы райондук билим берүү бөлүмүнүн демилгеси менен кореялык SavetheChildren Долбоорунун алкагында бала бакчанын аймагында оюн аянтчасы курулган. Бул болсо балдардын таза абада ойноп, чуркап, ден соолугун бекемдөөсү үчүн шарт түздү. Ушул эле жылы демөөрчүлөрдүн жардамы менен эки группа үчүн эмерек сатып алдык. 2017-жылдын август айында “Нур-Бакчанын” аймагында араб



демөөрчүлөрү скважинаны казып беришти, эми ал жактан сугаруу жана кийим-кече жууш үчүн суу чыгып турат. Ушул эле жылы ФИНКА өнүгүү банкынын жардамы менен даярдоо группасындагы наристелер үчүн оюн аянтчасы курулду.

Бала бакчанын тарбиялануучуларынын ата-энелери – Р. ЧОТУНБАЕВА, А. ЖАМАКЕЕВА, И. КАЗАКОВА жана башкалар – жагымдуу, ыңгайлуу атмосфера жаратып, балдардын тарбиясы, өнүгүүсү жана билим алуусу үчүн шарт түзүп берген “Нур-Бакчанын” директору Э.Ш.МУСИНАга жана бардык кызматкерлерине терең ыраазычылыгын билдиришет. Алар мындай так жана бир калыпта аткарылган ишти атүгүл борбор калаадагы айрым бала бакчалардан да көрүүгө мүмкүн эместигин белгилешет.

Учурда бала бакчага ашкана үчүн жабдуулар абдан зарыл болуп турат. Эгерде биз конкурстан жеңип алсак, анда каражат электр мешин, чоң эки камералуу муздаткычты сатып алууга жумшалат. Мындан тышкары бизге үч компьютер жана бир түстүү принтер зарыл болуп турат. Мунун баары “Нур-Бакчанын” шарттарын жакшыртууга жардам бермек.

Кийинки жылга пландарыбыз – биринчи корпусту ремонттоп чыгуу. Бул болсо 80 орундуу дагы эки группаны ачууга көмөкчү болуп, аймактын мектепке чейинки мекемеге болгон керектөөсүн толугу менен канааттандырат.

***МУСИНА Эльмира,*** айылдын лидери

# Жаңы бала бакча менен жашоонун көркү чыга түштү

**Шарк АА, Ош облусу**

Шарк айыл өкмөтүнүн Маданият айылынын калкынын саны 7900 адамды түзөт. Улуттук курамын алып караганда, бул жерде түрктөр, өзбектер жана кыргыздар жашайт. Көпчүлүк үй-бүлөлөрдө балдар бар болгону менен, айылда бир дагы мектепке чейинки билим берүү мекемеси жок. Бул болсо ата-энелердин жашоосун татаалдаштырып жатат, себеби алар жумушун таштап, балдарын кароого мажбур же тууганадарына калтырышат, кээде үйдө жалгыз калтырып кетишет. Айрымдар балдарын шаардагы бала бакчага орноштурушкан.

Типтүү бала бакчанын эки кабаттуу имараты 1991-жылдан 2011-жылга чейин кароосуз калган, аны таштанды жайына айландырып, ичиндеги болгон инвентарларды туш тарапка ташып кетишкен болчу. Жергиликтүү активисттердин демилгеси менен айылдык чогулушта бала бакчанын имаратын калыбына келтирүү зарыл деген чечим кабыл алынып, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын дарегине тийиштүү сунуш жолдонгон. Бул маселе айылда жашаган ар бир экинчи үй-бүлөгө тиешелүү болгонун белгилей кетүү зарыл. Өзгөчө



аялдар кыйналды. Себеби жогорку билими тууралуу диплому болгону менен, алар бала багып үйдө отурууга мажбур болушкан. Ушундан улам башка бир көйгөй жаралды – жергиликтүү мектепте жана ФАПта кадрлар жетишпей калган. Бул эки көйгөй өз ара байланышта болгонун эсепке алуу менен, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун жетекчилери демилгени колдоого алып, зарыл болгон акчаны бөлүп берип, бала бакчанын ремонтун жасоо үчүн адистерди табышты.

Жумуштар белгиленген мөөнөттө жыйынтыкталып, үчтөн алты жашка чейинки курактагы 120 бала бул мектепке чейинки билим берүү мекемесине бара башташты. Ошол эле маалда кадрлардын жетишсиздиги өңдүү маселе да чечилди. Себеби буга чейин үйдө отурууга мажбур болуп келген энелердин көбү мектепке ишке орношту. Мындан тышкары 1991-жылдан бери кесиби боюнча жумуш таппай отурган аялдар бала бакчада ар кандай кызматтарга дайындалышты. Жергиликтүү жамааттын колдоосу менен бир нече айдан кийин бала бакчада дагы бир группаны ачышып, ага 2,5-3 жаштагы балдар



бара башташты. Бул тажрыйбаны ушул күнгө чейин ишке ашырып келе жатабыз. 2017-жылдын январь-май айларында райондук деңгээлде "Үй-бүлө жана жамаат менен кызматташтык" жана "Бала бакчадагы эмгек ишмердүүлүгү" деп аталган эки семинар өткөрүлдү.

2014-жылдан 2015-жылга чейинки мезгил аралыгында мекеменин аянтын кеңейтүү мүмкүн болду – жайкы ашкананы уюштуруп, бала бакчанын аймагын тосуп чыгышты. Айрым бөлмөлөрдө заманбап ремонт жасалды. Бул тажрыйбаны ПРООНдун Долбоорунун алкагында калктын жеке салымын колдонуу менен жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүдө пайдаланып жатабыз.

Долбоорду ишке ашырып жатканда биз ар бир элеттикке өткөрүлгөн иш-чаралар тууралуу мүмкүн болушунча көп маалыматты жеткирип турдук. Бул жерде айыл башчыларынын коомдук иш-чараларды өткөрүүдөгү салымын белгилей кетишибиз керек. Мындан тышкары айылда жашаган түрдүү улуттардын өкүлдөрү кирген комиссия демилгени ишке ашыруунун жүрүшүн көзөмөлдөп, ар бир этаптын ишке ашырылышы тууралуу отчетторду чогулуштарда угуп турду.

Жергиликтүү тургундардын балдарында мектепке чейинки билим берүү мекемесине баруу мүмкүнчүлүгү пайда болгону, муну менен кесиби боюнча ишке кайтып келген элеттик аялдардын турмуш шарты бир кыйла жеңилдегени, мунун натыйжасында үй-бүлөлүк бюджетке да оор болбой калганы негизги жыйынтык десек болот. Анткени айыл шартында ар бир жумуш – бул кошумча киреше эмеспи. Атүгүл айрым үй-бүлөлөрдө шаардагы жеке бала бакчага бир топ акча коротуу зарылчылыгы болбой калды – мурда жол кеткен акча чөнтөктө калды.

ЖӨБ органдарынын өкүлдөрү бул долбоор боюнча ачык жана айкын ишти камсыздап беришти, жумуштун ар бир этабы тууралуу калкка өз убагында, сапаттуу жана мүмкүн болушунча толук маалымат берип турушту. Муну көргөн адамдар эмгек жана акчалай салып кошуу менен бул демилгени ишке ашырууга барган сайын жигердүү боло баштады. ЖӨБ органдары жана райондук билим берүү бөлүмү тууралуу айта турган болсок, алар түрдүү уруксат берүүчү документтерди алууну, зарыл техниканы, адистерди берүүнү камсыздашты. Ошондой эле алар да акчалай салым кошушту.

Биздин ишибиз тууралуу райондук гезиттерге макалалар жарыяланганына байланыштуу тажрыйбабыз көпчүлүккө белгилүү болуп, башка элеттик жамааттар аны үлгү катары кабыл алышты.

"Менимче, бала бакчанын имаратын калыбына келтирүү жана балдарыбыз үчүн шарттарды түзүп берүү менен айылда жашоонун көркү чыга түштү. Акыры элеттиктердин көптөн берки кыялы да орундалды. Жашоочулардын атынан көйгөйдү аныктап, аны чечүү жолдорун сунуштаган демилгечилерге ыраазычылыгымды билдиргим келет. Анткени алар

бизге ишеним беришти. Ошондой эле элеттиктердин күнүмдүк түйшүгүн жеңилдеткен бала бакчанын кызматкерлерине да ыраазычылыгымды билдирем. Бул имаратты жаңылоого салымын кошкон айылдын ар бир тургунуна, инвестициялары менен жардам берген чет өлкөлүк донорлорго, айыл өкмөтүнүн кызматкерлерине рахмат. Баарыңарга чың ден соолук, узак өмүр каалайм. Ар бириңерге “мыкты” деген баа коем. Бизде ушундай демилгелүү жаштар жана берешен ишкерлер көп болсун”, – деп айтты пенсионер Халида ХАСАНОВА.

“Бүгүн демилгечи болгон ар бир адамга, ремонт иштерин бүтүрүү үчүн карга же жамгырга карабастан чын дили менен иштеген ар бир адамга, ошондой эле башчыдан тартып кароолчуга чейин бала бакчанын ар бир кызматкерине, акчалай да, эмгеги менен да, жылуу сөз айтып да жардам берген ар бир жашоочуга ыраазычылыгымды билдиргим келет. Ар бириңердин үйүңөргө береке, тынчтык, бекем ден соолук каалайм. Дайыма бийик болгула. Мен силерге “мыкты” деген баа коем”, - деп айтты айылдын башчысы Капар ака.

Сөз соңунда сандарды келтирсек: бул долбоорду аткарууга 2 222 000 сом сарпталды. Алардын ичинен имараттын капиталдык ремонтуна 1 800 000 сом; жайкы ашканага 60 000 сом; бастырманын курулушуна 60 000 сом; мешке 100 000 сом, котелго 202 000 сом сарпталды. Бул акчанын баары ЖӨБдүн бюджетинен, элеттиктерден, ишкерлерден жана балдардын ата-энелеринен түштү. Мындан тышкары 750 000 сом ПРООНдон келди.

Эгерде биздин долбоор колдоо тапса, анда байге фондунун каражатын заманбап оюнчуктарды жана окутуучу оюндарды, компьютерди, электрондук тактаны сатып алууга жумшайбыз. Мунун баары балдарга айлана-чөйрөнү таанууга, акыл-эсин өнүктүрүүгө, сүйлөө речин жана ой жүгүртүүсүн кеңейтүүгө жардам берет.

**Айткан ЖОЛДОШЕВА,**
“Маданият-Бүчүр” бала бакчасынын директору



# Айшанын өз бала бакчасы бар

**Юрьевка АА, Чүй облусу**

Юрьевка айылдык аймагы Ысык-Ата районунун жогорку зонасында орун алган. Калкынын курамы көп улуттардан турат. Бул жерде кыргыздар, орустар, немистер, күрддөр, Тажикстандан келген этникалык кыргыздар, Баткен облусунан көчүп келгендер жашайт.

Айылда албетте балдар көп, бирок мектепке чейинки билим берүү мекемеси жок. Буга чейин жергиликтүү аткаминерлер мурдагы бала бакчанын муниципалдык имаратын оңдоого аракет жасап келишкен. Бирок аракеттен майнап чыккан эмес – акча да, бала бакча да болгон жок.

Эки жыл мурда биздин үй-бүлөдө Айша аттуу кыз төрөлүп, бала бакча тууралуу маселе ошол заматта пайда болду. Анткени Юрьевкада бала бакча жок эле. Үй-бүлөбүз менен кеңешип, Айша чоңойгончо бул маселени өз күчүбүз менен чечели деген бир пикирге келдик.

Бул демилгенин пайдалуу жактарын эске алдык: бала бакчаны ачып берүүнү көптөн бери биздин айылдын тургундары суранып келатышат. Атүгүл бала бакча кошуна айылдарда – Санташта, Аксайда, Кызыл-Арыкта, Жетигенде, Тельманда, Рот-Фронтто да жок эле. Бала бакчага бериле турган имарат жана анын ыңгайлуу жерде орун алышы маанилүү болду. Маселенин финансылык жагын карай турган болсок, мен ишкер болгондуктан бул кеп эмес эле. Анын үстүнө жергиликтүү өз алдынча



башкаруунун жетекчилиги да көйгөйдү чечүүгө кызыкдарлыгын билдиргени үмүт берип турду.

Алдын ала эсептөөлөрдү жүргүзгөндөн кийин мен жергиликтүү өз алдынча башкаруунун жетекчиси Бек Русланович ЖЕКШЕМБАЕВге бизнес долбоорум тууралуу айтып берип, имаратты көрсөтүп, оюн аянтчасы жана сейилдөөчү зона үчүн имаратка чектеш жер участогун бөлүп берүү тууралуу маселени жергиликтүү кеңештин депутаттарынын талкуусуна алып чыгууну өтүндүм.

Б.Р. ЖЕКШЕНБАЕВ кунт коюп угуп чыккан соң демилгени колдоого алып, эрте жазда курулуш-ремонт иштерин баштадык. Бардык санитардык-техникалык эрежелер сакталып, "экологиялык таза материал" деген белгиси бар курулуш материалдары гана сатып алынып, жаңы жылытуучу система жана электр линиясы өткөрүлүп, имараттын чатыры толугу менен жабылып, терезелер жана жыгачтан каалгалар орнотулуп, желдеткич киргизилип, суу менен жабдуу системасы жаңыланып, балдар үчүн дааратканa курулуп, жуунучу, кол жуучу жайлар орнотулду.

Райондук инстанциялар биздин демилгеге түшүнүү менен мамиле жасашты: кеп-кеңештерин берип, пайда болгон маселелерди чечүүгө көмөктөшүштү.

Шаар куруу жана архитектура боюнча Ысык-Ата райондук башкармалыгынын жетекчисине жана Ысык-Ата райсанэпидемстанциясынын директоруна моралдык колдоосу жана кесипкөйлүгү үчүн ыраазычылыгымды билдиргим келет.

Юрьевка айылдык кеңешинин депутаттары оюн аянтчасын курууга жер участогун бөлүп берүү тууралуу арызымды карап чыгышып, өткөрүлгөн аукциондун жыйынтыгы боюнча 15 жылдык мөөнөткө алгылыктуу акыга жерди ижарага беришти.

Бирок баары эле ойдогудай боло берген жок. Башкы прокуратурага жана УКМКга жер мыйзамсыз бөлүндү деп билдирген депутат да чыкты. Бул органдардын бардык текшерүүлөрүн татыктуу кабыл алып, ишибизди коргоп берген айыл өкмөтүнүн башчысына ыраазычылыгымды билдирем.

Курулуш-ремонт иштерин жыйынтыктагандан кийин мен Бишкек шаарынан эмерек фирмасынын дизайнерин чакырып, биргелешкен аракеттер менен ашкана, оюн залы, окуу классы, уктоочу бөлмө жана кийим которуу жайы үчүн жабдууларды жана эмеректерди дыкат иштеп чыктык. Мында бардык нерсе эске алынды: материалдар, коопсуздук, боёктор, түстөр, эстетикалык көрүнүшү, баасы.

Бөлүнүп берилген жер участогу өтө начар абалда болчу. Биз аны ойдогудай абалга келтирүү үчүн бир топ аракет жумшадык. Бул жерде ушул тапта балдар үчүн чатырча, чакан үйлөр, селкинчектер, кумжайы, тартынгычтар орнотулган.

3,5 миллион сом көлөмүндө өзүбүздүн финансы каражаттарыбыз жетпей калгандыктан Ишкерчиликти өнүктүрүү фондуна кайрылып, 1 млн. сом көлөмүндө насыя бөлүп берүүнү өтүндүм. Фонддун директору МАКЕШЕВ менин арызым менен кунт коюп таанышып чыгып, бул сумманы бөлүп берди жана менин мисалымда "Мен Кыргызстанга инвестициялайм" деп аталган теледолбоор үчүн видеоматериал тартылды. Бизнес долбоорду ишке ашыра баштагандан тартып, аны жыйынтыктаганга чейинки ишибиз толугу менен тартылды.

Бул тасма бир нече телеканалдан көрсөтүлгөндөн кийин тажрыйба менен таанышып, аны өздөштүрүү үчүн мага башка райондордон ишкерлер келе башташты.

Биздин бала бакчанын эшиги бардык балдарга ачык. Кошуна айылдардан балдарын алып келгендер да бар. Бизде ата-энеси Орусияда же Түркияда иштеген балдар бар. Үй-бүлөлүк абалынын начардыгынан ата-энеси иштегенге тоскоол болбосун деп кичинекей бөлмөдө камалып келген бала да бар. Жер участогун оюн аянтчасына берүүгө каршы чыккан адамдардын балдары жана неберелери да келип турат. Бирок мен үчүн эң негизгиси – эми кызым Айшанын өзүнүн бала бакчасы бар.

Жакында эле Забид аттуу баланын чоң энеси төрткө чыгып калган неберееси сүйлөй баштаганын угуп кубанганынан көзүнө жаш алды. Орусияда иштеп келген дагы бир эне баласын көргөнү келип, мындан ары Темирланы үчүн санаасы тынчып калганын айтты.

Байге фондунун акчасын биз эмнеге сарптайбыз? Жообу өтө жөнөкөй. Кыш түшүп калды. Он тонна көмүр сатып алып, 25 сотик участокту тосмолоп, жашылдандырабыз – карагай, кайың, туя, кырчын өңдүү бак-дарактарды отургузабыз.

**БЕКБОЕВА Гүлсайра,**
бала бакчанын директору



# Айылдагы мыкты көчөлөр ЖӨБдүн сыйлык алышат

**Ак-Муз АА, Нарын облусу**

2017-жыл Маданият жана ыйман жылы деп жарыяланды. Буга байланыштуу Ак-Муз айылдык аймагынын жашоочулары аймактын мыкты көчөсүн аныктоо үчүн конкурс өткөрүүнү чечишти. Жергиликтүү жамааттын жетекчилиги атайын буйрук чыгарып, байге фондун тузүү үчүн 300 000 сом бөлүп берүү менен элеттиктердин демилгесин колдоого алды.

Жеңүүчү бир нече критерий менен аныкталды. Биринчиден, массалык иш-чараларды, анын ичинде "Ыр кесе" конкурсундагы активдүүлүгү боюнча тандалды. Программаны түзүп жатканда даярдалган улуттук тамак-аштын сапатына жана тышкы көрүнүшүнө, конкурстун катышуучуларынын улуттук каада-салттарды карманганына, белгилүү авторлордун музыкалык чыгармаларын да, фольклорду да аткаруусуна, "Манас" айтууга, улуттук жана дүйнө элдеринин бийин аткарууга, кийимдердин көргөзмөсүнө жана алар менен тааныштырууга, юморго жана сатирага, сахнанын кызыктуу коозделушуна жана башкаларга көңүл бурулду. Башкача айтканда, жогорку жоопкерчилик, сахна маданияты жана актердук чеберчилик менен кошо көчө жамааттардын чыгармачыл мүмкүнчүлүктөрүн мүмкүн болушунча мыкты көрсөтө алуусуна көңүл бурулду.

Экинчиден, көчөлөрдүн тазалыгы жана көрктөндүрүлүшү эске алынды – бул демек жашылдандыруу жана тазалоо, арыктарды жыйноо, арыктардан суу берүү боюнча ишембиликтер өткөрүлүш керек болчу.

Дагы бир милдеттүү пункт – көчөнүн тургундары канчалык өз убагында төлөмдөрдү чегерип тураары текшерилди. Анын ичинде жайыттарды колдонуу, электр жарыгы жана ичүүчү суу үчүн төлөмдөр, салыктык жыйымдардын жана жергиликтүү төлөмдөрдүн бардык түрлөрү төлөнүп-төлөнбөгөнү текшерилди.

Акыр соңунда көчө тургундары мал жаюу, коруктарды сактоо өңдүү айылдын ички эрежелерин канчалык сактай турганына баа берилди.

Конкурсту жыл ичинде өткөрүү пландалган. Ар бир көчөдөн бирден өкүл көрсөтүлүп, алардан конкурстук комиссия түзүлдү. Бул комиссия белгиленген критерийлер боюнча көчөлөрдүн абалы менен таанышып чыкты. Конкурстун жыйынтыгы жыл соңунда жарыяланат. Жеңүүчүлөр үч байгелүү орун боюнча аныкталат. Утуп алынган каражат ошол көчөнүн көйгөйлөрүн чечүүгө багытталат: ички жолдорго шагыл төгүлөт, көчөлөрдө түнкүсүн жарык берилет, таштанды челектери орнотулат, трансформаторлордун иши оңолот, көрктөндүрүү жана жашылдандыруу боюнча иш-чаралар өткөрүлөт ж.б. Каражаттын максаттуу колдонулушуна атайын комиссия, жергиликтүү кеңештин депутаттары жана айыл өкмөттүн жетекчилиги көз салып турат.

Жеңиш маанилүү болгону менен, бул конкурстун негизги максаты эмес. Мындай жергиликтүү демилгенин негизги максаты – калктын маданий убакыт өткөрүүсүн уюштуруу, элдик таланттарды издөө, аларга сахнага чыгууга мүмкүнчүлүк берүү, жаштар арасындат аракечтикти, баңгиликти жана зордук-зомбулукту алдын алуу, кошуналар арасында ынтымакты жана тынчтыкты бекемдөө, айылдын өзгөчө курч көйгөйлөрүн аныктап, аларды чечүү жолдорун издөө, төлөмдөрдүн бардык түрлөрүн өз убагында төлөөнүн эсебинен бюджеттин киреше бөлүгүн көбөйтүү.

Бул максаттарга жетүүдө түрдүү көчөлөрдүн жашоочулары ортосунда конкурстун шарттары менен камсыздалган атаандаштык да бир топ ролду ойнойт.

Конкурстук тапшырмаларды аткаруу процессинде Ак-Муз айылынын батыш бөлүгүндө, айыл чарба максатында колдонууга жараксыз деп таанылган алты гектар жердин аймагында сейил бак отургузушту. Аны тосмолоого жергиликтүү бюджеттен талдын 6100 түбү, 4900 терек, 2100 мажрүм тал, 126 карагай, 28 түп ийне жалбырактуу, 2200





өрүк, 300 даана жида, 206 түп Тянь-Шань карагайы отургузулду. Жаратылышты коргоо боюнча Ысык-Көл-Нарын фондуна жалпы суммасы 950 000 сом болгон гранттык долбоор жаздык.

Натыйжада буга чейин эч нерсе өспөйт деп эсептелип келген таштак жер көрктөндүрүлүп, бул болсо аймактын экологиялык абалын жакшыртты. Келечекте бул жерде элеттиктердин үй-бүлөлүк эс алуусу үчүн кооз сейил бак пайда болот деп ишенебиз.

Мындан тышкары Боогачы орто мектебинин бүтүрүүчүлөрүнүн демилгеси менен айылдын батыш бөлүгүндө орун алган борбордук көчөдө түнкүсүн жарык берип турган 18 чырак орнотулду. Бул болсо жергиликтүү жашоочулардын, коноктордун жана экскурсияга келген туристтердин коопсуздугун бир кыйла арттырды.

Ак-Муз айылынан 80 км аралыкта жайгашкан Жылаңач жайлоосунда суу кирип, кыяны жууп кетти. Ошондуктан жергиликтүү малчылар малды Арчалуу дарыясынан өткөрүп жаткан учурда кыйналып жаткан эле. Айыл өкмөтүнүн, жайыт комитетинин, айылдык кеңештин депутаттарынын жана жергиликтүү жашоочулардын биргелешкен демилгеси боюнча бул жерге темирден көпүрө курушуп, кыяны бекемдөө боюнча жумуштар жасалды. Натыйжада жайыттардын инфраструктурасы оңолуп, малды коопсуз айдап келүү үчүн шарттар түзүлдү.

Эгерде биз байге фондун жеңип алсак, анда бул жергиликтүү демилгени жана аймактагы көйгөйлөрдү жоюу боюнча жамааттын жаңы идеяларын ишке ашырууну уланта беребиз.

**ДОСОЕВА Айзат,**
айыл өкмөттүн статист, адиси

# Жамааттар кантип жолдордун ремонту, электр менен жабдуу жана атүгүл .... жердин жоктугу өңдүү маселелерди чечип жатат

**Гүлистан АА, Ош облусу**

Ноокат районундагы Гүлистан айылдык аймагынын чегинде 20 миңге жакын адам жашайт. Аталган аймактын Фрунзе айылындагы Кызыл-Сай жаңы конушунун калкынын саны 6500 адамды түзөт, башкача айтканда 920 үй-бүлө жашайт. Булардын басымдуу бөлүгү жаш үй-бүлөлөр. Бул турак жай массивинде инфраструктурага байланыштуу чечилбей жаткан көйгөйлөр көп: ички жолдордун абалы начар, электр жарыгы өчүп турат, мектептер, бала бакчалар, балдар үчүн коопсуз оюн аянтчалары жок. Ал арада айылда 3-4 балалуу үй-бүлөлөр аз эмес. Жумушсуздуктун деңгээли болсо жогору.

Жергиликтүү бюджет чектелүү болгондуктан айыл өкмөтү аталган көйгөйлөрдү өз алдынча чече албай келет. Буга байланыштуу жашоочулар айылдын көйгөйлөрүн өз алдынча жана биргелешип чечмей болушту. 1996-жылы эле “Абад дала” жамааты түзүлгөн. Уюмдаштыруу чогулушуна 154 киши катышкан, алардын арасында айыл өкмөтүнүн өкүлдөрү, жергиликтүү кеңештин депутаттары, бейөкмөт уюмдардын жетекчилери бар. Бейөкмөт уюмдардын мүчөлөрүнүн жардамы менен калк көйгөйлөрдү аныктоонун усулдарын өздөштүрүп, аларды талкуулап, эң артыкчылыктууларын тандап

алууну үйрөнүштү. Биргелешкен иштердин натыйжасында жолдордун начар абалы, электр энергиясына байланышкан көйгөйлөр, ичүүчү суунун жетишсиздиги жана балдарды тарбиялоо үчүн шарттардын жоктугу бүгүнкү күндө жашоочулар үчүн артыкчылыктуу маселе катары табылган.

Андан соң демилгелүү топту түзүшүп, биргелешкен аракеттер планын иштеп чыгышты. Топ жамааттын, бейөкмөт уюмдардын лидерлери, айыл өкмөттүн өкүлдөрү менен иш алып барды. 1998-жылы жалпы узундугу 1 км 400 метр болгон жолдун ремонту (шагыл төгүү жолу менен) ушул алгачкы демилгени ишке ашыруунун жыйынтыгы болуп калды. Калктын өз салымы 168 миң сомду түздү.

Андан кийинки мезгилдерде 2001-жылга чейин "Абад дала" жамааты өз демилгеси менен жана "Каунтерпарт инт." уюмунун колдоосу алдында жалпы узундугу 2,1 км болгон айылдын жети көчөсүн оңдоп чыкты. Бул долбоордун жалпы баасы 272 миң сомду түздү. Бул суммадан 25 миң сомду жашоочулар өздөрү чогултушту.

2002-жылдан 2006-жылга чейинки мезгил аралыгында электр жарыгына байланышкан маселени чечишти. Бул үчүн үч трансформатор, 70 устун орнотулуп, 14 км аралыкка кабель тартып келишти. Натыйжада бардык көчөлөргө жарык жетти. Мында чыгымдардын жалпы суммасы 1 млн. 254 миң сомду түздү. Ал эми калктын жеке салымы бул сумманын 70% түздү. Баса, бул сумма акча каражаттарынан гана эмес, өз күчү менен жүргүзүлгөн иштердин баасынан да куралды. Калган 30% айыл өкмөтү жергиликтүү бюджеттен бөлүп берди.

2006-жылы АРИС программасынын колдоосу менен жергиликтүү жашоочуларды ичүүчү суу менен камсыздоо боюнча долбоорду ишке киргизе башташты. Натыйжада 1,2 км болгон участокто суу түтүгү курулду.

Жогоруда саналган демилгелерди ишке ашырууда жана көйгөйлөрдү өз алдынча чечүү тажрыйбасын топтоодо жергиликтүү жамаатта биргелешкен аракеттер менен көптөгөн ийгиликтерге жетсе болот деген түшүнүк калыптанды.

2005-жылдан тартып "Абад дала" жамаатынын мүчөлөрү арык тарамын тазалоо жана жакшыртуу, сууну үнөмдүү пайдалануу, лотокторду куруу боюнча иштерди башташты. Ошондо да калк 55 миң сом чогултуп, бул акчага лоток үчүн траншея казып чыгышты. Учурда аны орнотуу иштери жүрүп жатат. Бул үчүн цемент, шагыл, торчо жана башка материалдарды жергиликтүү тургундар өз каражатына сатып алышты.

Кызыл-Сай турак жай массиви Ноокат-Кызыл-Тейит трассасына жакын жерде жайгашкан. Жолдун экинчи бетинде жергиликтүү тургундардын айыл чарба жерлери орун алган. Ошондуктан бул жерде дайыма автотранспорттун жандуу кыймылы байкалат. Жаңы конуштун тегерегинде балдар аянтчасы болбогондуктан балдар жолдун боюнда ойногон учурлар да аз эмес. Бул болсо ар кандай кырсыктарга себепчи болууда. Ошондуктан жергиликтүү тур-



гундар Гүлистан айыл өкмөтүнө кайрылып, балдар аянтчасынын курулушуна байланышкан маселени чечип берүүнү өтүнүштү. Анткен менен бул участокто муниципалдык жерлер жок, ошондуктан участокту бөлүп берүү мүмкүн болгон жок. Бирок мындай жооп жергиликтүү активисттерди токтото алган жок – алардын бири жеке жер участогунан 300 чарчы метр бөлүп берип, ал жерде балдар аянтчасынын курулушу башталды. Жамааттын аракети менен эки жылдын ичинде бул жерде өз колу менен жасалган оюн конструкциялары пайда болду. 2017-жылы жашоочулар Гүлистан айылдык кеңешине тротуардын курулушуна каражат бөлүп берүү жана жарыктандыруу маселесин чечип берүү өтүнүчү менен кайрылышты. Натыйжада жергиликтүү бюджеттен бул максатта 50 миң сом бөлүндү.

Кызыл-Сай турак жай массивинде жана жалпысынан Гүлистан айылдык аймагында болгон өзгөрүүлөр райондогу башка калктуу конуштар үчүн мисал болуп калды. Айталы, Бостон участогунун тургундары Жаңы-Абаддын жашоочулары менен биргелешкен аракеттерди мобилдештирүү жолу менен ички жолдордун 2,5 километрин ремонттоп, асфальт төшөп чыгышты. Жашоочулардын өз салымы 40% түздү (2,5 млн. сом). Айыл өкмөтү ички резервдерден каражат таап берди. Элеттиктер жергиликтүү бюджетке байланышкан маселелерди ачык талкуулай башташты. Жергиликтүү жамаат менен айыл өкмөтүнүн кызматташуусу активдешти. Жергиликтүү бийлик жарандардын демилгесин колдой баштады.

"Жергиликтүү жамаат өз көйгөйлөрүн аныктоого, аларды чечүү жолдорун издөөгө жигердүү катышыш керек. Анткени бул маселелер биринчи кезекте алардын өздөрүнө тиешелүү. Бул мисалдар менен биз ушул өңдүү долбоорлорду аткарууга жергиликтүү органдарды кантип тартса болоорун көрсөткүбүз келди", деп айтты "Жаңы-Абад" жамаатынын аксакалы Мамадалы ажы.

"Биз, бейөкмөт уюмдар, жамааттын уюштуруучулук маселелеринин башында туруп, айыл өкмөтүнүн өкүлдөрүн тартып, алардын ортосунда көпүрөнүн милдетин аткарып, жергиликтүү көйгөйлөрдү чечүүгө жардам беришибиз керек", - деп ишенет Ноокат ЦПГОнун кызматкери А. АБДУРАИМОВ.

"Биз "Абад дала" жамаатынын ишинин мисалында күч – бирдикте деген сөз канчалык туура болгонуна ынандык. Биз жарандарыбыздын мындай де-



милгелерин ар тараптан колдоого милдеттүүбүз",- деп сөзүн жыйынтыктады Гүлистан айылдык аймагынын юристи А. ЭРКЕБАЕВ. Мындай пикирлер бизге чоң дем берет, биз мындан ары да тажрыйбабыз менен бөлүшүүгө даярбыз.

Байге каражатын биз балдардын оюн аянтчасына жабдууларды сатып алууга жана мындан ары да жол-жоболоштурууга багыттайбыз. Ал жерде жыгачтан жасалган аттракциондор турат. Учурда алар коопсуздук техникасынын талаптарына жооп бербейт. Эки жыл ичинде баары эскирди – жаңы, заманбап конструкцияларды орнотууга мезгил жетти.

**Абдували ХУДАЙБЕРДИЕВ,** "Абад дала" жамаатынын башчысы, Гүлистан айылы

# Жергиликтүү бюджеттеги чектөөлөрдү жалпы аракеттер менен жеңебиз

**Кара-Суу АА, Нарын облусу**

Көпчүлүк элеттик муниципалитеттердин, дотацияда турган айыл өкмөттөрдүн алдында ичүүчү суунун жана сугат суунун жетишсиздиги, ички жолдордун начар абалы ж.б. өңдүү маселелер курч турат. Ошондуктан бул маселелерди чечүүгө жергиликтүү калкты тартуу зарылчылыгы пайда болду.

Элеттиктердин колдоосу алдында бул көйгөйлөрдү жана аларды чечүү жолдорун аныктоо жеңил болот. Биз буга таза суу менен камсыздоо боюнча долбоордун үстүнөн иштеп жатып ынандык. Кара-Суу айылдык аймагынын Мантыш айылында жайгашкан 500 чарчы метрге жалгыз скважина жана резервуар Ак-Талаа, Мантыш жана Кызыл-Дөбө айылын толугу менен камсыздоого жөндөмсүз. Айыл өкмөттүн кызматкерлери, ТСКАКБ жана айылдык кеңештин депутаттары жергиликтүү тургундарды тартышты.

Бул иштердин процессинде 2016-жылдын жай мезгилинде резервуардан үч километр аралыкта турган булакта үч айылдан 123 жигиттин күчү менен ашар жолу аркылуу тереңдиги 1,5 м болгон траншеяны казышты. 529 миң сом көлөмүндө тартылган инвестициялардын эсебинен суу түтүк трубалары жана башка жабдуулар сатып алынды. Булак суусу резервуарга түшүп, муну менен бул айылдарда жашаган 4123 адамды, үч бала бакчаны жана эки мектепти ичүүчү суу менен камсыздоо көйгөйү 65-70% чечилди.

Мунун баары жергиликтүү калк эгерде бардык кызыкдар жактардын катышуусу менен биргелешкен иш жөнгө салынса, ийгилик сөзсүз болот деп ишенүүгө жол ачат. Өз отчетторунда айыл өкмөтү айыл дотацияда турганын, буга байланыштуу мүмкүнчүлүктөрү чектелүү болгонун ачык мойнуна алып келген. Калк буга түшүнүү менен мамиле жасап, соңку учурларда жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүдө жергиликтүү тургундардын активдүүлүгү жогорулаганы байкалат.

Айталы, 2016-жылы айылдык аймактын Ак-Талаа, Орток, Мантыш, Кара-Мойнок жана Кызыл-Дөбө айылдарынын тургундары техниканы ижарага алуу үчүн 321 миң сом чогултушту, 210 адам ашар жолу менен Сөөк айылындагы узундугу 8 км болгон жолду оңдоп чыгышты. 2017-жылы Кызыл-Дөбө айылынын тургундары 200 миң сом чогултушту жана 75 киши өз күчү менен 4,5 км талаа жолун оңдошту. Мындан тышкары "Кызыл-Алыш" каналынын атайын техникасы үчүн жетүүгө оор болгон участокторунун 2,5 километри колго тазаланды. Андан келген сууга дээрлик 1100 гектар жер сугарылат. Бул жумуштарга 135 киши катышты.

Бул долбоорлорду ишке ашыруу калкта жергиликтүү көйгөйлөрдү чечүү үчүн жоопкерчилик сезимин пайда кылып, өз эмгегине аяр мамиле жасоого үйрөттү. Анткени аны аткарууга өз каражаттарын чыгарышты, өздөрү курулуш жана ремонт иштерине катышты. Албетте көп нерсе айыл өкмөтүнүн кызматкерлеринин, СПАнын жана ТСКАКБнын иш-аракеттеринен көз каранды. Алар багыт көрсөтүп, уюштуруу иш-чараларына жардам бериши керек. Бул болсо сөзсүз түрдө жалпы иштин жыйынтыктарына таасирин тийгизет.

Жогоруда белгиленгендей, Кызыл-Дөбө айылында ичүүчү суу менен камсыздалгандык болгону 65-70% түзөт. Ошондуктан бүгүнкү күндө совет жылдары эле курулуп, азыр иштебей турган суу ал-

гыч мунараны калыбына келтирүү үчүн инвестиция тартуу эң курч маселе болуп турат. Ушул тапта "Ас-салам" фонду колдоо көрсөтүүгө даярдыгын билдирди. Бирок реконструкциялоонун масштабы ири көлөмдөгү каражатты талап кылат. Ошондуктан донорлорду издөө иштери уланууда. Мындан тышкары Кызыл-Дөбө айылынын жашоочулары суу алгыч мунарадан 136 үй-бүлө жашаган жана мектеп, бала бакча орун алган айылга чейин 500 метр траншеяны кол менен казып чыгууга даярдыгын билдиришти. Эгерде биз ушул конкурстун байгесин утуп алсак, суу чыгаруу үчүн насос сатып алмакпыз.

Бул долбоорду ишке ашыруу үчүн биринчи кезекте аймакты толук суу менен жабдуу көйгөйүн чечиш керек. Мындан тышкары жалпы иш жарандардын жергиликтүү маанидеги түрдүү маселелерин чечүүдө азыркыдан да күчтүү активдүүлүгүнө көмөктөшөт, аларда айылдын турмуш шарттарын мындан ары да жакшыртууга болгон умтулуусун бекемдейт. Бул жергиликтүү демилге айылдык аймактагы башка айылдардын жашоочулары арасында дагы колдоо табат деп терең ишенип турабыз.

**Болот САДЫКОВ,**
Кызыл-Дөбө айылынын башчысы

# Жергиликтүү кеңеш браконьерлик жана аракечтик менен кантип күрөшө алат

**Байзак АА, Нарын облусу**



Байзак айылынын жашоочулары көптөн бери эле Байзак айылдык аймагынын чегинде жайгашкан Көлмө жайлоосундагы Жумгал дарыясында балыктын саны азайып бартканына даттанып келишкен.

Бул маселени жергиликтүү кеңештин сессиясында чечүү үчүн 2019-жылга чейин Байзак айылында аңчылыкка жана балык уулоого тыюу салуу жөнүндө токтом кабыл алынган. Бул токтомду аткаруу үчүн бир катар иш-чаралар талап кылынган. Биринчиден, токтомдун максаттарын түшүндүрүү үчүн жашоочулар арасында чогулуш өткөрүш керек болчу. Бирок учурда ар кандай чогулуштардын натыйжалуулугуна ишенгендер аз болуп, көптөр мындай иш-чараларды көңүл сыртында калтырганына байланыштуу калктын көңүлүн бурдуруунун башка түрлөрүн издөө чечими кабыл алынды. Ошондуктан жергиликтүү кеңештин депутаттары жаратылышты коргоо органдарынын өкүлдөрү менен биргеликте микрофондун жардамы менен тикелей ошол жерлерде түшүндүрүү иштерин жүргүзө башташты. Ошону менен бирге ар бир көчөнү машинеге орнотулган үн күчөткүч менен кыдырып, калк арасында түшүндүрүү иштерин жүргүзүп чыгышты.

Ошондон кийин калктан жергиликтүү кеңешке сунуштар түшө баштады. Алар менен таанышып чыккандан кийин иш-чаралар планы түзүлдү. Социалдык тармактарда жүргүзүлгөн иш дагы жакшы жыйынтыгын берди. Бул жакта жүргүзүлүп жаткан иштер тууралуу маалымат сүрөттөр менен тиркелип жарыяланып турду. Белгилүү болгондой, азыр жаштардын көбү социалдык тармактарда "отурушат" жана бул ыкма алардын көңүлүн буруу үчүн өзгөчө натыйжалуу болуп калды.

Аракеч адам менен жашаган үй-бүлөлөрдөн депутаттардын дарегине көптөгөн даттануулар түшүп турат. Айылдык кеңеш, айыл өкмөтү бул багытта калк менен биргелешкен иштерди жүргүзүп келет. Жашыруун кайрылган адамдар да болду. Бул адамдарда айыл өкмөтүнө жана айылдык кеңешке карата ишеним сезими пайда болгонунан кабар берүүдө. Анткени мурда элеттиктерде айыл өкмөтү калктын мүлкүн жок кылгандан башка эч нерсе менен алектенбейт, айылдык депутаттар эч нерсе чечпейт деген пикир калыптанып келген. Буга Советтер Союзу кулагандан кийин колхоз менен совхоздун мүлкүн менчиктештирүүнүн жүрүшүндө көп нерсе сатылып кеткени себеп болду. Айыл өкмөтү, ошондой эле жергиликтүү активисттер эл душманына айланып калган.

Бүгүн болсо айылдык кеңештердин депутаттары айылдын коомдук жашоосуна жигердүү аралашып келет, тигил же бул тапшырмаларды аткарууда калк менен чогуу иш алып барат, муну менен элеттиктердин ишенимине ээ болуп жатышат. Мисалы, айылдык кеңештин депутаттары аракечтик менен күрөшүү жаатында өлкөдө көрүлүп жаткан чараларга анализ жүргүзүп чыгышты.

Жергиликтүү соодагерлерден алкоголдук продукцияны сатып алып, аны андан ары жок кылуу

боюнча акцияларды өткөрүү максатка ылайык келбейт деген чечим кабыл алынды. Биринчиден, бул чоң көлөмдөгү акчаны бекер эле жок кылуу дегенди билдирет. Экинчиден, ошону менен эле айылда эч ким ичпей калат дегенге кепилдик жок. Аракечтикти адамдардын аң-сезимин, өз жашоосуна болгон көз карашын өзгөртүү жолу менен гана жеңүүгө болот.

Буга байланыштуу элеттиктер арасында "Аракечтикти кантип жеңсе болот?" деген сурамжылоо өткөрүлдү. Ошондой эле "Мен аракечтикке каршымын" деген акция өттү. Анын алкагында жаш элеттиктер милиция кызматкерлери, жергиликтүү кеңештин депутаттары жана активисттер менен биргеликте "Биздин келечек – арак ичпеген жаштар" деген ураан менен айылдын көчөсүн аралай жөө жүрүшкө чыгышты. Жүрүш жергиликтүү бийликтин имаратынын алдында жыйынтыкталып, депутаттар, милиция кызматкерлери жана айыл өкмөттүн өкүлдөрү жаштарга кайрылуу жолдошту. Акциянын экинчи этабы чакан футбол боюнча турнирди өткөрүү менен белгиленди жана ага сегиз команда катышты. Алгачкы үч байгелүү орунду ээлеген командаларга Ардак грамоталары жана акчалай сыйлыктар тапшырылды. Бул иш-чара сүрөткө жана тасмага тартылып, интернетке жайгаштырылды. Атүгүл биздин акцияны телевидениеден да көрсөтүштү.

Мындан тышкары, эмгекке, сергек жашоого, билимге жана адамдар ортосундагы тил табышууга үндөгөн тарбиялык мүнөздөгү кыскаметраждуу тасма үчүн мыкты сценарийге конкурс уюштурулду. Ошондой эле райондук маданият башкармалыгы аркылуу айыл жашоочулары арасында тасмада роль ойной тургандарга кастинг жарыяланды. Анын жыйынтыгы боюнча жеңүүчүлөр аныкталып, алгачкы үчөөнө сыйлыктар тапшырылмакчы. Бул тасмаларды республикалык масштабда көрсөтүүнү уюштуруу пландары да бар.

Аракечтикке каршы иште маалымат такталары да натыйжалуу болот деп ойлойбуз. Бул жерге аракты көп ичкен элеттиктердин сүрөттөрүн, мындай жарандарга таасир этүү чаралары, ошондой эле айылдын санитардык абалын жакшыртуу жана кирдетип жаткандарга көрүлгөн чаралар тууралуу маалыматтарды жайгаштырса болот. 15-августта Байзак айылында жергиликтүү кеңештин депутаттары арасында өз ара мамилени бекемдөө максатында спорттук иш-чара өткөрүлдү. Ал албетте райондогу депутаттар арасында өз ара мамилелерди бекемдөөдө маанилүү ролду ойноду. Иш-чаранын алкагында Байзак айылдык кеңешиндеги кагаз өндүрүшү менен тааныштыруу өтүп, анын токтомдору талкууга алынды. Райондогу сегиз айылдык кеңешинен алты команда футбол боюнча беттешип, үч жеңүүчү айылдык кеңештин грамоталары, медалдары жана турнирдин кубогу менен сыйланды. Ушул эле күнү сый тамак уюштурулуп, анда да депутаттар кызматташуунун мындан аркы пландары тууралуу пикир алмашты.

Жогорку Кеңеш менен кызматташтыктын алкагында биздин эки жаш депутатыбыз "Жаштар платформасы" деп аталган акцияга катышышты.

Бул иштердин баары элет калкынын жергиликтүү бийликке болгон ишенимин кайтарууга, биргелешкен долбоорлорду ишке ашыруу үчүн аянтча түзүүгө багытталды.

Эң негизгиси – калкта талкууланып жаткан маселелер ар бир жашоочуга тийиштүү деген ой калыптанып, ал эми иштерди пландоого жеке катышуу жергиликтүү калк тарабынан активдүүлүктү шарттады.

Биздин демилгени ишке ашыруу үчүн, башкача айтканда жаратылыш коруктарында маалыматтык такталарды, таштанды таштоого тыюу салынганы тууралуу табличкаларды орнотуу үчүн жергиликтүү бюджеттен 30 000 сом, сүрөт жана видеого 8000 сом сарпталды. Спорттук иш-чаралар жана акциялар үчүн плакаттарды жана ураандарды даярдоого депутаттардын жеке каражаттарынан 15 000 сом бөлүндү.

Чогулуштарды өткөрүү үчүн жергиликтүү кеңеш ташып жүрмө такталарды жана видеокамераны, үн аппаратурасын сатып алууну пландоодо. Бул болсо жергиликтүү башкаруу органдарынын жана кеңештин иш-аракеттеринин айкындуулугун пайда кылуу үчүн мүмкүнчүлүктөрдү өркүндөтүүгө көмөктөшүп, элеттиктерге мындан ары көйгөйлөрдү жергиликтүү депутаттарга талап коюу жолу менен чечүүгө жардам берет.

**Таалайбек КҮЧМУРАТОВ,**
Байзак айылдык кеңешинин төрагасы

# Жашыл айыл – бул жөн эле кооздук эмес, ошону менен бирге ден соолук дагы

**Гроздь АА, Чүй облусу**

Качандыр бир кезде, ондогон жылдар мурда Гроздь айылдык аймагы ушунчалык жашыл болчу. Атүгүл бак-дарактардын көптүгүнөн элеттиктердин үйлөрү да көрүнбөй калчу. Жыл сайын бак-дарактар отургузулуп, алардын көбү тамырын жайып, өсүп кетчү. Бирок бүгүнкү күндө көптөгөн дарактар картайып, куурап калса, калгандары деле жыргап кеткен жери жок. Эгерде айылдын көчөсүн бойлой

бассаңыз, биринчи кезекте ээнсиреген, каралбай калган көчөлөр, дарактардын ордуна электр устундары жана кашаалар көзгө урунат.

Албетте бул жылдар бою ЖӨБО кызматкерлери жыл сайын айылдын көчөлөрүндө көчөт отургузуп, бирок сугарылбагандыктан жана арыктардын жоктугунан алардын бир тобу куурап калчу. Эптеп тамыр жайып кеткен бак-дарактарды үйлар жеп кетчү. Мал көчөттөрдү ырайымсыз жок кылып, өзүнөн кийин дээрлик жылаңач аймакты калтырып кетүүдө.

Элеттиктер мунун баарын кайгырып байкап отурган чакта жалгыз гана Сергей Лазаревич КУЗЬМИН жергиликтүү коозduктун көз алдында жоголуп баратканын мындан ары да кайдыгер карап отура берүүгө болбой турганын, кейий бергенден жыйынтык чыкпастыгын түшүндү. Кичи Мекенинин мурдагы кооздугу өзү эле кайтып келбейт, бул үчүн адамдардан конкреттүү аракеттер талап кылынат.

Сергей Лазаревич көп кабаттуу үйлөргө жанаша турган аймакты көрктөндүрүү сунушу менен кошуналарына жана досторуна кайрылды. Алар чогулушка катышып, ага айыл өкмөтүнөн өкүл катары жер түзүүчүнү чакырып, минималдуу каражатка кыска мөөнөт ичинде кантип өз көчөсүн жашылдандырып, көрктөндүрсө болоорун талкуулашты.

Ошентип үстүбүздөгү жылдын эрте жазында КУЗЬМИН өзүнүн жер участогунун беш сотигин коомдук муктаждыкка бөлүп берип, ошол жерге көчөт отургузмай болду. ЖӨБО жетекчилиги жердешинин демилгесин колдоого алып, бул беш сотикке Кузьминдин участогуна жанаша жайгашкан коомдук жерден дагы 15ин кошуп берди. Мындан тышкары теректин 100 көчөтү бөлүнүп берилди. Сергей Лазаревич өз акчасына 270 көчөт терек жана 30 түп түрдүү мөмө дарактарын сатып алды.

Башка элеттиктер болсо жерди семиртүү үчүн тезек чогултуп келишти. Бак-дарак отургузууга КУЗЬМИНдин үй-бүлөсүнүн бардык мүчөлөрү жана Заводская көчөсүндөгү көп кабаттуу үйлөрдүн жигердүү жашоочулары катышты.

Отургузулган дарактарды сактап калуу максатында С.Л. КУЗЬМИН өз эсебинен 37х60 метр болгон металлдан тосмо орнотту. Мындан тышкары ошол эле көчөдө жайгашкан соода түйүндөрүнүн





тегерегинде Сергей Лазаревич таштанды үчүн төрт урна орнотту. Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун жетекчилиги жашоочунун мындай аракеттерине баа берип, демилгени колдоого алып, таштанды үчүн кошумча үч чоң контейнер орнотту. Бул демилгени ишке ашыруу үчүн чыгашалардын жалпы суммасы 141 482 сомду түздү. Алардын ичинде С.Л. КУЗЬМИНдин өз каражаттары 71 700 сом болду, калктын эмгек салымы 52 500 сомго бааланды, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун жетекчилиги 27 023 сом бөлүп берди.

Ошентип 20 сотик жерде бак пайда болду. Дарактардын алты түрүнөн 400 көчөт отургузулду, мал оттоп кетпесин деп тосмо орнотулду, ал көп жылдар бою турчудай бекем орнотулду. Ал эми С.Л. КУЗЬМИНдин демилгеси айылдык аймактагы башка айылдардын жашоочуларын да үйлөрүнүн алдындагы аймакты көрктөндүрүүгө шыктандырды.

"Гроздь айылында мен өмүр бою жашап келатам жана куурап калган, азыр кыйылып жаткан бак-дарактарды бир кезде өзүм отургуздум эле. Качанкы бир кездери гүлдөгөн жашыл айылдын көркү качып, кунарсыз болуп калганын карап отуруп, жүрөгүм ооруп кетет. Айылыбыз жөн жеринен эле Гроздь деп аталып калбаса керек, бул жерде көптөгөн жер-жемиштер, салаңдап жүзүмдөр өсүп тураар эле... С.Л.КУЗЬМИНдин демилгесинин жана эмгегинин жыйынтыгын көрүп абдан кубандым – биздин айылдын сырткы көрүнүшүнө кайдыгер карабаган адамдар дале бар экен. Бул өсүп келаткан муун үчүн үлгү болуп калса экен деймин. Демилгечиге жана анын жолун жолдоочуларга ыраазычылыгымды билдирем", - деп айтты Гроздь айылынын жашоочусу, пенсиядагы Лариса ПРОХОРОВА.

Азыр Гроздь ААнын аймагында көп кабаттуу 12 үй бар, алардын тегерек чети көрктөндүрүлгөн эмес. Эгерде утуп алсак, байге фондунун каражатын Заводская көчөсүндөгү балдар аянтчасын тосмолоого багыттоону пландап жатабыз. Калган акчага беш көп кабаттуу үйдүн аймагына көчөттөрдү отургузабыз. Ошентип айылдык аймакты жашылдандыруу жана көрктөндүрүү көйгөйү чечилет, экологиялык жагдай жакшырат. Натыйжада бул элеттиктердин саламаттыгына оң таасирин тийгизет.

**КУЗЬМИН Сергей,**
Гроздь айылдык аймагынын тургуну

# Айдоочулар менен дыйкандар ортосундагы жаңжалды кантип жөнгө салууга болот

**Фрунзе АА, Чүй облусу**




Фрунзе айылдык аймагынын чегинде сугат мезгилинде сугаруучу тарам өткөн көчө жүргүнчүлөр үчүн гана эмес, автотранспорт үчүн да өтө алгыс абалга келет. Мында балдар менен сууда сүзө алган канаттуулар гана жыргашат. Көчөдөн өткөн машинелер көпүрөлөр менен арыктарды талкалоодо – машине бир эле жолу өтүп кетсе, суу көчөнү бойлой жайыла баштайт.

Бул көйгөйдү айыл тургундары 20 жылдан бери сугат мезгили башталаар алдында дээрлик ар бир чогулушта көтөрүп келишет. Бул маселени чечкенге аракет жасап да көрүшкөн: дамба түрүндө тосмо курушкан, кум да чачышкан. Бирок бул аракеттер авариялык кырдаалдарды пайда кылып, айдоочулардын нааразычылыгын жараткан. Мына ушунун айынан айдоочулар менен чарбагын сугарууга кам көргөн элеттиктер ортосунда жаңжал көп болуп турат. Бул жеке бир же эки адамга тиешелүү маселе эмес – ал 3000ден ашуун адамга тиешелүү болгон көйгөй. Бирок адамдарга эч ким жардам бере алган жок – акча дыйкандарда да, ЖӨБ органдарында да болгон эмес.

Бул мезгил аралыгында жаңы муун өсүп келди, калкта машиненин саны да көбөйдү, чоң жүк ташуучу машинелер – "КамАздар", жүк түшүргүчтөр, экскаваторлор пайда болду. Буга байланыштуу кырдаал да бир топ татаалдашты жана мындан ары чыдоого мүмкүн болбой калды. Кандайдыр бир чара көрүлүш керек эле.

Үстүбүздөгү жылдын жаз мезгилинде арык тарамы дээрлик толугу менен талкаланып, ушунун айынан сугат суу айылды толугу менен каптаган Подгорная, Верхняя, Смаилов көчөлөрүнүн тургундары жергиликтүү өз алдынча башкаруунун жетекчилигине кайрылып, асбест трубаларын сатып алууга жардам сурашты. Калганын жашоочулар өз күчү менен бүтүрүүгө убада беришти: майда кум алып келип, трубаларды төшөп, көпүрөлөрдү оңдой турганын айтышты. АА башчысы демилгени колдоп, асбест трубаларын сатып алууга бюджеттен 80 миң сом бөлүп берди. Жүк ташуучу унаалардын ээлери ар бир көпүрөгө 5 машинеден гравий ташып келишип, тегиздеп чыгышты.

Андан соң демилгечилер көчөлөрдүн тургундарын чогултуп, биринчи кезекте оңдош керек болгон эң көйгөйлүү жерлерди аныктоо үчүн комиссия түзүүнү сунушташты. Анткени жогорку сугат зонасын чукул арада оңдоого бардык көчөлөр муктаж болуп турат, алардын жалпы узундугу 5 километрди, ошондой эле 9 чолок көчөнү (1 км) түзөт. Ошондуктан 25 труба – бул жалпы керектөөдөн болбогон эле бөлүгү, бирок эң көйгөйлүү участокторду бөлүп алыш керек эле.

Чогулушта чоң жүк ташуучу унаалардын ээлери гравий алып келип берет, ал эми жашоочулар өз күчү менен трубаларды тошөп, арык тарамын ондойт деп чечилди. Ошентип, жалпы аракеттер менен сугат мезгили башталганга чейин сугаруучу арыктар аркылуу өткөн 25 көпүрө оңдолуп бүттү.

Бул сугат мезгилинде ЖӨБ органдарынын дарегине, аны менен катар АА башчысы М. КАРЫМШАКОВго, демилгечи Э.БОКУШЕВге жана бул ишке салымын кошкон баарына өтө көп жылуу сөздөр айтылып, тургундар ыраазычылыгын билдиришти.

"Эми балдарым оорубай калат. Анткени мурда алар чоң көлчүктөрдү басып өтүп, өрдөктөргө кошулуп алып эле сууга түшө беришчү. Бул ремонт иштерине катышкандардын баарына терең ыраазычылыгымды билдирем", - деп айтты айыл тургуну, алты баланын энеси А. АЙТКУЛОВА.

"Эми биз сугатка байланыштуу баш оорутпай калдык. Анткени оңой эмес акча төлөп жаткан суу көчөлөрдү каптабай калды жана биз баткак аралаш жашабай калдык", - деп кошумчалады айылдын дагы бир тургуну М. КОШОЕВА.

Жол ачылды – эми алгачкы йигиликке шыктанган адамдар сугат тарамын ондоо иштерин айылдын башка көчөлөрүндө да улантууну пландап жатышат. Дал ошондуктан байге фондунун каражатын асбест трубаларын сатып алууга жумшагыбыз келип турат.

БОКУШЕВ Эркин,
Фрунзе айылдык аймагынын жашоочусу